Экономикалык жана маданий жетишкендиктер Кыргызстандын союздук республикалар менен материалдык жана рухий баалуулуктарды алмаштыруусуна кеңири жол ачкан. Кыргыз маданиятын дүйнөгө таанытткан жазуучу Ч.Т. Айтматов, ырчы Б. Миңжылкыев, кинорежиссер Т. Океев, композитор М. Бегалиев, кыякчы Э. Асаналиев, кинорежиссер А. Абдыкалыковдордун эмгектери биздин маданиятыбыздын өнүгүшүнө баа жеткис салым кошту.

Руханий маданияттын негизги компоненттеринин бири болгон философиянын өнүгүшү жакшы жолго коюлган десек болот. “Философия – ой пикирде кармалып калган доор” (Гегель) экенине эч ким шектенбейт. Демек, коомдук аң-сезимдин бул формасы (калган формалар сыяктуу эле) объективдүү кубулуш. Бул жерде ары көөнөрбөс, ары табийгый – социалдык бир чындык жатат: ар бир элдин, анын ичинде сабатсыздардын да фольклордо чогултулган философиясы бар. Бирок аны өздүк аңдаш (самосознание) жана башка элдерге тааныштыруу үчүн кесиптин (профессионал) философтор керек экендиги коомдук зарылдык. Себеби коомдун демейки аң-сезимден теориялык деңгээлде көтөрүлүшүнө шарт түзөт “мындай секирик өз ичине эки жактуу диалектикалык жараянды камтыйт: биринчиден, интеллектуалдуу кызмаркерлерди даярдоо дүйнөнү теориялык ой жүгүртүү деңгээлинде өздөштүрүүнү талап кылат; экинчиден, түшүнүк – категориялык системанын жаралышы философиялык кадрлардын калыптанышына түрткү берген”,[6-27,28] - деп белгилейт А.И. Нарынбаев. Өткөн кылымдын 50 – жылдарында сөз болуп жаткан адистер Кыргызстанда да курала баштайт. Алар марксизм – ленинизмдин айрым теориялык масалелерин иштеп чыга башташат, кыргыздардын коомдук-философиялык ой-пикиринин тарыхын иликтешет. Биздин маданиятыбыздын ачык-тактыгын башка элге тааныту зарылдыгы бышып жетилди. Бул милдетти элибиздин алгачкы философтору, академик А.А. Алтмышбаев, А. Салиев, Б. Аманалиев, А. Табалдиев ж.б. моюндарына алышып, улуттук – профессионалдык философиянын негиздөөчүлөрү болуп калышты. Алардын эмгектерин элге кеңири жайылтуу учурдун жана келечектин иши.

Жогоруда айтылганарды жыйынтыктоо аркылуу төмөнкүдөй логикалык бүтүмдөрдү сунуштоо талапка ылайык:

-Кыргызстандагы руханий маданияттын өнүгүшү өзүнүн тарыхында татаал процесстерге дуушар болуу менен өнүгүп, кеңейип, ошо менен бирге эле өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап келгендиги диалектикалык процесстин иретинде жаңылануу цивилизациясынын мейкиндик-мезгилдик континуумунда ишке ашырылат;

- Дүйнөлүк практика көрсөтүп тургандай, кыргыз мамлекети үчүн эгемендүүлүккө өткөн капиталисттик, Европа жана Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбасын колдонуу, адам укугун чечүүдө, рухий баалуулуктарды иш жүзүнө ашырууда көмөк болоор эле деп ойлойбуз;

- Бул биздин жогоруда иликтеген иштерибиз кыргыз элинин руханий маданияттын өнүгүшү, өсүү темпи деп жыйынтык чыгарсак болот. Бирок аны рухий баалуулуктардын толук жыйындысы дегенден алыспыз.

- Дүйнөнүн тагдыры акыры келип рухий дүйнө маселелерине көз каранды, ал социалдык-экономикалык факторлордун гумандуу чечилүүсүнө таянаары бышык.

Адабияттар:

1. Баранов А.И. Расцвет культуры киргизского народа. – Фрунзе.1958.
2. Джунусов М.С. К вопросу о формировании киргизской социалисттической нации. - Фрунзе.1952.
3. Дуйшемалиев Т.Д. Очерк истории коллективизации сельского хозяйства Киргизии. – Фрунзе.1965.
4. Каниметов А. Культура возрожденного к новой жизни киргизского народа || Развития социалистической культуры в союзных республиках. -М.1962. Измайлов А.Э. Культурное строительство в Киргизской ССР. – Фрунзе.1959.

5. Карымшакова Г. Становление и развитие культуры Советской Киргизии.-Фрунзе.1960.
6. Нарынбаев А.И. Возникновение и развитие философии как науки в Кыргызстане. -Б. 1999.-С.27 – 28.

УДК: 371.3.(398.845)

Боронбаев А.Ж. ф.и.к., доцент, ОшМУ
Ормонов Р.А. окутуучу, ОГПИ

КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНДАГЫ ХОРДО ЫРДОО МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ТААСИРЛЕРИ

FORMING SINGING IN THE CHOIR IN KYRGYZ CULTURE

Аннотация: *Бул макалада биз хорду кабылдоонун жаңы ыкмалары менен таанышабыз. Дүйнөлүк жана орус композиторлорунун окуу методикасын колдонуу менен улуттук маданияттын калыптанышына шарт түзөбүз.*

Аннотация: *В данной статье мы предлагаем новую методику восприятия хора. На основе методики обучения русских и мировых композиторов мы создаем условия для исследования национальной культуры.*

Abstract: *In this article, we propose a new method of perception of the choir. Based on the methodology of teaching Russian and world composers, we create conditions for the study of national culture.*

Ачкыч сөздөр: *үн, добуш, хор, ансамбль, жанр, туура ырдоо, түз отуруу, үндөрдү уга билүү жана аткаруу*

Ключевые слова: *звук, звук пение, хоровый ансамбль, жанр,производительность*

Key words: *sound, sound singing, choral ensemble, genre, performance.*

Хордо ырдоо маданияты, адамдын өнүгүүсүнө фольклордук чыгармачылык жанры катары кабылданган искусствонун бир түрү. Ал өнөр инсандын көркөм чыгармачылыгына түздөн-түз таасир этүү менен анын турмуш жолунун калыптануусуна өбөлгө түзөт. Музыка – адамды дайыма коштоп жүрүүчү спутник болуп эсептелинсе, андагы хор үн аркылуу спутниктин атмосферасын толуктап туруучу өзөк. Хор искусствосу маданияттын өзгөчө деңгээлге ээ болуу менен өспүрүмдөр үчүн билим алууда жана эстетикалык тарбия берүү жаатында көркөмдүк кабылдоонун чечүүчү ролун аныктап берет. Инсандын калыптануусундагы аталган музыкалык маданияттын бааланышы европалык өлкөлөр “христиандык-чиркөөлүк” диний агымдарды жайылтуу максатында да кеңири колдонуп келишкени бизге маалым. Ал эми “...Кайра жаралуу доорунда көп үндүү хорлор, XVII – XVIII кылымдарда жөнөкөй (светтик) абалда утурумдук - церковдук-салттык мааниде гана өкүм сүрүп калды”[3-78]. Музыканын хор ырдоо жанры ар кандай чөйрөгө тез таасир этүүсү менен адамдын көркөм табитинин кабылдоосу кеңейет, чөйрөнү таануунун эффективдүү таасири күчөйт. Хор ырдоо – руханий байлык жана көркөм эргүүнүн булагы. Жекелик стилдердин чыгармачылыгын изилдөөнүн жогорку деңгээлинде: (И.С.Бах, Г.Ф.Гендель, К.В.Глюк, Й. Гайдн, В.А. Моцарт) белгилүү бир хордук жанрдын зоболосун көтөрө алышкан. Ошондой эле балдардын музыкалык – хордук өнүгүүсүнүн негиздерин орус композиторлору А.Александров, А. Бабаджанян, М. Блантер, Д.Тухманов, И. Дунаевский ж.б. эмгектеринен жолуктурууга болот. Ал эми кыргыз музыкалык маданиятынын казынасын “Кыргыз хор адабияты” окуу усулдук колдонмолору менен байыткан М.С.Мамбеталиев, М.А. Жутанова, Ө. Абдылдаев, А.Эрмековдордун орду өзгөчө. Анткени, алар бул жанр боюнча кыргыз тилинде усулдук китеп жазып калтыруу мүмкүнчүлүгүнө алгачкылардан болуп киришкендиги менен баалуу. Ал эми хор ырдоо өнөрү боюнча: А. Малдыбаев, М.

Абдыраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов, С. Юсуповдордун эмгектери бар. 1870-1883-жылдары жергебизде болуп, тарыхта из калтырып кетишкен чет элдик музыкант А.Эйгор, француз саякатчысы Г. Капюно элибиздин бир нече музыкалык чыгармачылыгы тууралуу жазуу менен аткарылган күүлөрдүн кээ бир үлгүлөрүн нотага түшүрүп калтырышкан. Ал эмгектерди искусство таанууда пайдаланып, учурдун талабына ылайык иликтөөгө алган А. Жээнбаев, С.Субаналиев, К.Дүйшалиев, Т. Койгелдиева, Ш.Турдумамбетова сыяктуу илим изилдөөлөрдүн эмгектеринен толуктап, таанышууга болот.

Илимий тастыкталган жанрды музыка сабагында балдар ***“хор ырдоо”*** жөндөмүнүн негизги басымы деп кабылдашат – бул туура. Анткени, балдар композиторлордун, акындардын, артисттердин эмгегин үндүн коштоосунда музыкадагы каармандардын, чыгарманын мүнөздөрүн, автордун айтайын деген оюн музыка мугалимдери аркылуу кеңири таанышат, биргеликте аңгеме курушат, алардын тили менен баарлашат (диалог) жана улуттук музыкалык искусствонун этика-эстетикалык баалуулуктары болгон: ***туура ырдоо, түз отуруу, үндөрдү уга билүү жана аткаруу*** сыяктуу сапаттар экенин кабылдашат. Мектептеги музыкалык билим берүү, башталгыч класстардын улуттук-фольклордук жанрга киришүү менен музыкалык сабатынын тезирээк калыптануусуна багытталган. Анда ар бир музыка мугалимине өзгөчө мүмкүнчүлүктөр түзүүгө болот: өзүнүн музыкалык-педагогикалык ишмердүүлүгүн анализдөө жана кеңейтүү жыйынтыгы; жалпыга музыкалык билим берүүдө балдардын улуттук хор искусствосун кеңири жайылтуунун үстүнөн өз алдынча изилдөө иштерин алып баруунун жолдорун табуу; башталгыч класстын балдары менен иштөөчү музыкалык өндүрүштү өнүктүрүүчү методду, ыкты күчөтүүнүн жолдору жана усулдары жаатында иш алып барат. “Мектеп хорун түзүү балдар бакчасынан жана мектептин кенже курактагы класстарынын музыкалык өнүгүү ишмердүүлүгү учурунда эле жаралат”[1 -87]. Анын изилдөөчү предмети болуп башталгыч класстардын музыкалык-тарбиялык ишмердиктердин формасы эсептелинет. Тарбиялык иштердин алкагында улуттук музыкалык аспаптар менен тааныштырып баруу жана ар бир сабакта кайсы бир кайрыкты аткаруунун тарыхы жөнүндө сөз кылып баруу балдардын улуттук-хордук ырдоо ыкмасын колго алуусуна өбөлгө болот. Анткени, улуттук музыкалык чыгармачылык кыргыздарын эл катары калыптанып, түптөлгөн мезгилине таандык болуп, үрп-адат, каада-салт жана көчмөн турмушуна тыгыз байланышкан. Анда социалдык, чарбалык мамилелер, улуттук өзгөчөлүккө байланышкан көркөмдүк каражаттын жыйындысы жатат. Ал элдин эстетикалык, философиялык жана көркөм каражаттардын баалуулуктарын камтыйт. “Улуттук – хордук ырдоонун ар биринин өзгөчө жаралыш тарыхы, өзүнө тиешелүү материалы жана ырды аткаруудагы чеберчилиги, үндөрүнүн уккулуктуу параметри болуп, сакталуусу боюнча улуттун түптөлүүсүндөгү тарыхый баалуулуктарды толуктап тураары табигый көрүнүш” [4-47]. Мындан өткөн тарыхыбыз, маданият, элдердин кылым карыткан жашоосу жана өзүнө тиешелүү эстетикалык жетишкендиктерин көрүүгө болот. Элибиздин өткөн тарыхын, маданиятын, кылымдарды камтыган салт-санаасын, эстетикалык касиетин, көркөм дүйнөсүн үйрөнүүнүн негизги булактарынын бири болгон музыкалык аспаптардын баалуулугу, зарылдыгы мына ушунда. Тарыхый маалыматтарга таянсак, байыркы кыргыздарынын хор менен аткарылуучу элдик салт ырлары жөнүндөгү изилдөөлөр али чекеси оюла элек илимдин булагы бойдон калууда. Мезгилдин феодалдык дооруна тийиштүү жазуу даректерине барып такалган эмгектер бар, эмгек ырлары, үрп-адат жана каада-салт ырлары, секетбай ырлары али ачылып элге толук жете элек сыяктанат. Алардын учугу миң жыл ашуун мезгилди камтып, элдин жашоосундагы негизги доор маданияттарын бириктирүүгө эриш-аркак болот. Бул маалыматтар илимий булак катары XIX-XX кылымдагы фольклордук эмгектер сыпатында жазып калтырган эскерүүлөр, илимий эмгектер арбын, таап пайдаланууга болот.

Демек, кыргыздар кат сабаты жок мезгилде эле бул ырлар кыргыздын оозеки чыгармачылыгынын сакталуусуна жана учурдагы фольклордук-этнографиялык чыгармачылыктын өнүгүүсүндө салымы өтө зор болуп келгенинен кабар берет.

Биздин айтайын деген оюбуздун негизги максаты – азыркы коомдун адамынын руханий калыптануусундагы активдүү көз карашын, улуттун эстетикалык табитин өстүрүүдө ырдоо болуп эле сакталып калбастан аны кеңири жайылтып, рухий – социалдык жана илимий-техникалык прогресстин алдыңкы катарында ала жүрүүсүнө жетиштирүү болуп эсептелет.

Ал эми бул маселенин чечилиши – жөнөкөй хор искусствосунан жогорку профессионалдык даярдыкты жана андагы жеке адам - көпчүлүктү, көпчүлүк - жеке адамдын демилгесин пайдалануусун, жаңы багытка багыттоочу ар тараптуу түйшүктү: анын ичинде руханий акыл-эс табитин даана көргөзүүчү магнитти, инсандын адамгерчилик сезимин козгоочу дарамет менен ишке ашат.

Ошондон улам ааламдашууга өтүүчүлүк процессинде инсандын эстетикалык калыптанышы үчүн, ага баруучу жолдун концептуалдык багытын козгоп, азыркы учурдагы улуттук-хордук үйрөтүүнүн проблемаларын изилдөөнүн зарылчылыгын айгинелөө.

“Азыркы учурдагы улуттук хор ырдоону үйрөтүүнүн проблемаларынын илимий жана практикалык жактан негизделген бир нече аныктамаларында (илимий, чыгармачылык, аткаруучулук ж.б.) көргөзүлгөндөй, инсандын активдүү проблемасы рухий, социалдык жактан туура жолго коюлушун аныктоо” [2-124]. Бул ой-пикирлер адамдын жекече социалдык-рухий активдүүлүксүз ишке ашпасы да белгилүү. Акыркы мезгилдеги улуттук чыгармачылыкка кызыгуу жандана баштаганы байкалат. Андыктан жалпы коюлган маңыз жана изилдөөнүн конкреттүү максаты төмөнкү методдорду сунуштайт:

- илимий булактарга теориялык анализ жүргүзүү;
- педагогикалык экспериментин;
- анализ жана синтездин болуусу.

Балдар бакчасынан баштап башталгыч класстардын музыкалык-тарбиялык иштериндеги уланган байланыш билим берүү системасы жалпыга билим берүүчү мектептин окуучуларынын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүгүн жана табияттан берилген жекелик дараметин, ишмердиктин кайсы бир түрүнө шайкеш келген жөндөмүн, репродиктивдүү же чыгармачылык ишмердигин, пикир-алышуудагы кабылдоо үндөштүгүн, учурдун талабына ылайык жаңылануу багытын, ар тараптуу билимди өздөштүрүү жөндөмүн жана практикалык ыктарын анализге алат.

Ошондой эле изилдөөдөгү пайдаланылган практикалык материалдар Ош мамлекеттин университеттин “Искусство” жана Ош гуманитардык педагогикалык институтунда педагогикалык-музыкалык иш жөндөмдөрдү эриш-аркак алып баруусуна көмөкчү болот. Бул иш-чара бүгүн жаралган табылга эмес экенин эсепке алсак, 1973-жылдагы Таллин шаарындагы миңдеген катышуучулар биргеликте аткарган “Дүйнө жаштарынын биримдиги” маршы, 1980-жылдагы “Олимпияда” чакырыгы хору, ОшМУнун – 75, ОГПИнин 90 жылдыгындагы хордук аткаруулар мисал боло алат. Бул жанрды өнүктүрүп баруучу илим изилдөөнүн базасы болуп, Ош мамлекеттик университетинин музыкалык тарбия берүү усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасы, Ош гуманитардык педагогикалык институтунун “Музыкалык билим берүү жана психология” кафедрасы жана дайыма педагогикалык практика өткөрүүчү мектептерди атоого болот.

Кыргыз композиторлорунун хордук чыгармаларынын жаралышы, түптөлүшү жана өнүгүү тарыхын анализдөө бүгүнкү күндө абдан актуалдуу. Анткени, бул иш балдар бакчасына, мектепте жана жогорку окуу жайлардын музыкалык-тарбиялык ишмердүүлүктөрүндө үзгүлтүксүз, жашоо менен эриш-аркак жашап баруучу жанр.

Музыка мугалими тарабынан орто жана жогорку окуу жайлардын аземдик кечелерин массалык жандануuга чакырык берүүчү куралы. Студенттердин педагогикалык практикага чыккан учурда кеңири колдонууга шартталган рухий эмереги.

Адабияттар:

1. Абдуллин Э. Б. Теория музыкального образования. – М.: Академия.2004. – С.336.
2. Апраксина О. А. Методика музыкального воспитания в школе: учеб. пособие. – М.: Просвещение.2000.
3. Богоявленская Д.Б. Психология творческих способностей: Учеб. пособие. – М.: Издат. центр «Академия».2002.-С.320.
4. Дүйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы: Окуу куралы. – Б.: Шам. 2007.

УДК: 81’373

Газыбеков М. К.,магистрант, шМУ

РЕАЛИЙ СӨЗДӨРДҮН САЛЫШТЫРМА ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК МААНИСИ

(Ч. Айтматовдун «Кылым карытаар бир күн» романынын негизинде)

NATIONALLY REALISTIC MEANINGS OF WORDS ARE COMPARATIVELY LEXICON - SEMANTIC ANALYSIS

Аннотация: *Бул макалада Ч. Айтматовдун «Кылым карытаар бир күн» романынын негизинде кыргыздын улуттук маданий реалий сөздөрүн таап, орус тилиндеги эквиваленттери менен салыштырып, алардын маани жагын анализдеп, аларга лексика-семантикалык анализ жүргүзүү аракети жасалды.*

Аннотация: *данной статье предпринята попытка проведения сопоставительно-семантического анализа лексики, обозначающей национально-культурные реалии на материале романа Ч. Айтматова «И дольше века длится день».*

Abstract: *In this article we have attempted to make a comparative and semantic analysis of the lexis, expressing ethnic cultural realities identified in the novel of Ch. Aitmatov “A day lasts longer than an age”.*

Ачкыч сөздөр: *тон, калпак, лексика, семантика, семасиология, тарых, маданият, фонема.*

Ключевое слова: *тон (овчинный тулуп), калпак (головной убор), лексика, семантика, семасиология, история, культура, фонема.*

Key words: *sheepskin coat, felt hat, lexis, semantics, semisology, history, culture, phoneme.*

Белгилүү болгондой, лексикология – (гректин lexikos – “сөзгө таандык, тийешеси бар” + logos – “илим, маалымат” деген сөзүнөн алынган) тилдин сөздүк курамын, системасын изилдейт. Бул багытта белгилүү лексикограф К. Карасаев жана академик Б. М. Тилдик жана маданий системалар өз ара көп жагынан айырмаланат, ошондой эле жакындашат, демек, адамдын тилине, ой жүгүртүүсүнө, жаратылышты кабылдоосуна жана маданиятына негизделген жалпы түшүнүктүк базисти көрсөтүп турган лексика-семантикалык ар түрдүүлүк кездешет. Бул өз кезегинде тилдеги, бөтөнчө лексикадагы ийкемдүүлүктү жана универсалдуулукту жаратып, сөздүн элдин пикирлешүүсүндө өмүр сүрүшүн шарттайт, улуттук мүнөзүн аныктайт (

Бул тилдерде сүйлөгөн калктар байыркы убакта жана XXI кылымда да, негизинен Борбордук Азиянын жана Чыгыш Европаны мекендеп турушат.

1. Сөз - бир нерсени туюнткан тыбыштардын комплекси. Бул аныктамага кыргыз тилиндеги айрым фактылар каршы келет. Мисалы, **бир к, ж , б йм, б л , г** деген бир түшүнүктү туюнтпаган сөздөр учурайт жана («яд»), **ээ** («хозяин») деген бир эле тыбыштан турган сөздөр да кезигет.

2. Сөз - бир маани билдирген тыбыштардын курамы. Мындай учурда бир түшүнүктү сөз эмес, сөздүн тизмеги билдириши да ыктымал. Мисалы, темир жол, тери тон.

шентип, И. Абдувалиев сөз тууралуу жогорудагы аныктамаларды жана жалпы эле сөздүн кыргыз тилиндеги табиятына таянып туруп, төмөндөгүдөй аныктаманы сунуш кылат. Тилдеги өз алдынча мааниге ээ болгон, бир түшүнүктү туюнткан же өз алдынча

колдонулган эң кичинекей лингвистикалык бирдик - сөз. Өз кезегинде сөз эң кичинекей бөлүкчөдөн (бөлүкчөлөрдөн) же тыбыштардан турат (2. 47)

Лексика - эне тилдин көп кылымдардан бери өнүгүп-толукталып, байып, бүгүнкү муундарга жеткен улуттук кенчи. Ар бир тилдин лексикасы - улуттук феномен болуп саналат. Ал ар тараптан иликтеп-изилдөөнү, элден жыйнап, кайра элдин өзүнө кайтарып берүүнү талап кылатЛексикологиянын милдети эне тилдин сөздүк составын улуттук система катары үйрөтүү болуп саналат (3. 5

Кишинин аң-сезиминин натыйжасында бул же тигил зат (нерсе) тууралуу заттык түшүнүктүн жаралышы жана калыптанышы же денотация аракети. Демек, кишинин акылына чагылган көрүнүштүн пайда болушу сөздүн семантикасын жаратат да, ошону кармат турат. Биз төмөнкү мисалдарды Ч. Айтматовдун «Кылым карытаар бир күн» романынан алып, алардагы *тон* жана *калпак* сөздөрүн реалий катары орус тили менен салыштырып талдап чыктык.

«Кышкы к ник л якт г нд т нч н жөнөп, б л ны т нг р п өңөрүп лып, ры- з кт н к лын к рын, яз б л б , к р б л б эч н р г к р б ды».

Турпаты жагынан 3 (үч) тыбыштан (т) о) н) уч) тамгадан т, о, н, муунга бөлүнбөйт. 1 туюк муун;

пассивдуу жана сейрек жыштыкта колдонулат;

конкреттүү мааниде, буюмдун (заттын) аты, этномаданий лексика, азыркы тексте снекдоха катарында пайданалынды;

өтмө мааниде фразиалогиялык өңүттө колдонулду;

адабий терминдик – элдик лексика катары лексикографиялык, эмгектерде жолугат;

тон сөзү лексика, регионалдык мүнөздө да кездешет;

тексте чектелбестен, кеңири колдонула берет;

луттук картотекалык байлык катары кароого болот (

Талданылган *тон* сөзү орус тилинде төмөндөгүчө берилген:

А на каникулах сколько раз, **к т в в ш б** , везли верхами по снежным сарозекам, в мороз да вьюгу, чтобы только не опоздал на занятия (4. 27).

Тон кыргыз тилинде төмөнкү маанилерде колдонулат:

1) адамдары кышындасы сыртынан кийип журулуучу койдун, малдын, кийиктин, тээрисинен жасалуучу сырт кийим;

2) кандайдыр бир жемиштин сырткы кабын да тон дешет;

3) өтмө мааниде колдонулбады.

Тондун орус тилиндеги эквиваленти болуп *шуба* колдонулат. Ал мааниси жагынан тон менен туура келет. Бирок шубанынын орус тилиндеги синонимдери *овчинный тулуп*, же *тулуп*:

Тонунун антара кийип, куудулданып олтурат (он сидит, надев тулуп навыворот, и затейничает). Словардан алынган бул мисалда шубанын синоними колдонулган.

Тон орус жана кыргыз тилдеринде бирдей эквиваленттери бар экендиги белгилуу болду. Жаңы пайда болгон маани менен анын мурдагы маанилеринин катар ошол сөздүн негизги маанисинин туруктуулугуна жараша болот; башка сөз менен айтканда, сөздүн маанилери кеңейет.

«Мын эми м нд йынд ч ң киши т р т, көз йн кч н, төбө ү бүктөлүү к лп кч н, йп л нг н г л т кч н».

Бул сүйлөмдө *калпак* сөзүнө талдоо жүргүзөлү.

турпаты жагынан 6 (алты) тыбыштан, (к), (а), (л), (п), (а), (к). 6 (алты) тамгадан, 2 (эки) мүүндан, *кал-пак* турат;

төл сөз жана көптөн бери тынымсыз колдонулуп келе жаткан лексика катары каралат;

азыркы кезде эмоционалдуулукта (урматтоо сезими менен айтылган сөз катары) керектелди; өтмө жана метафоралык ыкта. Калпакты тулуттук символ катары кийишет;

синонимдери: *топу, тебетей*;

адабий тилдик – элдик лексика катары лексикографиялык эмгектерде жолугат;

төл сөз катары регионалдык мүнөздө да кездешет;

текстте (подтекстте, контекстте) чектелбестен, кеңири колдонула берет; улуттук картотекалык байлык (банк) катары кароого болот.

Талданылган *калпак* сөзү орус тилинде төмөндөгүчө берилген:

Ч. Айтматовдун «И дольше века длится день» романынында жазуучу шляпа деген эквиваленти менен берилген мисалы: И вот теперь стоит взрослый человек, лишь, отдалено напоминающий того, каким он был в детстве – пучеглазый и улыбчивый, а теперь в очках**,** *в расплющенной шляпе,* при затрепанном галстуке деп которулган (2. 69).

Бул сүйлөмдө жазуучу туура сөз бирдигин колдонуп *шляпа* деп берген, себеби *колпак* дегенде окурмандын ою башка мааниге да кетиши мумкун. Мисалы, С. М. Радловдун поэмасында берилген (4.96) - это его собственный колпак, я знаю! - деп айтылат.

Колпактын орус тилинде көп маанилери бар экендиги аныкталды. Мисалы: *колпак заборные, колпак для кальяна, колпак*

колеса. Чыгармада берилгенддей, *шляпа* тура мааниде берилген деп ойлойбуз.

Бул жерде калпак өздөрүнүн улуттук баш кийими катары сыймыктануу менен айтылат. Бул маанилүү сүйлөм болуп келет. Калпактын сөз айкалыштары - *ак калпак, түз калпак, бакай калпак, ала калапак* – кеңири колдлнулат. Бирок калпак деген сөздү К. К. Юдахиндин сөздүгүндө орус тилинде *колпак (войлочная шапка, шляпа)* деген эквиваленти берилген (

Демек, сөз - өзүнчө турганда мааниге ээ болгон лексикалык бирдик, тыбыштардын курамы, семантикалык каражат, ойдун уюткусу жана борбору. Дал мына ошондуктан ал тил илиминдеги өтө чоң категория жана анын ар кандай деңгээлде, айталы, морфологиялык түзүлүшү менен өзгөрүшү,

семантикасы жана фонетикалык типтери, стилдик багытта колдонулушу, адабий тилге болгон катышы, чыгышы теги (тарыхы) жана башка аспектилерде изилдөөгө болот. шондой эле сөз бир нече тилдин материалында да, жеке тилдин фактыларына таянып туруп, синхрониялык же диахрониялык багытта да иликтенет.

Адабияттар:

1 Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили: (Лексикография). – Бишкек. 1 – Б.3 .
2 Ахматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили: (Фонетика, лексика). – Фрунзе: Мектеп. 1 – Б.1 .
3 Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили: Фонетика, лексика) – Фрунзе: Мектеп.1 –Б. 2 .
4 «Кыргызко-русский словарь Юдахин».- Фрунзе. 2
5 Айтматов Ч. «Кылым карытаар бир күн».-Бишкек. 2

УДК: 510.624

Газыбеков М. К., магистрант, шМУ

КЫРГЫЗ УЛУТТУК МАДАНИЙ РЕАЛИЙ СӨЗДӨРҮНӨ САЛЫШТЫРМА-СЕМАНТИКАЛЫК ТАЛДОО

(Ч. Айтматовдун «Кылым каарытар бир күн» романынын негизинде)

Аннонтация: *Бул макалада Ч. Айтматовдун «Кылым каарытар бир күн» романынын негизинде кыргыздын улуттук маданий реалий сөздөрүн таап, орус тилиндеги эквиваленттери менен салыштырып, алардын маани жагын анализдеп, айырмачылыктарын аныктоо аракети жасалды.*

Аннотация: *данной статье предпринята попытка проведения сопоставительно-семантического анализа лексики, обозначающей национально-культурные реалии на материале романа Ч. Айтматова «И дольше века длится день».*

A b s t:rIanc t *m p a r a t i v e of the lexis, expressing ethnic cultural realities identified in the novel of Ch. Aitmatov "A day lasts longer than an age".*

Ачкыч создор: *тон, чепкен, тарых, маданият, рухий, уруу, аң сезим, адеп-ахлак, жүрүм-турум, эстетика*

Ключевое слова *тон (овчинный тулуп), чепкен (верхняя мужская стеганая одежда), история, культура, духовный, род, сознание, воспитанность, поведение, эстетика.*

K e y *s h e e p s k i n c u l t u r e , c o n s c i o u s n e s s , b e h a ɣ i o u r*

Азыркы мезгилде дүйнө элдеринин көңүлүндө маданияттын абалын иликтөө өзгөчө орунда турат. Маданият боюнча көптөгөн окмуштуулар иликтөөлөрдү жүргузгөн. Алардын катарында: А. Ж. Боронбаев жана А. Топчуев. Бул окмуштуулардын ою боюнча "ар элдин өткөн тарыхы жана энчилүү маданияты болору чындык. Тарых – элдин алмуздактан берки баскан жолун, өткөн жашоо тиричилигин, тагдырын жана азыркысын кабарласа, маданият ошол элдин рухий жана материялдык казынасынан кабар берет" (1. 8

Маданият - адам баласынын жашоосундагы ой-санаасынын, кыялынын талим-тарбиясынын, тиричилигинин эмгегинин сулуулугунун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган тушунук.

Кыргыз тилчилердин берген аныктамасында «маданият» араб сөзүнөн кирген, ислам доорунан бери колдонулат. Байыркы эне тилибизде маданият түшүнүгү жалпы мааниде айтылган (2. 43).

Маданият рухий жана материялдык маданият болуп экиге бөлүнөт. Рухий маданиятка болсо адамдардын аң сезиминин зээндүлүгү, адеп-ахлагы, дуйно таанымы, агартуучулугу, тарбия таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы илими, адабияты, маңызы динний ишеними, ж. б. кирет. Ал эми материялдык маданиятка адам баласынын кол менен жасаган буткул турмушу, эмгек куралы, кийимдери, үй-жайы - мындайча айтканда, архитектура, дизайн жасалгалары, байланыш техникалык өсүштөрү, жол байланышы ж. б. камтылат. (1.42)

Тарыхий иликтөөлөргө таянсак, К. Жусупов, жана Ж. Бегалиев. озунун китебинде мындайча ойду айтышкан: “Маданияттын алтын казынасын эл түзөт, анын кылымдан кылымга көкүрөгүндө сактап келет”.

Болжолдоп айтканда, отуздай уруулар катнашта жашаган байыркы кыргыздардын маданиятынын алтын доору VII-IX кылым болгондугу такталган. Кыргыздар Тан сулалеси, сактар, хундар, дөөлөстөр, үйүндөр, жужандар, тибиттиктер, тургоштор, турк, уйгур сыякту көчмөн жана отурукташкан элдер, уруулар менен мамиле кылган. шондой эле Жибек жолу аркылуу откон Иран Афганистан, Индия Сирия Византия, Араб ж. б. батыш өлкөлөрүнүн маданияты менен да кабардар болушкан. (2. 84)

Маданияттын коп түрлөрү бар алардын бирин материалдык маданият. Бул элдин негизги очогун түзгөн. К. А Исаковдун ою бонча; «Улуттук кийим—элдик маданияттын негизги көрүнүштөрүнүн бири. Ал калктын турмуш шартынын, чарбачылыгынын зарылдыгынан улум жаралып, туруктуу келип, көп кылымдар боюнча жашап келүүдө. Мына ушул туруктуулукка гана таандык болгон өзгөчөлүк аркылу кайсы бир элдин байыркы же кийинки мезгилдеги маданияты жөнүндө сөз козгоп гана ага карата айрым ойлорду айтууга болот мындай мураска кыргыз элида бай. Элибиздин улуттук кийимдеринин бай улгусу, чебер тигилиши асемдуу кооздугу эзелтеден эле даназа болуп келүүдө. Алар тууралу маалыматтар жазма адабияттарда ото эле сейрек кездешкендиктен, элдик ооз эки чыгармачылыкка кайрылууга тура келет. Элдик казынанын ыйык мурасы катары бизге келип жеткен кыргыз элинин баатырдык эпосторунун улуттук кийимдердин ар кандай түрлөрү, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө бай маалыматтарды жолуктурабыз» (3. 12).

спандын ийинине чепкен. (4. 46) Ч. Айтматовдун чыгармасынан узунду. Чыгармадагы чепкен суп чепкен деп аташат. А. Мамбеталиев айткандай, «Алдынына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан», деп айтылат. Чепкен сырт кийимдердин бири. Анын жердигин уздар кезегинде таардан да сырт кийимдик калың кездемеден да тигишкен алынган булагы (А. С. Акматалиев кыргыз кол өнөрчүлүгү сайытынан алынды). Чепкен зат атоочтук түрмөккө кирет. *Анын синоним сөздөру чапан, бирок азыркы мезгилде чапан чепкен бирдей колдонулуп келет аларды тойлордо мааракелерде сый кийим катары тартуулашат. Чепкендин антоними жок. моними боюнча - суп чепкен, тепме чепкен, төө чепкен. Жөндөлүшү боюнча: 1) эмне-чепкен; 2) эмнени-чепкенди; 3) эмнеге-чепкенге; 4) эмнени-чепкенди;* 5*) эмнеде-чепкенде; 6) эмнеден-чепкенден. рус*

тилинде чепкен: верхняя мужская стеганая одежда (с толстой стежкойУодежды, крытой, армиячиной) деп берилет. Чепкен орус тилине азербайжан тилинен кирген. Төөнүн жүнүнөн чарык жиптей ичке ийрип, аны оңго-солго чыйрытып, ормок аркылу таңдайлаштырып, эндүү согуп, бычып жалаңкат ичтеп, тигишет. *Суп чепкенди орус тилинде (называние домотканой или кустарной ткани из верблюжьей шерсти) деп берилген. (Кыргысско- усский словарь К. Юдахина).*

Чепкендин жасалуу жолу:

Кийим мала күрөң тартып, ачык маанайды берип өзү абдан бышык келет.Койдун жүнүнөн, кебезден ичкерээк ийрип, жалаң ак же эки-уч өңдө күзүктөп, согулган таарлардан да чепкен тигилет. Чынында чепкен – чапан көөлгү кенен тигилет да, иштелип, ага жүн, кебез калыңраак салынат бир гана бүчүрлүк менен топчу кадалат азыр чепкен - чапан же чапан-чепкен аралаш мааниде колднулууда. Мал чарбачылыгын арка тутуп, жашоо-тиричиликтерин көчүп- конуп, өткөргөн муруңку кыргыз элинде жалаң жүндөн жасалган чепкендер наркка өткөн.Тепме чепкенди таар чепкен деп да айтат. Тепме чепкен өрмөккө кезек согулган таарды кайнатып, кадимки кийиздей киргизип, тепкилеп, басып сыйдалата жасаган. Азыр республиканын өнөр жай ишканаларында элге эң керектуу буюмдардын жана кийимдердин катарында чепкен менен чапан тигүлүүдө. Анда бул эки сырт кийимдин айрымалары эмнегедир анча баамдабайт. Булардын жердеги тыш кийимдик кездемеден болот. Мына чапанга караганда чепкенди көбүрөөк тигүүго көңүл бөлүнүүдө. Жалакат эле ичтелген тукаба баркут, чийбаркут чепкендерге көркөм сайма көчөттөрү түшүрүлүүдө (

*Тон - Эдигейдин тонун көтөрүп жетип келди***.** (4. 237). (Ч. Атматов).

Бул – койдун, эчкинин, кийиктин тээрисинен жүнү ичине каратылып жасалган кышкы сырт кийим. Тон бул зат атоочко кирип, көп маанилүү сүйлөмдөрдүн катарына кирет.

Бул сүйлөмдө тон тик мааниде келди. Синонимдик түгөйлөрү: *ичик, «тулга тон» «чарайна тон», чепкен*. Мен ботосу өлгөн боз инген, Тулубун келип искеген. Бул сөздүн антонимии жок. монимини карай турган болсок: 1) балдардын тону, 2) адам сүйлөгөндөгү үнүнүн тону.

Тонду орус тилинде *овчинный тулуп*, дешет. *Тонун аңтара кийип, куудулданып олтурат - н сидил, надев тулуп навыворот, и затейничает.* Бирок тондун орус тилинде коп синонимдери бар: *овчинный тулуб, тулуп, дубленка*. Төмөндөгү айтылган синоним сөздөр (S y mez pac1o)m сөздүгүнөн аныкталды. *Тон* орус тилинде көп маанилүү сөздөргө кирет. моним катары мисалдар: 1) *үндүн тону*; *музыканын тону*; синоними *нота*; *тон* деп живописте кандайдыр бир түстүн же красканын кичине кошулмасын *тон* дешет; 4) ямахадагы ак жана кара баскычтарынын кара баскычын *тон* деп айтышат.

Тон - өңдөлгөн (бордолгон) тон, ышкын туб жапкан тон (бойолгон) тон айтылат. Карыяларыбыз коолбуп кийе тондун жакалык көрпөсүнүн жүнүнүн узундугу 2-3 элидей болот да, адатта-жеңинин жүнү кыска кара көрпөдөн болот. Кара кыжымыдан, чий баркуттан эни карыштай жана андан жазыраак көөбө коюлат.

Тондун этек жеңинин, өңүрүнүн көрпөсүнүн жүнү жайкалып чыгып турат. Тон топчуланбайт. Кол-башы менен түрлөнүп чалынган, тон чачыланган боо аркылу байланат. Укмуш сакалдарын жайкалтып, каалгый кийген мындай

сырт кийимдин ичи да кара көрпөдөн болушу тийиш. Тондук тээри бойдон өткөндөн кийин аны кийген чакта куучуйуп тарып кетпеши үчүн керип-чоюп, колдо ийлеп, булуң-бурчтарын керип тырмактап бычкан. «жымырата тиктирген, жылаан боор бүткүргөн» (калык). Тигишин жаткызыш үчүн тиштеткен.

Далилге таянсак: кыргыздардын тил байлыгына эзелтен башка тилдерден кирген сөздөр арбын: кытай, түрк, моңгол, казак ж. б. элдердин сөздөрү жолугат. Жыйынтыгында, биз жогоруда талдаган сөздөрдүн көпчүлүгү орус тилине, казак жана түрк тилдеринен киргени аныкталды. Кээ бир сөздөрдүн орус тилинде эквиваленти жок бирок алардын түшүндүрмө мааниси берилген.

Ад биятт р:

1 А. Ж. Боронбаев., А. Топчуев. Маданият таануу. - Бишкек.2
2 Кыргыз улуттук маданияты. К.Жусупов., Ж.Бегалиев. - Бишкек. 2
3 К. А Исаков. Улуттук кийимдер. -Фрунзе.1
4 «Кыргызко-русский словарь Юдахин».-Фрунзе. 2
5 «Кылым карытар бир күн». - Бишкек. 2

УДК: 37.013

Думанаева Н., Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин педагогика бөлүмүнүн магистранты

БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДАШУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ЭЛДИК ОЮНДАРДЫН МААНИСИ

THE VALUE OF FOLK GAMES IN THE PROCESS OF SOCIALIZATION OF CHILDREN

Аннотация: *Макалада балдардын өсүп-жетилүүсүнө көмөк болгон балдар оюндары, оюндардын балдардын жашоосундагы мааниси, балдардын социалдашуусу, социалдашуу процессинин аныктамасы, тарбиялоо каражаты деп эсептелген элдик оюндардын балдардын коомго интеграцияланышын камсыздай тургандыгы тууралуу жазылган.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются детские игры, способствующие развитию детей, значимость игр в жизни детей, социализация детей, определение процесса социализации, обеспечение детей интегрированием в социум посредством народных игр, являющихся воспитательным средством.*

Abstract: *This article discusses about the children's games, which promote the development of children, the importance of games in the children's life, the socialization of children, the definition of the process of socialization, the provision of children by integration into the society through folk games, which are an educational means.*

Ачкыч сөздөр: *балдар оюндары, элдик оюндар, социалдашуу процесси.*

Ключевые слова: *детские игры, народные игры, процесс социализации.*

Key words: *children's games, folk games, process of socialization.*

Кандайдыр бир маданиятка тиешелүү оюн элементтери жалгыз жаш-курактык психологиянын жана педагогиканын изилдөө предмети болбостон социологиянын, тарыхтын, маданият таануунун, философиянын жана башка илимдердин изилдөө предмети болуп келет. Оюн феномени өзүнө гана таандык тилге, түзүлүшкө, кызматтарга жана салт-санааларга ээ болгон автономдук социо-маданий чындык болуп эсептелет.

Көпчүлүк учурда баланы тарбиялоонун, социалдашуунун жана башка тышкы таасирлердин объектиси гана эмес, жашоо-тиричиликтин аң-сезимге ээ болгон активдүү

субъектиси катары кабыл алышат. Мындай ой-пикир абстрактуу философиялык жана адеп-ахлактык жобо эмес. Бул – илимий изилдөөнүн жана тарбиялоо жаатындагы практикалык ишмердүүлүктүн теоретикалык жана методологиялык принциби [7, 350].

Ар түрдүү демократиялык процесстер жүрүп жаткан заманбап коомдун өнүгүүсү личносттун өнүгүшүнө жана адамдын ишмердүүлүгүнө болгон талаптарды күчөтөт. Мындан тышкары, жашоонун ар бир тармагынын гуманизациялынышына, баланын гармоникалык түрдө тарбияланышына, баланын рухий жана физикалык жактан калыптанышына муктаждыкты жаратат. Ал эми бул жерде белгилеп кетүүчү нерсе баланын муктаждыктарын оюн аркылуу канааттандыруу мүмкүн.

Оюн жана анын бирден бир каражаты деп эсептелген оюнчук баланын жашоосундагы маанилүү орунга ээ болуп, личносттук жана психикалык жактан өнүгүүсүнө шарт түзөт жана баланы баралына толуу мезгилине даярдайт. Оюн балдар үчүн убакытты өткөзүүнүн каражаты, ошондой эле, белгилүү бир эрежелерге ээ болгон көңүл ачуучу иш-аракет болуп саналат. Бала оюн ойноодо ата-энесинин да, курдаштарынын да кысымчылыгына алынбастан өзүнүн каалоосу менен ойной тургандыгы – мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бала оюндун жардамы менен элестетет, кыялданат, ошентип, өзүнүн дүйнө мерчемдерин белгилейт. Бала эч качан жыл сайын чоңойгон теоретикалык бир жандык катары каралбашы керек, себеби, чоңойгон сайын баланын умтулуу мотивдери, кызыккан нерселери, мүнөзү, максаттары жана жүрүм-туруму өзгөрөт [2, 37].

Балдар оюндарынын максаты, түзүлүшү жана өнүгүү динамикасы боюнча жарык көргөн ата-мекендик жана чет элдик илимий изилдөөлөр арбын. Муну менен бирге оюн феномени жалпы теориялык, философиялык, маданияттык, психологиялык, социо-педагогикалык, этнопедагогикалык, билим берүүчүлүк, окуп-үйрөнүүчүлүк, уюштуруучулук жана ишкердик көз караштардан изилденүүдө.

Азыркы заманбап социумда, айрыкча, коомдогу туруксуз окуялар жана кубулуштар болуп жаткан мезгилде өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо элдик салт-санааларынан пайдалануу өтө маанилүү. Анткени, элдик салт-санаалар тарбиялоонун гуманисттик негиздерин, ошондой эле, муундардын ортосунда калыптанган адеп-ахлактык мамилелердин өнүгүүсүн камтыйт. Байыркы жана бүгүнкү мезгилдин балдарын тарбиялап-өсүтүрүүдө элдик оюндар маанилүү орунга ээ. Тарбиялык маанилүүлүккө ээ болгон элдик оюндардын өзгөчөлүктөрүнүн бири бул – элдик балдар оюндарынын ар түрдүүлүгү жана татаалдыгы. Элдик оюндар кабыл алуу, ой жүгүртүү, элестетүү, эске тутуу, көңүл буруу, эрк көрсөтүү, күчтү көрсөтүү, эптүү жана шамдагай болуу сыяктуу түрдүү психикалык процесстердин келип чыгышына жана ар түрдүү эмоциялардын жаралышына түрткү болот [7, 353].

Баланын дүйнөнү таануу процессинде, интеллектинин өсүшүндө, физикалык жактан өсүп-жетилүүсүндө, эмгектик көндүмдөргө ээ болуусунда, адеп-ахлактык жүрүм-турумду үйрөнүүсүндө, коммуникативдик мамилелерди түзүүсүндө элдик оюндардын салымы чоң. Балдар элдик оюндарда жаралган ар түрдүү кырдаалдардан улам өз ара жардамдашууга жана коллективизмге үйрөнүшөт. Элдик оюндардын эрежелерине баш ийүү элге тиешелүү моралдык жана этикалык, социалдык жана адеп-ахлактык нормаларды чагылдыруу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, элдик оюндар балдарда калыстыкты, адилеттүүлүктү, атаандашка болгон сый-урматты, өз элине жана мамлекетине болгон тиешелүүлүгүн тарбиялайт. Элдик оюндар кандайдыр бир этностун салт-санааларын чагылдыргандыктан алардын социо-маданий тажрыйбага ээ болуусу баланын этно-маданий иденттүүлүктү сезишин, улуттук сал-санааларды жана салттык маданиятты өздөштүрүүсүн камсыздайт.

Балдар оюндарына байланыштуу ишке ашырылган психологиялык изилдөөлөрдө оюн, өнүгүү жана үйрөтүүнүн ортосундагы өз ара байланыш көрсөтүлгөнгө аракет кылынат. Психологиялык изилдөөлөрдө өнүгүү психологиясы, психоанализ жана

когнитивдүү психология оюндун көйгөйүнө багытталган болсо, социология болжолдоочу концепцияларды башка бир жол менен түзүп, социологиялык маселелерге басым жасайт.

Бүгүнкү күндө балдар оюндарынын социалдык потенциалын изилдөө маанилүү, анткени, оюн баланын личносттук өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышында негизги роль ойнойт. Балдар оюндарынын мазмунундагы социалдык мүнөз жана ойноп жаткандардын өз ара аракеттешүүсү личносттун социо-маданий тажрыйбага ээ болуусун камсыздайт. Ал эми социо-маданий тажрыйба кандай болгон күндө да чыныгы жашоодо чагылдырылат. Ошентип, аң-сезимде чагылдырылган чындыктын образдары иштелип жатып, индивиддин социалдык тажрыйбасын калыптандырат [7, 355].

Алгач *“социалдашуу”* деген терминге токтололу. Адам өтө татаал феномен болгондуктан социалдашуу ар бир адамдын өз өзгөчөлүгүнө жараша татаал болушу мүмкүн. Адам биологиялык жандык катары дүйнөгө жаралып, жаратылыштын ажырагыс бир бөлүгү болгондуктан коомдун, айлана-чөйрөнүн, тарбиянын, окуунун, оюндун, эмгектин таасири менен социалдык жандыкка (адамга) айланат [9, 37]. Адамды социалдаштыруу өтө татаал процесс. Ал жеке пенденин тегерегиндеги социалдык чөйрө менен активдүү ала катышта болуу аркылуу ошол чөйрөдө калыптанган тажрыйбаларды жана кабыл алынган ырасым-жөрөгөлөрдү өзүнүн жүрүм-туруму менен жорук-жосунунда кайра жаратуу менен шартталат [4, 73].

Социалдашуу процесси жүрүп жатканда ар бир балада дүйнөгө болгон көз карашынын белгилүү образдары пайда болот. Мисалы, ата-мекендин, бактылуу үй-бүлөнүн, жакшы адамдын образы түзүлөт. Бул процессте ар түрдүү социалдык идеялар, символдор, баалуулуктар жана кырдаалдар, социалдык көндүмдөр жана жүрүм-турум моделдери түзүлүп, улутташтырылат. Баланын түзгөн ар түрдүү образдар улутташтырылып жатып, когнитивдик түрдө өздөштүрүлөт. Ошондуктан, баланын социалдашуусу – анын психофизикалык өнүгүүсүнүн, социалдык жана личносттук өңүттөн маанилүү деп эсептелген сапаттардын (өз-өзүнө урматтоо, бирге иштөөчүлүк, коммуникативдүүлүк) өздөштүрүлүшүнүн, социалдык институттар аркылуу социалдык чөйрөгө интеграцияланышынын динамикалуу процесси [10, 9].

Мындан улам, социологиялык көз караштан алып караганда оюн бул – катуу эрежелерге ээ болгон, убакыттык жана мейкиндик чектери белгиленген социалдык жүрүм-турумдун бир түрү, ошондой эле, жашоодогу реалдуу чындыктын тигил же бул жагын сымалдаштыруучу модели десек жаңылышпайбыз. Элдик оюндардын социалдык жана педагогикалык функциясы бала тарабынан конкреттүү социалдык топко таандык руханий жана маданий баалуулуктарды, нормаларды өздөштүрүү, инсан катары жетилүү, теңтуштар жана улуулар коллективинин толук кандуу мүчөсү катары калыптандыруу сыяктуу көп кырдуу социалдык максат жана милдеттер менен түшүндүрүлөт.

Элдик оюндардын социалдык жана маданий кызматтардын арасында социалдык кызматташтыкты өнүктүрүү кызматы, негизинен, коллективдик мүнөзгө ээ. Коллективдик оюнда өз алдынча иш жүргүзгөн балдардын коомчулугу түзүлөт. Ал эми балдар коллективи бул – өз ара көзөмөлдөө жана кызматташтык менен жүргүзүлгөн мамилелерге ээ болгон социалдык организм. Оюндарда коллективдүү жашоого керектүү көндүмдөр калыптанат. Алар өз ара түшүнүшүүнүн негизинде кабарлашуунун жардамы менен иш алып барып, бири-бирине жардамдашышат. Коллективдик оюнда бардык балдар активдүү роль аткаруу үчүн тең укуктарга ээ. Башкача айтканда, ар бир бала кандайдыр бир нерсени сунуштай алат, ойлоп таба алат, балдар оюндун уюштурулушу жөнүндө өз алдынча сүйлөшө алышат, көйгөйлүү маселелерди өз алдынча чече алышат. Ошентип, балдардын кыймыл-аракеттерин багыттап турган жана балдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө сала турган “коллективдик коомдук ой-пикир” жаралат [7, 40].

Балдар элдик оюндарды ойноп жатып, социумга интеграцияланып, социалдык сапаттарга, айрыкча, социалдык жана адеп-ахлактык сапаттарга ээ болот. Ал эми социалдык жана адеп-ахлактык тарбия баланын мотивациялык, когнитивдик жана жүрүм-

турумдук өзгөчөлүктөрдү камтыган социалдык жана адеп-ахлактык сапаттарга ээ болуусун камсыздайт. Бул процесстин натыйжасында личносттун интегралдык сапаты деп мүнөздөлгөн социалдык жана адеп-ахлактык тарбия келип чыгат. Бул тарбия баланын жакындары, достору, курдаштары менен түзгөн мамиледе чагылдырылат (7, 354).

Социалдык жана адеп-ахлактык мамилелердин материалдык эмес экендигин, адамдардын кылык-жоруктарында, жүрүм-турумдарында, аткарган кыймылдарында гана билине тургандыгын белгилеп өтүшүбүз керек.

Жыйынтыктап айтканда, элдик оюндар балдарды активдүүлүккө үндөп, оюндагы оюнчуларды кызматташтыкка чакыруу, кыймыл-аракеттерди тартипке салуу жана иш-аракеттерди уюштуруу, белгилүү эрежелерге баш ийүү сыяктуу сапаттарды өнүктүрүү менен балдарда социалдык жактан маанилүү сапаттар менен көз караштарды, адеп-ахлактуу мамиле жана жүрүм-турум маданиятын калыптандырат. Бала индивидуалдуу түрдө жана ортоктоштор менен бирге иш алып барууну талап кылган топтук оюндарды ойноодо уюштуруучу жана тартиптүү болууну, социалдык жана адеп-ахлактык нормаларга баш ийүүнү үйрөнөт.

Адабияттар:

1. 1.COŞKUN TOKSOY, A. (Ocak 2010). *Yarışma Niteliği Taşıyan Geleneksel Çocuk Oyunları.* Akta Tucica Çevrimiçi Tematik Türkoloji Dergisi, II/1, "Kültür Tarihimizde Yarış". 205-220-s. http://www.acarindex.com/dosyalar/makale/acarindex-1423865380.pdf (17.09.2016).
2. EGEMEN, A., YILMAZ, Ö., AKİL, İ. (2004). *Oyun, Oyuncak ve Çocuk.* ADÜ, Tıp Fakültesi Dergisi. Sayı: 5 (2), s.39. http://scholar.google.com.tr/scholar?as_sdt=0,5&q=Oyun,+oyuncak+ve+%C3%A7ocuk&hl=ru (21.02.2016).
3. ÜNAL, M. (Ağustos, 2009). *Çocuk Gelişiminde Oyun Alanlarının Yeri ve Önemi.* İnönü Üniversitesi Eğitim Fakültesi Dergisi. Cilt: 10, Sayı: 2, ss. 95-109. http://dergipark.ulakbim.gov.tr/inuefd/article/view/5000004213 (26.02.2016).
4. АЛИМБЕКОВ А. (2015). *Көчмөндөрдүн салттуу оюндарынын балдарды социалдаштыруучу функциялары.* Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин басылмалары. Эл аралык симпозиумдун материалдары. Бишкек. –б.73-79.
5. АСИПОВА, Н. (2004). **Социалдык тарбия**. Кыргыз-түрк "Манас" университетинин чыгармалары: 54. Окуу куралдар сериясы: 20. Бишкек. Кыргыз-түрк "Манас" университетинин басмаканасы. 48-55-бб.
6. ВОЛКОВ, Г.Н. (2004). *Этнопедагогика как педагогика национального спасения.*
7. Сибирский педагогический журнал. - № 1. Народное образование – Педагогика. УДК 370.179. –С.194-198. http://cyberleninka.ru/article/n/etnopedagogika-kak-pedagogika-natsionalnogo-spaseniya 03.11.2016.
8. ЛАХИН Р.А. (2009). *Народная игра как средство социально-нравственного воспитания младших школьников и подростков (на материале традиционных игровых практик Кубани).* Диссертация на соискание ученой степени кандидата педагогических наук. Государственное образовательное учреждение высшего профессионального образования «Курский государственный университет». Курск, 1-251-бб.
6. МУРЗАЕВ М.С. **Кыргыз элдик педагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өнүгүүсү (тарыхый-этнопедагогикалык аспект.** -Бишкек: "Гүлчынар" басмаканасы.
7. РАХИМОВА М., АБДЫКЕРИМОВА М. **Социалдык педагогика.** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту. Бишкек. "Premier ltd." басмаканасы. –б.4-5-37-40.

8. СЛУШКИНА Е.А. *Социальная адаптация детей старшего дошкольного возраста средствами народной педагогики.* Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата педагогических наук. ГОУ ВПО Уральский государственный педагогический университет. –Екатеринбург. –С.1-23. http://www.dslib.net .04.10.2016.

УДК: 371.3:53

Дүйшөбаева М.А., магистрант, ОшМУ

ИННОВАЦИЯЛУУЛУК - ЗАМАНБАП ЖАШОО ТУРМУШУБУЗДУН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИСИ

INNOVATIVENESS - A CHARACTERISTIC FEATURE OF THE MODERN WAY OF LIFE

Аннотация: *Бул статья физиканы окутууда жаңы инновациялык методдорду колдонуунун артыкчылыктары баяндалды.*

Аннотация: *В данной статье показано, изложены преимущества использования новых инновационных методов на примере.*

Abstract: *This article shows, outlined the benefits of using new and innovative methods for the example.*

Ачкыч сөздөр: *инноватция, изденүүчүлүк, адистик чеберчилик, интерактивдүү, компотенттүү, техналогиялар,процесс, модификация*

Ключевые слова*: инноватция, кандидатура, профессионализм, некомпетентность, интерактивные технологии и модификация процесса*

Key words: *candidacy, professionalism, incompetence, interactive technologies and modification of the process*

Билим берүү системасындагы инновациялык (жаңылануу) процесстери –жаңыча окутууну жаратууну, кабылдоону, баалоону, өздөштүрүүнү жана педагогикалык жаңылыкты кабыл алууну башкаруу процесси.

XX кылымдын башында илимде жаңы бир аймак түзүлдү, ал материалдык өндүрүштүн сферасында жаңычылыктын мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүүнүн алкагындагы жаңы нерселерди киргизүү илим болуп саналат. Педагогикалык инновациялык процесстер Батыштагы чет өлкөлөрдө 1950-жылдын акырында, ал эми Орусияда акыркы он жылдыкта атайын изилдөөнүн предметине айланды.Кыргызстанда инновация боюнча макалалар 1990-ж. гана жарыялана баштады. «Инновация» түшүнүгү латын тилинен которгондо «жаңыны киргизүү» дегенди билдирет. Бул илимий адабиятта кээ бир жүргүзүүнүн жаңыча жолу катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан, инновация аркылуу кайсы бир системада бир сапаттык абалдан экинчи бир сапаттык абалга өтүү процесси жүрөт десе туура болот. Демек «инновациялык» процесс деген жаңычылдыкты жаратуучу түзүүчү ишкер аракеттенүүнү өзүнө камтыйт. Мына ушул санап өткөн бардык ишкер аракеттенүүлөр окуу процессине киргизилгенде гана ал инновациялык окутууга жатат. Эгер ушул жаңыча ишкер аракеттер тарбиялык ишке, өстүрүүгө, же башкарууга байланыштуу болсо, анда ал инновациялык тарбиялоо, өстүрүү же башкаруу деп аталат. [2]

Инновациялык окутуу окуу материалынын мазмунун окутуунун методун жана формасын жаңылоо катары да көрүнөт. Эгер инновациялык окутуунун масштабы (көлөмү) боюнча аныктагыбыз келсе, ал жекече (локалдык), модулдук (комплекс түрүндө өз ара байланышкан, мисалы, бир түрдүү предметтер же бирдей куруктагы окуучулардын тобу), системалуу (жалпы мектепти камтыган) болуусу ыктымал. Эгер, мисалы, мектепте окулбай турган, программадан тышкаркы окуу материалы өздөштүрүлүүгө тийиш болсо,

же класска жаңы технология киргизилсе бул жекече жаңычылдык деп мүнөздөлөт.Эгер бардык класстарга бирдей же бир нече класстарга жарыш түрдө жаңыча программа киргизилсе, ал модулдук жаңычылдык деп аталат. Эгер жаңычылдык бүткүл меткепти кайра курууга багытталса, же жаңычыл билим берүүчү мекеме уюштурулса, ал системалуу жаңычылдык деп аныкталат.

Инновациялуук бардык учурда эле билим берүүнүн ажырагыс атрибуту болуп келген. Заманбап жалпы билим берүүчү мекеменин мейкининде ишке ашырылуучу мамлекеттик деңгээлдеги инновация- билим берүү жаатында жарандык институттардын системасын түзүүгө багыт алуу.

Жигердүү кайдигер эмес, социалдык жактан креативдүү жаранды окуучулардын окуулук ишмердиктерин инсандык- багытточулук, ишмердик, интерактивдик, технологиялык жол- жоболор аркылуу гана калыптандырууга болот. Дал мына ушул жол-жоболор жаштардын жарандык сапаттарын калыптандыруу шартын түзөт.

Билим берүүдөгү инновациялар, кеңири маанисинде, иштелип жаткан ишке жаңылык киргизүү катары, өзгөртүү, өркүндөтүү жана жакшыртуу катары түшүнүлөт. Инновацияга модеринизациясы, модификация рационалдаштыруу кирет. [1]

Илимдеги жаңы ачылуулар жөнүндөгү, ал жаңы ачылуулардын белгилүү бир ишмердиктеги мыйзам ченемдүүлүктөрүн, принцитерин, методдорун жана критерийлерин өздөштүрүүчү жаңы билимдер тармагы инноватика деп аныкталган. Педагогика жаатындагы жаңы билимдер тармагы- педагогикалык инноватика.

Инновациялык процесс:

Жарандык билим берүүдөгү инновациялык процесс татаал динамикалуу жаңыча ишмердик болуп саналат. Бул жаңыча мазмундун, аны өздөштүрүш үчүн мугалим жана окуучу тарабынан жасалган иш аракеттердин рефлексиялардын жана натыйжалардын жыйындысы. Ар кандай инновациялык процесстин түзүмү төмөнкүдөй:

идея;

инновациянын генезиси;

ишмердүүлүк жана мазмундук инновация;

уюштуруучулук башкаруучулук инновация;

инсандык –ишкердик өсүштүн жыйынтыктары.

Мугалимдин инновациялык ишмердиги:

Инновациялык педагогикалык ишмердик деген ар кандай инновациялык билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу ишмердиги болуп саналат. Ал ишмердиктин негизинде төмөнкүлөр жүзөгө ашырылат:

Баланы түшүнүүгө, таалим тарбия берүүгө жана өстүрүп жетилтүүгө карата жаңыча философиялык-педагогикалык, жаңыча концепциялык педагогикалык идеялары;

Баланын мектептеги жашоо-тиричилигин жана ишмердигин уюштуруунун жаңыча формалары;

Мугалимдин инновациялык ишмердигинин өз түзүмү болот. Ал конгнтивдик, креативдик, мотивациялык жана процессуалдык компоненттерден турат. Инновациялык ишмердиктин психологиялык түзүмүнө мугалимдин өзүнүн педагогикалык ишмердигин текшерүү жана баалоо- өзүнө өзү педагогикалык талдоо жүргүзүү да кирет.

Заманбап мугалимдин инсандык адистик сапаттары:

фактов. Использование языка в метаязыковой функции обычно связано с трудностями речевого общения, например, при разговоре с ребенком, иностранцем или другим человеком, не вполне владеющим данным языком, стилем, профессиональной разновидностью языка. Метаязыковая функция реализуется во всех устных и письменных высказываниях о языке – на уроках и лекциях, в словарях, в учебной и научной литературе о языке. Эстетическая – функция эстетического воздействия, проявляющаяся в том, что говорящие начинают замечать сам текст, его звуковую и словесную фактуру. Эстетическое отношение к языку означает, таким образом, что речь (именно сама речь, а не то, о чем сообщается) может восприниматься как прекрасное или безобразное, т.е. как эстетический объект. Эстетическая функция языка, будучи основной для художественного текста, присутствует и в повседневной речи, проявляясь в ее ритмичности, образности. Интеллектуально-коммуникативная – функция сообщения. Функция сохранения информации реализуется также в архивах, причем вполне вероятно, что какая-то часть информации никогда и никем не будет востребована; но хранить необходимо все – для истории. Эмотивная функция языка предполагает выражение чувств, эмоций. Она реализуется в поэзии, в диалогах, в пении; язык располагает особыми средствами выражения эмоций: эмоционально окрашенными синонимами, фразеологией, тропами, стилистическими фигурами, в устной речи – интонациями. Наибольшими возможностями эмоционального воздействия на собеседника обладают поэтические образы, создаваемые поэтом коннотациями, иносказаниями, метафорами, эпитетами, аллегориями – средствами, которые изучаются в поэтике [4; с. 508]. Нередко отмечают также функцию воздействия на других людей: это приказ, просьба, убеждение, побуждение к каким-то действиям. В этих случаях речь может и не нести в себе какой-либо информации: она передает волевой акт говорящего. Функция формирования и выражения мысли: ведь любая мысль, формируясь, облекается в языковую форму (это так называемая внутренняя речь). Сначала аморфная мысль, возникающая в виде образов, без достаточных внутренних связей, еще не может быть высказана. Четкие синтаксические, веками отработанные, отшлифованные структуры накладываются на аморфную мысль, и это придает ей четкость, возникает возможность для восприятия этой мысли другими людьми; так достигается понимание как соотношение слов и речевых структур с эталонами, хранящимися в речевой памяти слушающего. На основе всего вышеизложенного можно сделать вывод, что речевая сторона коммуникации имеет сложную многоярусную структуру и выступает в различных стилистических разновидностях: различные стили и жанры, разговорный и литературный язык, диалекты и социолекты и т.п. Все речевые характеристики и другие компоненты коммуникативного акта способствуют его успешной или неуспешной реализации. Говоря с другими, из обширного поля возможных средств речевой коммуникации выбираются те средства, которые кажутся наиболее подходящими для выражения мыслей в данной ситуации. Это – социально значимый выбор. Процесс этот и бесконечен, и бесконечно многообразен. При этом основной единицей речи является микротекст (сложное синтаксическое целое), который имеет свой особый лингвистический статус. Это единица, состоящая из двух или более предложений и характеризующаяся: 1) смысловой и функциональной завершенностью; 2) синтаксической организованностью; 3) коммуникативной целостностью; 4) интонационной оформленностью .

Литература:

1. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. -М.: Сов. энциклопедия, 1969. – С.607.
2. Василик М.А. Основы теории коммуникации: учебник. -М.: Гардарики. 2003.-С. 615.
3. Клюев Е.В. Речевая коммуникация. -М.: Рипол Классик, 2002. –С.320.

4. Андрианов М.С. Невербальная коммуникация. -М.: Ин-т Общегуманитарных исследований. 2007. – С.256.

УДК: 677.027.562.8

Кушбакова А., магистрант, ОшГУ

КОЛОРИСТИЧЕСКАЯ ПОДГОТОВКА ОБУЧАЮЩИХСЯ В ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ШКОЛЕ НА ЗАНЯТИЯХ ПО ЖИВОПИСИ

COLOURISTIC TRAINING OF STUDENTS IN ART SCHOOL IN THE CLASSROOM ON PAINTING

Аннотация: *В статье рассматриваются особенности колористической подготовки обучающихся в художественной школе на занятиях по живописи.*

Abstract: *The article discusses the features of the coloristic training of students in art school classes in painting.*

Ключевые слова: *Феномен, средство выразительности, колористическая подготовка, цвет, гармония.*

Key words: *Phenomenon, means of expressiveness, color training, color, harmony.*

Колористическая подготовка как необходимый компонент художественной подготовки требует глубокого изучения ее особенностей. Ведущий предмет в художественной школе, осуществляющий колористическую подготовку учащихся — живопись. Цвет, как основа языка живописи, — это активное средство в создании художественного образа, средство выразительности, а способности владения цветом и их развитие – одна из главных проблем и задач колористической подготовки учащихся детской художественной школы.

Широкий диапазон возможностей цвета, потребность общества в цветовой образованности и профессиональной колористической деятельности, высокие требования к уровню колористической подготовки выпускников художественной школы явились главными предпосылками к исследованию проблемы колористической подготовки, развития колористических способностей учащихся.

Феномен цвета изучается с разных научных позиций: физиологии, физики, химии, психологии, философии, эстетики, живописи и др. В изобразительном искусстве наиболее значима художественно-эстетическая, эмоциональная сторона цвета, в колористической подготовке цвет используется как активное средство воспитания эстетических качеств личности, развития художественных и интеллектуальных способностей. Не случайно проблема цвета интересует специалистов, занимающихся вопросами эстетического воспитания и творческого развития учащихся, так как цвет — универсальное выразительное средство во всех видах изобразительного искусства: живописи, дизайне, графике, декоративно-прикладном искусстве.

Искусство цвета во всей полноте проявляется в живописи. Колористическая подготовка – сложный и многоступенчатый процесс, который начинается с обучения в художественной школе, где закладываются основы живописной грамоты, осуществляется целенаправленная колористическая деятельность, развиваются колористические способности детей. Главные компоненты колористической подготовки учащихся — колористические знания, умения, навыки и колористические способности, степень сформированности которых определяет качество дальнейшего обучения учащихся и их будущей профессиональной деятельности в сфере изобразительного искусства.

Для выявления особенностей колористической подготовки в процессе обучения живописи необходимо раскрыть содержание ведущих колористических понятий: цвет, гармония цвета и колорит.

Цвет является одним из главных изобразительно-выразительных средств художественного образа в искусстве. Накопленный опыт исследований в области цвета содержит наука о цвете – цветоведение, включающая знания о природе цвета. Большое значение в изучении цвета имеют труды по теории и психологии цвета, колорита (С. С. Алексеев, Б. А. Базыма, Н. Н. Волков, И. В. Гете, А. С. Зайцев, И. Иттен, Л. М. Миронова, Н. В. Серов, П. В. Яньшин и др.).

На протяжении всей истории цвет всегда являлся предметом для размышления. Философы, ученые, художники подчеркивали необходимость знания для живописца эмоциональной и эстетической составляющей цвета (А. Альберти, Э. Делакруа, И. В. Гете, Р. Штайнер, А. А. Исаев и др.).

Цвету как фундаментальному феномену бытия, непосредственно доступному нашему зрению, посвящена кандидатская диссертация А. А. Исаева. Анализ суждений мыслителей приводит автора к умозаключению, что цвет несет в себе информацию о мире извне, которую мы получаем с помощью цвета и благодаря цвету; цвет сообщает образу мира полноту и выразительность. Как эстетическое явление цвет способствует достижению гармонии и красоты, он выполняет функцию пространственного восприятия, эмоционально окрашивает видимый мир, обогащая и усложняя категории гармонии и красоты. В восприятии человека цвет имеет настроение, глубину, образ. При создании картины правильный подбор цветов оживляет ее, делает убедительным замысел произведения. Убеждение автора в эмоциональном воздействии цвета на психику человека созвучно позиции И. В. Гете, по словам которого цвет вызывает чувства и возбуждает мысль.

Большую ценность для практического применения в художественной практике имеют теории психофизиологического воздействия цветов (Г. Фрилинг и др.); теории и классификации цветовой гармонии (И. В. Гете, Л. Н. Миронова и др.); описание цветовых ассоциаций, закономерностей гармоничных цветовых сочетаний (Т. А. Буймистру и др.).

Цвет, с научной точки зрения, есть свойство любых материальных объектов излучать и отражать световые волны определенной части спектра [7, с. 241]. П. В. Яньшин выделяет в науке три самостоятельных подхода к формулировке понятия «цвет»: механистический (И. Ньютон), феноменологический (Э. Геринг) и эстетико-феноменологический (И. В. Гете). Подход И. Ньютона и Э. Геринга представляют цвет как феномен субъективного мира. С точки зрения И. Ньютона, цвет – субъективное ощущение, возникающее в ответ на воздействие на сетчатку глаза электромагнитного излучения определенной частоты [9, с. 81]. По мнению Э. Геринга, цвет – это то, что мы видим и можем описать с помощью свойств, которые мы в нем видим, цвет, существующий в восприятии человека в виде предметного образа. Э. Геринг ставит эмоциональный компонент в восприятии цвета в один ряд с параметрами светлоты, насыщенности и цветового тона. Согласно концепции И. В. Гете, цвет присущ всей природе. Утверждая гносеологическую (теоретико-познавательную) ценность цвета для непосредственно воспринимающего его человека, Гете придает воспринимаемому цвету статус символа, свойство обладания объективным значением. Цвет в мире и в процессе познания мира занимает подобающее ему место, осуществляя функцию символического «раскрытия» законов мироздания воспринимающему субъекту [9, с. 330]. Современные исследования психофизиологии и медицины подтверждают убеждения Гете в том, что цвета взаимодействуют не только со зрением, но и со всем организмом, целостным человеком, комплексно и закономерно изменяя его психологическое и физиологическое состояние. По мнению Н. Н. Волкова, сила учения И. В. Гете не в физике цвета, а в широкой системе фактов и закономерностей цветоощущения, в изучении зримого

взаимодействия цветов, деятельности глаза, познающего в объективном мире «сходное со своей собственной природой». Волков считает полезным для художественной практики изучение цветоведения.

Рассмотренные подходы к формулировке понятия «цвет» позволяют нам судить о цвете как о субъективном и объективном природном феномене. На наш взгляд, более объективными являются убеждения И. В. Гете, согласно которым цвет раскрывает нам законы мироздания, через цвет мы познаем и окружающий мир, и себя. Многофункциональность цвета, его разнообразные свойства вызывают огромный интерес у специалистов разных сфер деятельности. В искусстве цвет — язык, на котором «говорит» художник, с помощью цвета он познает мир, может запечатлеть мгновение, красоту окружающего мира, выразить свои мысли и чувства.

Цветовая гармония является одним из главных колористических средств живописи. Принято считать, что созданные природой цвета и их сочетания гармоничны, эта гармоничность цветовых сочетаний объясняется психофизиологическими закономерностями зрения. Гармония в цветовой композиции — это созвучие красок, совокупность цветовых отношений с учетом как основных характеристик цветов (тона, светлоты, насыщенности), так и формы, размеров занимаемых ими площадей [1, с. 75]. Кроме того, многие художники-педагоги, методисты считают, что одной из основных задач колористической подготовки является формирование умения передавать посредством цветовой гармонии эстетическое отношение, связывая гармонию цвета с чувством возвышенного, прекрасного, с понятием добра и красоты.

О функциях цветовой гармонии в произведениях живописи (декоративной, эмоционально-содержательной, мировоззренческой, моральной) писали известные художники П. Синьяк, Э. Делакруа. По словам Э. Делакруа, «живопись вызывает совершенно особые эмоции, которые не может вызывать никакое другое искусство. Эти впечатления создаются определенным расположением цветов, игрой света и тени — словом, тем, что можно было бы назвать музыкой картины. Эта магическая гармония захватывает вас при первом же взгляде на картину, когда вы, войдя в собор, еще не можете видеть за дальностью расстояния, что именно она изображает» [8, с. 62]. Сказанное свидетельствует о важности в колористической подготовке начинающего живописца умения видеть и передавать гармонию цвета для выражения чувств.

Значение цветовой гармонии в живописи подчеркивает Л. Г. Медведев, поясняя, что «именно цветовая гармония может передавать тончайшие нюансы мироощущения художника, его эмоциональное отношение к изображаемому» [5, с. 37]. Н. Н. Волков, также исследовавший феномен цвета в живописи, убежден, что и красота цветовых сочетаний и изобразительная сила цвета существуют в искусстве ради выражения чувств и идей. По мнению авторов, чувство красоты цвета и вкус к цвету можно и необходимо развивать.

Высказывания ученых и художников о цветовой гармонии определяют ее ведущую роль в эстетическом претворении красочного богатства мира как мощного выразительного колористического средства в живописи.

Литература:

1. Брушлинский А. В. Продуктивное мышление и проблемное обучение [Текст] // А. В. Брушлинский. - Москва: Знание.1983. – С.96.
2. Волков Н. Н. Цвет в живописи [Текст] // Н. Н. Волков. - Москва: Искусство. 1985. **–С.**320.
3. Гете И. В. Об искусстве [Текст] / И. В. Гете. - Москва: Искусство. 1975. **–С.** 623.
4. Исаев А. А. Феномен цвета в контексте бытия человека: опыт философского анализа: автореф. дис.канд.филос.наук: 09.00.01 [электронный ресурс] // Исаев Александр

Аркадьевич. – Магнитогорск.2006. – С.22. – URL: http://www.dslib.ru/ontologia/isaev (дата обращения: 15.09.2013.
5. Лыкова, Е. С. Декоративность в изобразительной деятельности младших школьников [Текст]: учебное пособие //Е. С. Лыкова. - Омск: Издательство ОмГПУ. 2002. **–С.**148.
6. Сокольникова, Н. М. Изобразительное искусство и методика его преподавания в начальной школе [Текст]: учебное пособие для студентов педагогических вузов // Н. М. Сокольникова. – Москва: Академия, 1999. – С.368.
7. Унковский А. А. Цвет в живописи [Текст]: учебно-методическое пособие для студентов художественно-графических факультетов педагогических институтов / А. А. Унковский. – Москва: Просвещение, 1983. – С.63.
8. Шашков Ю. П. Живопись и ее средства [Текст]: учебное пособие для вузов / Ю. П. Шашков. - 3-е изд. - Москва: Академический проект. 2010. **–С.**128.
9. Щербаков В. С. Изобразительное искусство. Обучение и творчество (Проблемы руководства изобразительным творчеством детей) [Текст] // сост. Б. П. Юсов А. В. Щербаков. – Москва: Просвещение, 1969. – С.272.
10. Яньшин, П. В. Введение в психосемантику цвета [Текст]: учебное пособие / П. В. Яньшин. – Самара: Издательство СамГПУ.2001. **– С.**189.

УДК: 528.942(3)

Макамбаева Ж.А., магистрант, ОшМУ

СТАРТТЫК ЭКСПЕРИМЕНТ (SEA) ЫКМАСЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК СИСТЕМА КАТАРЫНДА

THE ROLE OF THE STARTED EXPERIMENT(SEA) USES IS A INNOVATON IN THE SYSTEM OF TEACHING

Аннотация: *Бул макалада SEA ыкмасынын азыркы педагогикалык системага зарылдыгы жана артыкчылыктары жөнүндө баяндалат, ошондой эле SEA ыкмасындагы өтүлгөн сабактын ишгелмеси кошо берилген.*

Аннотация: *В данной статье говорится о необходимости и успешности методики SEA в применении современной педагогической ситсеме, также приложена разработка урока по методу SEA.*

Abstract: *This text is set out on the heed and the success of SEA techniques in modem educational system,fs applied to develop a lesson on technique SEA.*

Ачкыч сөздөр:*инновация, эксперимент, мониторинг. Презентация, божомолдоо, байкоо. натыйжа.*

Ключевые слова*: инновация, эксперимент, мониторинг, презентация, гипотеза, наблюдения, результат.*

Key words: *experimient, monitory, prezetation, predikitin, watchinq, conclusion.*

Илимдеги жаңы ачылуулар жөнүндөгү, ал жаңы ачылуулардын белгилүү бир ишмердиктеги мыйзам ченемдүүлүктөрүн, принцитерин, методдорун жана критерийлерин өздөштүрүүчү жаңы билимдер тармагы инноватика деп аныкталган. Педагогика жаатындагы жаңы билимдер тармагы- педагогикалык инноватика.

Ошондуктан окуучуларды предметке кызыктыруу үчүн билим сапатын жогорулатуу үчүн, инновациялык, жаңы методдорду пайдалануу максатка ылайыктуу.Инновациялык ыкмаларды тандоонун себеби, ал окуучулардын азыркы демократиялык коомдо зарыл болгон мамилелешүү, карым катыштык көрдүмдөрүн иштеп чыгууга жана моделдештирүүгө өбөлгө түзөт [1].

Башталгыч эксперимент, мүмкүн болушунча, жөнөкөй болушу керек жана мектеп окуучуларын курчап турган дүйнөсү менен шайкештиги болууга тийиш. Ошондуктан анда өзгөчө лабораториялык приборлор жана материалдар пайдаланбашы керек. Физика боюнча айнек колбанын ордуна кадимки стаканды алууга болот, температура кол менен эле сезилет, электр энергиясы лампочка менен далилденет ж.б.у.с. Атайын лабораториялык приборлор кийинчирээк, сабактын жүрүшүндөколдонулат, качан окуучулар верификациялык эксперименттерди пландаштырып жана өткөрүп жаткан кезде.

Баштапкы эксперимент окуучуларда кызыктуу суроолорду туудурган жана ага аларга колдо болгон билимдердин жардамы менен жооп берүү оңойго турбаган байкоолорду жасоого мүмкүндүк берүүгө тийиш. Алар гипотезаларды коюуга жана андан аркы изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мотивдештирүүгө алып келиши керек. Эч качан баштапкы эксперименттер өздөрү түшүндүрмө бербеши керек,жана ал күтүүсүз болгон натыйжалуу эффекти бере ала турган болсо жакшы өткөрүлөт.

Байкоолор окутуунун негизи болуп эсептелгендиктен мугалим өзгөчө көңүлдү бардык окуучулар бул кадамда жигердүү катышуусуна бурушу керек. Ошондуктан ар бир окуучу деталдык байкоо жүргүзө ала тургандыгын аныктоо керек болот. Бул үчүн окуучулар мугалимдин столуна чакырылат, жакын жерден кунт коюп байкоо үчүн. Бул жерде кеп визуалдык эмес таасирлер жөнүндө гана жүрүп жаткандыгын түшүнүү үчүн, окуучуларды өздөрүнүн бардык сезүү органдарын колдонууга чакырышат. Сабактын жүрүшүндө мугалим окуучуларга даяр билимди бербейт, ал билимдерди алуу процессинин уюштуруучусу катары аракеттенет. Өзгөчө маани мында өздүк потенциалды өнүктүрүүгө жана окуучуларды мотивдештирүүгө бурулат. SEAнын дем берүүчүлөрү болуп Жан Пиаже, Нейл Брунер жана Дитер Нахтигалль эсептелишет.

Башталгыч эксперимент «SEA»методунун жардамы менен сабак өтүүнү сунуш кылам. Ал көбүнчө табигый илимдерге багытталган, ошондой эле физика сабагына да колдонсо болот. Бул метод окуучуларга окуу процессине активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берет. Ушундай жол менен ой жүгүртүүсүн, фантазиясын, чыгрmaчылыгын, өздүк демилгечилигин, жана логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө эркиндик берет. Ошондой эле өздүк сыноонун өрчүшүнө жана башкалардын идеяларына сый мамиле кылууга шыктандырат.

Нерселердин сүзүп жүрүшү.

I. Стартык эксперимент:

*Керектелүүчү материалдар:*Бирдейкөлөмдөгү 2 стакан, суу, туз, жумуртка 2 даана.

Эки стаканды алып, алардын бирине таза суу экинчисине туздуу сууну куябыз. Биринчи стаканга жумуртка салдык. Жумуртка сууга чөгүп кетти. Экинчи стакандагы сууга жумуртка салганда, ал суунун бетинде калкып калды.



II. Байкоолор:

Биринчи байкоо

а) Көлөмдөрү бирдей айнек идишти көрдүм. Идиштерге бирдей бийиктикте суу куюлду.

б) Эки айнек идишке бирдей суу куюлду. Идиштеги суюктуктун бирөөсүнүн өңү бозомук экенин байкадым.

в) Жумуртканы 1- суусу бар идишке салганда чөгүп кетти.

г) Жумуртканы сууга салганын көрдүм, жумуртка сууга чөгүп кетти.

д) Мен эки стакандагы сууну жана жумурткаңы көрдүм

Экинчи байкоо

а) Жумурткаңы 2 - стакандагы сууга салганда жумуртка чөкпөдү.

б) 2 – стакандагы суунун өңү бозомтук, жумуртка салганда жумуртка чөкпөдү.

в) Бышырылган жумуртка го, чөкпөй калды.

г) Экинчи жумурткаңы салганда ал идиштин түбүнө чейин чөгүп, кайра суунун бетине көтөрүлдү.

Текшерүүчү эксперимент:*Студенттердин байкоолорун жаздырып доскага илгенден кийин 2 студент доскага келип, текшерүүчү экспериментти жүргүзүштү. Туура байкоолорду белгилешти. Студенттер дептерлерине байкоолорду жазышат.*

III. Тандалган байкоолор:*Байкоолордун ичинен дагы байкоолорду тандап алабыз.*

Биринчи байкоо

а) Жумурткаңы 1-суусу бар идишке салганда чөгүп кетти.

б) Эки айнек идишке бирдей суу куюлду. Идиштеги суюктуктун бирөөсүнүн өңү боз экенин байкадым

в) Мен экистакандагы сууну жана жумурткаңы көрдүм.

г) Жумурткаңы сууга салганын көрдүм, жумуртка сууга чөгүп кетти.

Экинчи байкоо

а) Жумурткаңы 2 - стакандагы сууга салганда жумуртка чөкпөдү.

б) 2 – стакандагы суунун өңү бозомтук.

в) Бышкан жумуртка го, чөкпөй калды.

г) Экинчи стакандагы жумуртка калкып калды.

IV. *Суроолор:*

Тандалган байкоолорду 1-2-ж.б. деп бөлүп алып, ачкыч сөздөрдү белгилеп, ошолордун негизинде 1-2-ж.б. байкоолордон суроолорду түзүп алабыз.

1.Эмне үчүн жумуртка сууга чөгүп кетти?

2. Эмне үчүн жумуртка сууда калкып калды?

V. Божомолдор:

Ар бир суроого студенттер кайрадан өздөрүнүн божомолдорун беришет.

Биринчи суроого божомол

1. Жумуртка оор болгондуктан чөгүп кетти го.

2. Суунун тыгыздыгынан жумурткаңын тыгыздыгы чоң болсо керек.

3. Жумурткаңын оордук күчү төмөн көздөй аракет этет.

Экинчи суроого божомол

1. Суу таза эмес, аралашмасы бар го, жумуртка калкып калды.

2. Сууда жумуртка жеңил болуп калды. Суунун тыгыздыгы өзгөрдү.

3. Суюктуктагы нерселерге суюктук тарабынан түртүү күчү жогору көздөй аракет этет.

VI. Эмне изилденет?

Божомолдордон дагы ачкыч сөздөрдү белгилеп алып, андан эмне изилденерин табабыз.

1.Тыгыздыктары түрдүү болгон нерселердин суюктукта чөгүүсүн аныктоо.

2. Нерселердин сууда сүзүшүнүн суюктуктун тыгыздыгынан көз карандылыгын аныктоо.

3. Суюктукка матырылган нерсеге суюктук тарабынан аракет эткен күчтү аныктоо.

VII. Аныкталуучу эксперимент

Окуучуларды 3 топко бөлдүм.

а) Биринчигруппага: суусу бар ванна идиш, бирдей көлөмдөгү тыгыздыктары түрдүү болгон нерселер берилди.

Тыгыздыктары түрдүү болгон нерселердин суюктукта чөгүүсүн аныкташты.

$\rho_с < \rho_н$ болгон учурда нерселер суюктукка чөгөрүн аныкташты.

б) Экинчи группага: жөнөкөй суу, туз, май, пипетка, стакандар берилди.

Нерселердин сууда сүзүшүнүн суюктуктун тыгыздыгынан көз карандылыгын аныкташты. $\rho_с > \rho_н$ болгон учурда нерсе суюктуктун бетинде калкып калат.

в) Үчүнчү группага: бирдей көлөмдөгү тыгыздыктары ар башка 3 цилиндр, тараза таштары, мензурка,суу, динамометр берилди.

Суюктукка матырылган нерсеге суюктук тарабынан аракет эткен күчтү аныкташты.

$$F_A = g\rho_с V_н$$

VIII. Презентация: *Окуучулар жасаган эксперименттери боюнча кандай жаңы билимге ээ болушкандыктарын жазышты. Мугалим жыйынтык чыгарды. Жыйынтыктоо.*

IX. Жаңы билим: *Тема*: **Нерселердин сүзүп жүрүшү**. Суюктуктун ичиндеги нерсеге оордук күчү жана Архимед күчү аракет этет. Мында: $F_A = g\rho_с V_H$; $F_0 = mg$



Ал күчтөрдүн кайсынысы кичине болсо нерсе ошол жакка жылат.



1. Эгерде $F_o > F_A$ болсо, анда нерсе суюктукка чөгөт.
2. Эгер $F_o < F_A$ болсо, анда нерсе суюктуктун бетинде калкып жүрөт.
3. Эгер $F_o = F_A$ болсо, анда нерсе суюктуктун ичинде сүзүп жүрөт.

Суюктуктун жана нерсенин тыгыздыктары боюнча:

1. $\rho_с = \rho_н$ болсо, анда нерсе суюктуктун ичинде сүзүп жүрөт.
2. $\rho_с < \rho_н$ болсо, анда нерсе суюктукка чөгөт.
3. $\rho_с > \rho_н$ болсо, анда нерсе суюктуктун бетинде калкып жүрөт.

Демек нерселердин сүзүп жүрүшүн эки жол менен: Архимед күчүн оордук күчү менен жана суюктуктун тыгыздыгы менен нерсенин тыгыздыгын салыштырып аныктасак болот.

X. Колдонулушу. Жогоруда айтылгандар сууда сүзүүчү кемелерди жасоодо жана алардын кыймылын башкарууда эске алынат. Себеби кеменин суудагы бөлүгү аркылуу сүрүлүп чыгарылган суунун салмагы, кеменин жүгү менен алгандагы абадагы салмагына барабар. Кеменин сууга матырылган бөлүгүнүн тереңдиги анын **ватер сызыгы** деп

аталуучу кызыл сызык менен белгиленет. Эгер суунун деңгээли кеменин кеменин кызыл сызыгынан жогорулап кетсе, чөгүп кетүү коркунучу туулат.

Үйгө тапшырма: Нерселердин сүзүп жүрүшү деген теманы окуп келүү. Нерселердин сүзүп жүрүшүнө дагы кандай мисалдарды келтиресиңер кошумча адабияттардан карайсыңар.

Адабияттар:

1. Хуторский А. В .«Педагогическая инноватика- рычаг образования».- Москва. 2008.
2. Бычков А. В.«Инновационная культура». Профильная школа .2005.- №6.

УДК: 004.031.42

Макамматжан к. А., англис тили мугалими
altynai-91-kg@mail.ru

МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН САБАККА БОЛГОН КЫЗЫГУУСУН АРТТЫРУУ

USING INFORMATIONAL TECHNOLOGIES TO INCREASE STUDENTS' INTEREST AT THE LESSON

Аннотация: *Бул макалада информациялык технологияны колдонуу менен англис тилин окуучуларга эффективдүү түшүндүрүп берүү жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу каралган.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается эффективность использования информационных технологий изучающих английский язык и для повышения интереса учащихся.*

Abstract: *The given article is devoted to the use of informative technologies to teach pupils effectively and increase their interest.*

Ачкыч сөздөр: *медиадидактика, медиакаражаттар, маалыматтык технология, маалымат*

Ключевые слова: *медиадидактика, медиасредства, информационные технологии, информация*

Key words: *media didactic, media resources, information technologies, information.*

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын билим берүү системасы окутуунун методдорунун жана каражаттарынын, окуу тарбия процессин жаңылантуунун башкача мезгилин башынан өткөрүүдө. Себеби XXI кылымдын башында адам цивилизациясынын өнүгүүсүндө индустриялык коомдон информациялык коомго өтүү аяктап, информацияны колдонуу алкагы коомдун өнүгүүсүнүн негизги белгиси болуп калды. Информациялык коомдо адам өзүнүн ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө компьютердик технологияларды колдонуу, информациянын ишенимдүү булактарына жетүүнү камсыз кылуу менен, оптималдуу чечимдерди кабыл алуусун тездетет жана иштетүүнү автоматташтырат. Билим берүү стандартына ылайык, ар бир адис өзүнүн адистиги боюнча билимдерге жана билгичтиктерге, ошондой эле жаны кырдаалдарды чечүүгө зарыл болгон чыгармачылык жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнө ээ болуу деңгээлин компьютердик

жогорку сапаттуулугу менен көрсөтө билүүсү керек. Бүгүнкү күндө жалпы билим берүү системасында жаңылануу процессинде мезгилдин талабына ылайыкташылган жаңы информациялык технологияларды камсыздоочу программаларды колдонуу аркылуу чет тилдерди өздөштүрүү, түшүнүктүн мазмунун элестете алуусуна жана түшүнүктү өзүнүн тилдик ишмердигинде колдоно билүүсүнө шарт түзүшү мүмкүн. Ар бир маалыматты окуучулар үчүн түшүнүктүү, айкын жана аң- сезимдүү өздөштүрүлүшүнө мугалимдер жаңы информациялык технологияларды колдонуу менен жеткиликтүүлүгүн камсыздай билүүсү зарыл.Окутуунун техникалык каражаттары – окуу процессинде пайдаланылуучу ар түрдүү жарык бергич (светотехнические) жана дабыш бергич (звуковые) колдонмолор жана аппаратура. Буларды азыр аудиовизуалдык, башкача айтканда угузгуч-көрсөткүч (слухо-зрительные) колдонмолор дешет. Окутуунун техникалык каражаттарын жарык бергич техникалык же экрандык, дабыш бергич техникалык жана программаланган окутуу каражаттары сыяктуу түрлөрү бар.

Англис тилин окутуунун максаты-окуучулардын комуникативдик баарлашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул болсо,дүйнөлүк коомчулук алкагына кирүүгө жана андан арым ийгиликтүү эмгектенүүгө жол ачат.

Комуникативдик компетенция дегенибиз-чет тилине интегративдүү окутуу, мында окутуунун максаты- тилди алып жүрүүчүлөр менен стандарттын чегиндечетэлдик карым-катнаш, маданият аралык баарлашууга даярболуу болуп саналат.

Окуучулар үчүн темаларды жана маселелерди тандоо окуучулардын чыныгы кызыкчылыгына жана керектөөсүнө дал келүүсү эң негизги маселе. Окутуунун мазмуунун аныктоодонегизги көнүл окуучулардын социомаданий билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө маанибериш керек, себеби алар өз өлкөсүнүн маданиятын,урп - адат,каада-салтын мамилелешүү, баарлашуу учурунда толук кандуу көрсөтө алуулары зарыл. Ошол эле учурда чет тилимугалимдери окуучуларга жеке жана ар тараптуу мамилежасоого таянып,инсангабагытталган ,кызматташтыкта окутууну ишке ашыруулары зарыл. Мына ушул багытта акыркы жылдары жаны технологиялардын түрү тез ылдамдык менен өсүп интернеттик тармактарды колдонуу кадимки көрүнүш болуп калды. Мультимедиялык каражаттарды эффективдуу пайдалануда негизги көрсөткүч илимий техникалык өсүш болуп эсептелет.Англис тилин үйрөтүүдө жаңы технологияларды колдонуу , окутууну жаңыча өзгөртүп түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.Өнүккөн өлкөлөрдө компьютердик технологияларды пайдаланып,керектүү электрондук окуу куралдары түзүлүп жатат.

Мультимедиа түшүнүгү XX кылымдан баштап колдонула баштаган.

И.Н.Розина “ Мультимедиа- бул компьютердик технологиялар, бир эле учурда көптөгөн информациалык каражаттар: графика, текст, видео, сурот, анимация,ундук эффективдүүлүктөр болуп саналат “ деп белгилеген. [2– 358]

Башталгыч класстарга англис тилин уйрөтүү чон эмгекти талап кылат. Себеби алар үйрөнүп жаткан тили боюнча биринчи жолу маалымат алып, кызыгуу менен окуйт. Бул учурда алар жазылбаган таптаза барак сыяктуу. Бизэмнени жазсак ошону кабыл алат. Мисалы тамганы уйрөтө турган болсок. Жогоруда айтып кеткен видео, сүрөт,анимациянын негизинде оңой жана так түшүнө алат. Кошумча аудиолордун жардамында алардын суйлөө речи да бир топ жогорулайт.Мына ушул багытта Семенова “Мультимедиа- бир эле учурда көрүү жана угуу аркылуу кенен үйрөнүүгө шарт түзөт” деп айткан. [3 -335]

Англис тилин үйрөнүүдө мультимдеиялык каражаттардын орду чоң ошондой эле үйрөнүүчүлөдүн аутенттик комуникациясын,медиокампетенттүүлүгүн жогорулатат. Ошол эле учурда тил алып жүрүүчүлөрсүз эле башка англис тилинде суйлөгөн элдер менен сүйлөшө алышат. Өзүнүн каалаган өлкөсүнө виртуалдык саякат жасай алышат, алардын маданиятын, тарыхын ,үрп-адатын, каада-салтын окуп үйрөнүү аркылуу англис тилин кызыгуу менен үйрөнүүгө мотиватциа болот.

Эгер окуучуда тил үйрөнүгө өз каалосу болсо мугалимдин жардамысыз эле интернет тармагы аркылуу кенен үйрөнгөнгө кеңири шарттар түзүлгөн.

Мисалы: Англис тилинин грамматикасын үйрөнөм деген болсо ал үчүн атайын (Learn English grammar) шилтемеси аркылуу сабактарды окуп жана уга алат. Ошол эле темада көнүгүүлордү өз алдынча иштеп,жыйынтыгын да автоматтык түрдө көрө алат. Дагы баса белгилеп кетүүчү жагдай скайп(Skyp),имо (Imo) жана башка дагы ушулар сыяктуу жаны программалардын жардамында тилди алып жүрүүчүлөр менен түз байланышып, достошуу аркылуу өзүнүн сөз байлыгын, маданиятын өркүндөтө алат. Бул да болсо жаны техналогиянын чоң жакшы жагы деп айта кетсек болот.Маалыматтык технологиялар азыркы учурдагы адамдын ар түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө жардам берүүгө жөндөмдүү универсалдык көрсөтмө болуп эсептелет. Алар окуу процессине орчундуу жана ар түрдүү салым кошушкандыктан маалыматтык - технологияларды пайдалануу, окутууга салмактуу себепти жана өз ара байланышкан жолду, материалга батырууну тереңдетет, окутуучунун профессионалдык өсүшүнө жана окутуунун сапатынын жакшыруусуна алып келээри баарыбызга маалым .

Окутуунун техникалык каражаттарын окуу-тарбия процессинде кеңири жана дайыма колдонулушу окутуунун көрсөтмөлүүлүгүн күчөтөт, өздөштүрүү кыйын болгон материалды жеткиликтүү кылат, окутуу темпин тездетет, окуучуларга каралып жаткан кубулуш же объект тууралуу так маалымат берет, окутуунун активдүү меттодорун колдонууга шарт түзөт. Окутуунун техникалык каражаттары дайыма колдонуу мугалимди окуу материалын баяндоо методикасын өзгөртүүгө, материалды баяндоо жана бышыктоонун ортосунда убакытты башкача бөлүштүрүүгө мажбурлайт. Окуучулар окутуунун техникалык каражаттары колдонуу менен билимди өз алдынча, активдүү ала алышат.

Адабияттар:

1. Рогова Г.В. “ Методика обучения английскому языку” . –М.1983.
2. Розина И.Н .“ Педагогическо компьютерно- опосредованная комуникация”. - М 2005 .- С.437.
3. Семенова Н.Г. “ Мультимедийные обучающие системы лекционных курсов. Теоритические основы создания и пременения в пройессе обучения студентов технических вузов”. 2007.-С.335.
4. Соболева А.В. “ Использование мультимедийных технологии в обучении иностранного языкам”.- М. 2006.
5. Соловова Е.Н. “ Методика обучения иностранным языкам ,базовых курс” .- М 2009
6. “ Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы 6-том. –Б. 97.

УДК:070.(575.2)

Маматжанова З.М., аспирант, ОшМУ

ЖУРНАЛИСТИКАНЫН КООМДОГУ ОРДУ ЖАНА АТКАРУУЧУ КЫЗМАТЫ

SAFUAN AND FUNCTION OF JOURNALISM IN SOCIETY

Аннотация: *Макалада журналистика түшүнүгүнүн келип чыгышы, өнүгүшү, орду жана анын адамдардын жашоосундагы социалдык функциялары тууралуу сөз болот.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается происхождение, развитие понятия журналистики, ее место и социальные функции в жизни людей.*

Abstract: *This article examines the origin, development of the concept of journalism, its place and social functions in people's lives.*

Ачкыч сөздөр: *журналистиканын тарыхы, журналистиканын функциясы, массалык маалымат каражаттары, коммуникация, гезит, радио,телевидение.*

Ключевые слова: *история журналистики, функции журналистики, средства массовой информации, коммуникация, газета, радио, телевидение.*

Key words: *History of journalism, functions of journalism, mass media, communication, newspaper, radio, television.*

Журналистика деген сөздүн мааниси орус тилинде ″править (оңдоо)″ дегенди түшүндүрөт да, орус тилине Петрдун доорунда кирген. Негизи, журналист жана журналистика деген сөз “журнал” деген бир сөздөн пайда болгон, бирок анын келип чыгышы ар түрдүү. Бул сөз орус тилине француз тилиндеги “journal” деген сөздүн “papierjournal” болуп айкашышынан (“күндөлүк газета”) пайда болгон, ал эми “journal”–“күндөлүк” – латындын “diurnalis” деген сөзүнө барып такалат.

Орус лексикологдору журналист деген сөздү эң биринчи М.Ломоносов колдонсо, орус тилине Николай Полевой кийирген деп ырасташат. Алар журналистика деген сөз орус тилиндеги –истика суффиксинин жардамы менен уюшулгандыгын белгилешет да, ага романистика, юмористика, стилистика деген сыяктуу сөздөрдү мисал келтирүү менен бекемдешет.

Бул сөз орус тилинен башка славян тилдүү элдерге тарагандыгын, мисалы, журналістика (укр.), журналистыка (белор.), журналистика жана журнализьм (болгар) белгилешет. Орто Азиядагы түрк тилдерине – өзбек, казак, түркмөн, ошонун ичинде кыргыздарга да – бул сөз орус тилинен киргендиги анык. Ушул жерде белгилеп коюучу бир кеп, айрыкча, системалуу билим берүү системасы Совет бийлиги аркылуу кирген бизге окшогон өлкөлөргө көптөгөн терминдер орус тили аркылуу киргендигин кыргыз тилчи окумуштуулары өз эмгектеринде ырасташат. Чындыгында эле ошондой. Алсак, совет-кеңеш, партия, комсомол, радио, газета, журнал, журналист, артист ж.б.

Негизи, тарыхта журналистиканын байыркы заманда эле пайда болгондугу тууралуу фактылар сакталган. Албетте, аларды биздин заманга салыштырмалуу журналистика деп атоо кыйынга турат. Ошентсе да, бул фактыларды көз жаздымда калтырууга болбойт. Алгач маалыматты таркатуу, жайылтуу түшүнүгү б.з.ч. 44-жылдары Байыркы Римде пайда болгон. Коомчулукта болуп жаткан түрдүү окуяларды жарыялоо үчүн шаардын ар жерлерине тактайларды илип, аларга жаңылыктарды жазып турушкан. Россияда болсо XIX кылымдын башына чейин кабарларды чабармандар жеткирип турушкан. Мындай маалыматтар адрестерге жеткенге чейин эле өзүнүн жаңычылдыгын жоготуп койгон. Мисалы, Аляскanын жашоочулары (ал кезде Аляска Россияга караган) Екатерина II өлгөндүгү тууралуу кабарды 1797-жылы июнда, б.а., жети айдан кийин гана угушкан. [I]

Европада журналистиканын өнүгүүсүнүн жаңы этабы XVII кылымга туура келет. Бул убакта басма сөз бир нече багыттарга бөлүнгөн. Мында дүйнөлүк жаңылыктар өзүнчө баяндалып, түрдүү журналдар, справочниктер жана жылнаамалар чыга баштаган. Алгач гезиттин жана журналдардын башкы беттерине өнөр жай чөйрөсүндөгү жаңылыктар берилип турса, убакыт өтүп окурмандардын арасында өзгөчө популярдуулукка ээ болгон идеологиялык жана аналитикалык материалдарды жаза башташкан.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында журналистика коомчулукта абдан чоң ийгиликтерге жетишкен. Дал ушул XIX кылымдын аягында биринчи жолу радио ойлонулуп табылып, анын жардамы менен ар түрдүү маалыматтар жаңырып турган. Аз убактан кийин журналистикада массалык маалыматтардын үч негизги булагы колдонула баштаган: гезит, радио жана телевидение. Жаңылыктарды көрсөтүп да, баяндап да бергендиги үчүн булардын ичинен телевизор өзгөчө популярдуулукка ээ болгон.[II]

Бүгүнкү күнү журналистика коомдогу өзүнчө бир социалдык институт, ошондуктан аны “төртүнчү бийлик” деп да аташат. Анткени ал, жогоруда белгилегенибиздей, өзүнө гезит, журналдардын, китеп басмаканаларынын, теле-радиокомпаниялардын редакцияларын камтыйт, алардын бул иштерин (мезгилдүү басылмаларды, радио жана телеберүүлөрдү даярдоо, аларды окурмандарга жеткирүү)

журналистиканын инфраструктурасы: техникалык, маалыматтык, уюштуруп-башкаруучулук – камсыз кылат. Инфраструктурага ошондой эле окуу жана илимий борборлор да кирет.

Негизинен, журналистика коомдо төмөндөгү функцияларды аткарат. Маалыматтык, коммуникативдик, идеологиялык, маданий-билим берүүчүлүк, уюштуруучулук жана рекреативдүү. Албетте, анын эң биринчи функциясы бул – маалымат берүү кызматы. Массалык маалымат каражаттары коомдук эң маанилүү маселелерди чечүүдө өлкө жарандары өз көз караштарын аныктоого мүмкүндүк берүүчү өтө зарыл маалыматтарды сунушташы керек. Маалыматтык кызмат, болгондо да туура, калыс маалыматты жеткирүү – өтө түйүндүү функция. Ал эми азыркы ааламдашуу учурунда маалыматтын товарга айланышы бул кабыл алынган нормадан четтетип жатат. Аны өз көзүбүз менен көрүп, угуп жатабыз. Ошондон улам окурмандардын, угармандардын жана көрөрмандардын көңүлдөрү көбүнчө чыр-чатактарга, кылмыш окуяларына, кайып дүйнө жөнүндөгү миштерге, көзү ачыктарга, “жылдыздардын” жашоолоруна ж.б. бурулууда. Тез эле эмгек каармандары (шахтерлор, малчылар, дыйкандар, мугалимдер) унутулуп, анын ордун “май кармап, колун жалагандар”, “мыйзамдагы уурулар” ээлеп алышты. Бүгүнкү күндөгү маалымат каражаттарында позитивдүү процесстерге караганда негативдүү көрүнүштөрдү сүрөттөө көп орунду ээлейт. Пайда артынан кубалашкан жазмакерлер тээ атамзандан бери калыптанып, атадан балага өткөн тарыхый жана улуттук дөөлөттөрдү керексиз нерседей ыргытып ташташып, байлыкка жана бийликке байланган “сырты жалтырак, ичи калтырак” азгырма, жалган баалуулуктарды көкөлөтүшүүдө. Ал эми бул болсо маалыматтык кызматтын сапатына доо кетирип, окурмандардын ишенимдерин өчүрүүдө. Ал мурдагыдай турмуш чындыгын туура жана калыс сүрөттөй албай калды. Мунун баары (жалган, ойдон чыгарылган, апыртма) адамдардын массалык маалымат каражаттарына болгон ишенимдерин, өйдөдө белгилегенибиздей, жоготуп, мамлекеттик бийликтин кадырына доо кетирип, руханий жана психикалык жактан жакырлануура жол ачууда.

Коммуникативдик функция. Адам менен айбандын турмушуна көз салсак, экөө тең тирүү жаныбарларга кирет да, табият жана жандуу жандыктар менен мамиле түзүшөт. Айбандар инстинкт аркылуу мамилелешсе, адамдар тил аркылуу байланышат. Кепти колдонуп байланышуу вербалдуу, кепсиз мамилелеш вербалдуу эмес деп аталат. Орус окумуштуусу Р.С.Немовдун классификациясы боюнча карым-катыштын үч аспектиси болот: 1) мазмун – бул маалымат, ал бир жандуу жаныбардын экинчи жаныбар менен болгон карым-катышында (билим, абал, максат, кызыкчылыктар ж.б. алмашуу) берилген маалымат; 2) карым-катыштын максаты – кандай муктаждыктан улам, эмне үчүн карым-катыштын пайда болушу (керектөөлөр: гносеологиялык, практикалык, окказитивдик, пугникалык, гедоникалык, глорикалык, романтикалык, эстетикалык ж.б.); 3) карым-катыштын каражаттары – бул карым-катыш процессинде берилүүчү маалыматтарды коддоштуруу, өткөрүп берүү, кайра иштеп чыгуу жана чечмелөө. Карым-катыштын бул үч түрү психологдордун ырастоолору боюнча мазмунга ылайыктуу массалык коммуникацияда катышат. Массалык коммуникация психологиялык жактан мыкты өнүккөн адамдын калыптанышында өтө олуттуу ролду ойнойт. Психологиялык жактан мыкты өнүккөн адам анчалык өнүкпөгөн адамга караганда ар түрдүү адамдар менен карым-катыш түзүү керектөөсүн ийгиликтүү жүзөгө ашыра алуусу менен гана айырмаланбастан, ошондой эле карым-катыштын мазмунунун кеңирилиги, максаттын көп түрдүүлүгү жана мамилелешүүнүн каражаттарынын байлыгы менен да айырмаланат. Журналисттер үчүн коммуникация жогоруда аталган түшүнүктөрдүн интегрирленген формасы катары көрүнөт. Бул коммуникацияны куруунун универсалдуу формасы: адресант → канал → байланыштар → адресат, байланыш каналынын үстүндө – кабарлоо, түбүндө – натыйжа жатат. Бул схема анда кайра байланыштын шарты: адресаттан адресантка сакталса, анда азыркы массалык коммуникациянын схемасы да болуп

саналат. Мында адресант болуп редакция, ал эми адресат болуп аудитория эсептелет. Мына ушул саналган бешөөнүн ар бирине аныкталган талаптар коюлат, алардын аткарылышы коммуникациянын ийгиликтүүлүгүн камсыз кылат.

Идеологиялык функция. Журналистика идеологиялык инстурмент катары өзүнүн аудиториясында өзүн-өзү аңдап сезүүнүн (бул дүйнөдөгү өз ордун аңдап-сезүү) жана аң-сезимдин (сырткы дүйнөнүн ички модели) биримдиги катары аныкталган аң-сезимдүүлүктүн тибин калыптандырууга умтулат. Окумуштуу Прохоров массалык аң-сезимдин мындай схемасын сунуштаган. Үч көптүк: өтө чоң (коомдук пикир), мындан көптөгөн кичинелер (тарыхый аң-сезим), экинчисинде андан да кичине көптөр болот (2 тең бөлүккө: дүйнөгө көз караш жана дүйнөнү чагылдырууга бөлүнөт). Дүйнөгө көз караш – бул массалык аң-сезимдеги дүйнөнүн сүрөтү. Дүйнөнү чагылдыруу – бул дүйнөгө болгон көркөм көз караш, аны руханий жактан таанып-билүү. Муну ар кандай гезиттин жардамы аркылуу калыптандырууга болот. Алсак, анын биринчи бетине адамды өлтүрүү жана зордоо сценаларын чагылдырган сүрөттөрдү көп жайгаштырса, анда ал жерде жашап жаткандарда күчсүзгө күчтүү бийлик кылган, коркунучтуу шартта жатыптырбыз деген түшүнүктү пайда кылат. Массанын тарыхый аң-сезими да журналистиканын жардамы аркылуу калыптанат. Журналистика үчүн өткөндү учур менен гана байланыштыруу каалоосу мүнөздүү болбостон, окуялар менен процесстердин мүмкүн болгон өнүгүү тенденцияларын аныктоо да мүнөздүү болот. Коомдук пикир – бул азыркы турмуштун конкреттүү көрүнүшүнө массалык аң-сезимдин реакциясы. Бул реакция, көбүнчө, массанын дүйнөгө көз карашына, дүйнөнү чагылдыруусуна жана тарыхый аң-сезимине көз каранды болот. Ошондуктан ар кандай чакан маалыматтык форма – бул чындыктын жөнөкөй сүртүмү гана эмес, ошондой эле фундаменталдуу түшүнүктөрдү негиздөөнүн кирпичтери да (башталат баары майдадан, байкабайт аны майда адам) болуп саналат. Коомдук пикир – бул конкреттүү жагдайлар менен түшүнүктөрдүн системасынын турмушта эмне үчүн жана кантип өзгөрүү керектигинин коомдук аң-сезимде чагылдырылышы. Журналистиканын идеологиялык функциясынын маңызы мына мында: чындыкка ар тараптуу багыт берүү жолу аркылуу массанын аң-сезимдүүлүгүнүн өсүшүнө жана өнүгүшүнө ар дайым өбөлгө түзүп берүү. Маданий-билим берүүчүлүк функция. Маданият идеологиядан айырмаланып мына ошол учурда, мына ошол аймакта турмуштун оптималдуу деңгээлин аныктоочу жашоонун тигил же бул ыкмасын реалдуу жүзөгө ашыруу болуп саналат. Мында кайсынысы биринчи деп баш катыруунун зарылдыгы жок, маанилүүсү бул түшүнүктөр бири-бирин толуктап турушкандыгы. Көп учурда журналистиканын маданий-агартуучулук түшүнүгүн адабият жана адабият тармагындагы иш-аракет менен түшүнүгү менен бирдей кароо аракеттери учурайт. Адабият менен искусство – бул, тагыраак айтканда, маданий деңгээлди символикалык чагылдыруу. Искусство менен адабият журналисттин алдында турган болгонду (барды) салыштыруу милдетин аткарып коет. Журналистке жаратылган образдын сырларын ачып берүү иши гана калат, б.а., анын ички маңызын окурмандарга чечмелеп берүү милдети тиешелүү болот. Журналист үчүн окурманды чындыкты өз алдынча салыштырып талдоого жана андагы өзүнүн ордун аныктоого үйрөтүү маанилүү. Азыркы доор үчүн аң-сезимге талаптын төмөндөп кулашы менен мүнөздөлөт. Масса маалыматты аң-сезимде иштеп чыкпастан эле кабыл ала башташты. Ошентип, таанып-билүүчүлүк активдүүлүк аз-аздан өлүп барат. Чындыктын көчүрмөсү катары каралып келген маалымат чындыктын өзүн алмаштырып, анын өзүнө айланып калды. Ошондуктан чындык жөнүндөгү кабар өзүнүн маанисин жоготууда, ал эми бул болсо аң-сезимдин бузулушуна алып келет. Маданий-агартуучулук функцияны аткарууда пресса педагог катары чыгат да, андан маданий жаратмандык касиет-сапатты талап кылат.

Уюштуруучулук функция. Журналистика массалык аң-сезимди калыптандыруу иши менен алек болот. Бул эки ыкма аркылуу жүзөгө ашырылат: 1) биринчи кезекте коомдук пикирди жаратуу аркылуу аң-сезимге таасир этүү; 2) социалдык институттардын

жүрүм-турумдарына түздөн-түз таасир этүү аркылуу. Аудиторияда маалымат менен иш алып баруунун бүгүнкү өзгөчөлүгү – аң-сезимдин шал болуу белгилери пайда болгондугу. Анткени бүгүн адам алып жаткан маалыматтар – көлөмү боюнча өтө чоң жана мазмуну боюнча карама-каршылыктуу. Ошондуктан көп учурда чындыкты божомолдон же карандай калптан ажыратууга мүмкүн болбой калды. Коомдук сезимди ар кандай көз боемолук менен калыптандыруучу шылуун технологдор адамдын тигил же бул маалыматты талдоого болгон каалоосун өчүрүп ташташууда. Аң-сезимдин шал болуусу жана жүзү каралыктын калыптануусунун негизги себептери – мына ушунда. Журналистика өзүнүн алдына мүмкүн болушунча аудитория өзүнүн керектөөлөрүн жүзөгө ашырууда өтө эле көп күч жумшабай оптималдуу натыйжаларга жетишүүгө өбөлгө түзгөн, чечим кабыл ала билүүгө жардам бергендей маалыматты таратуу, дүйнөнү адекваттуу чагылдыруу, чындыкты аныктоо милдетин коет. Ал эми ар түрдүү шылуун технологдор адам өзүнүн керектөөлөрүн жүзөгө ашырууга багытталган аракеттерге эмес, маалыматтын булагынын керектөөлөрүнө ылайык аракеттенүүлөрүнө кызыктар болушат. Маалыматтын булагынын керектөөлөрү менен аудиториянын керектөөлөрү дайым эле дал келе бербейт. Маалыматтын тексти монофункциялуу (бир гана функциялуу), үстөмфункциялуу (башка маалыматтардын ичине бирине басым коюу), полифункциялуу (бир канча жана бардык функцияны өз ичине алуу) болот.

Рекреативдүү функция. Рекреативдүү (лат. recreation – калыбына келтирүү) функциянын милдети болуп эс алууга, бош убактысын кызыктуу жана жагымдуу өткөрүүгө шарттарды жаратуу эсептелет. Ошол эле мезгилде бул функция аудиториянын көңүлүнүн көтөрүүгө гана жөндөмдүү болбостон, интеллектин жана ой жүгүртүү иш-аракетин өнүктүрүүгө да өбөлгө түзө алат.

Адабияттар:

1. Г.В.Прутцков История зарубежной журналистики. (1 часть). – Москва.2003.
2. Беспалова А.Г., Корнилов Е.А., Короченский А.П., Лучинский Ю.В., СтанькоА.И. История мировой журналистики.- Москва.Ростов-на-Дону: Издательский центр «Март».2003.
3. История русской журналистики 18–19 вв. // Под ред. Л.П. Громовой. Изд-во СПбГУ, 2003.
4. История отечественной журналистики 1917–1945. Хрестоматия. Составители: И.В. Кузнецов, Р.П. Овсепян, Р.А. Иванова. -М.1999.

УДК: 070.(575.2)

Мамырова М., улук окутуучу, ОшМУ

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ БАСМА СӨЗДҮН АБАЛЫ

PRESS-STATUS IN KYRGYZSTAN

Аннотация: *Макалада, Кыргызстандын түштүгүндөгү басма сөздүн бүгүнкү күндөгү абалы, айтылуу жазуучулардын, журналисттердин жетишкен ийгиликтери жөн\ндө журналисттердин сөз эркиндигине байланышкан маалымат менен иштөөс\ тууралуу баяндалат*

Аннотация: *В статье излагается о сегодняшнем состоянии печати на юге Кыргызстана, об успехах известных писателей и журналистов, а также о работе журналистов с информацией, связанной со свободой слова.*

Abstract: *The article describes the current state of the press in the south of Kyrgyzstan, the successes of prominent writers and journalists, as well as the work of journalists with information related to freedom of speech.*

Ачкыч сөздөр: коомдо журналисттин орду, жазуучу, кесиптик эмгек, чыгарма, мекенди сүйүү, журналистика

Ключевые слова: *место журналистов в обществе, писатель, профессиональный труд, произведение, любовь к родине, журналистика.*

Key words: *the place of journalists in the society, writer, professional work, work, love of the motherland, journalism.*

Биз эгемендүүлүк алган жылдардан тарта ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болдук, кыргыз басма сөз кызматы да не деген күндөрдү башынан өткөбөдү. Ошол кыйынчылыктардан улам, мамлекет мыйзам иштеп чыкты. Бирок айрым мамлекеттерге караган сөз эркиндиги боюнча эркинбиз. Муну жакшы дегенибиз менен мыйзамга карап иштейбиз. Мыйзамда эмне деп жазылып турбасын ага баш ийген жан жокко эсе. Көбүнчө атка минерлер мыйзамды бузуп, маалымат катчылыкка салып келгенине баарыбыз эле күбөбүз. 1990-жылдардан тарта кыргыз басма сөзүнүн бир кыйла тажырыйба алгыдай болду десек. Тескерисинче сапаты начарлап катачылыктар көр кетип жатат. Кандай катачылыктар бар экенин баса белгилеп айта кетели.

Кыргызстанда ар бир атуул анын ичинде журналист өз оюн эркин айта алат, аны калаган маалымат каражаттарына жарыялай алат. Мындай укукту мамлекеттин Конституциясы, андан келип чыккан мыйзамдар алдында жооп берүүгө акылуу. Сөз эркиндигине байланышкан бир топ мыйзамдар кабыл алынган. «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө», «Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө», «Маалыматты эркин алуу кепилдиктери жөнүндө», «Автордук укук жөнүндө», «Реклама жөнүндө» жана башка мыйзамдар журналисттер үчүн негизги документтер болуп саналат. Кыргызстандын Баш мыйзамынын 14-статьясы ар бир атуулга (анын ичинен журналистке – Б. О.) өз оюн ачык айтууга, жазууга, аны жарыялоо же таркатууга толук укук берет. [1., б.] Эң башкысы журналисттердин укугу демократиянын принциптерине таянган адам укугунун бирден бир көрсөткүчү катары да баалоого болот. Анын негизги дүйнөлүк коомчулуктун бааммында Кыргызстанда Борбордук Азиянын башка мамлекеттерине салыштырганда сөз эркиндиги бар экендиги айтылат. Мындай жыйынтыкты Казакстандагы Эл аралык «Адил сөз» коомдук фондусунун иликтөөсү 2007-жылы дагы бекемдеди [2].

$\lim_{\tau\to\infty} Q_k(\xi,\tau) = 0$ k= **1, 2**, (25)

(22)-‘экинчи тартиптеги сызыктуу бир текгүү туруктуу коэффициенттүү кадимки дифференциалдык теңдеме. Анын (24),(25) шарттарды k = **1** , болгон учурда канааттандыруучу чечимин Q_0 ду тапкандай эле табабыз:

$Q_1(\xi,t) = -\overline{U_1}$ (-1,t) $e^{-\frac{в(1,t)}{a(1,t)}\xi}$

$(\mathbf{23})$ теңдеме –экинчи тартиптеги сызыктуу бир текгүү эмес туракгуу коэффициенттүү кадимки дифференциалдык теңдеме. (18) формуладан $\boldsymbol{Q_0}$ дун туундуларын эсептеп (23) түн оң жагына койсок , анда (23)төмөнкү түргө келет:

$$а(1,t)\frac{\partial Q_2}{\partial \xi^2}+в(1,t)\frac{\partial^2 Q_2}{\partial \xi}=[\boldsymbol{d}(\boldsymbol{t})\boldsymbol{\xi}+\boldsymbol{R}(\boldsymbol{t})]\boldsymbol{e}^{-\frac{в(1,t)}{a(1,t).}\boldsymbol{\xi}} \quad (\mathbf{26})$$

мында $\boldsymbol{d}(\boldsymbol{t}), \boldsymbol{e}(\boldsymbol{t})$-белгилүү функциялар.

(26)- туракгуу коэффициенттүү бир текгүү эмес сызыктуу кадимки дифференциалдык теңдеме жана анын оң жагы ($\boldsymbol{Q_2}$катышбаган бош мүчөсү) квази коп мүчө экендиги көрүнүп турат. (26) теңдеменин жекече чечими.

$\widetilde{\boldsymbol{Q_2}}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{t})=\boldsymbol{\xi}[\boldsymbol{f}(\boldsymbol{t})\boldsymbol{\xi}+S(\boldsymbol{t})]\boldsymbol{e}^{-\frac{в(1,t)}{a(1,t).}\boldsymbol{\xi}}$ түрүндө белгисиз коэффициенттер методу менен табылат [8]. Мында $\boldsymbol{d}(\boldsymbol{t})$ менен $е(\boldsymbol{t})$ кандайдыр бир функциялар. Анда (26) теңдеменин жалпы чечими

$$\boldsymbol{Q_2}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{t})=\boldsymbol{\alpha}(\boldsymbol{t})+\boldsymbol{\beta}(\boldsymbol{t})\boldsymbol{\xi}\boldsymbol{e}^{-\frac{в(1,t)}{a(1,t).}\boldsymbol{\xi}}+\overline{\boldsymbol{Q_2}}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{t}) \quad (\mathbf{27})$$

түрүндө жазылат. Мында $\boldsymbol{\alpha}(\boldsymbol{t})$, $\boldsymbol{\beta}(\boldsymbol{t})$ -эркгүү функциялар. Бул функция (25) шартты $\mathrm{k}=\mathbf{2}$ болгон учурда канааттандырышы үчүн $\boldsymbol{\alpha}(\boldsymbol{t})\equiv\mathbf{0}$ болушу зарыл жана жетиштүү, (27) деги $\boldsymbol{Q_2}$ ни $\boldsymbol{\alpha}\equiv\mathbf{0}$ болгон учурда (24)кө коюп $\boldsymbol{\beta}(\boldsymbol{t})=-\overline{\boldsymbol{U}_к}$ (-1,t) ны алабыз.

Демек акыркы барабардыкты $(\mathbf{27})$ге коюп $\boldsymbol{Q_2}$ функциясын биротоло аныктайбыз:

$$\boldsymbol{Q_2}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{t})=[=-\overline{\boldsymbol{U}_к}(-\mathbf{1},\mathbf{t})+f(\boldsymbol{t})\boldsymbol{\xi}^2+S(\boldsymbol{t})\boldsymbol{\xi}^2]\boldsymbol{e}^{-\frac{в(1,t)}{a(1,t).}\boldsymbol{\xi}}$$

$\boldsymbol{Q_3},\boldsymbol{Q_4}$... функцияларда реккуренттик түрдө ушундай эле аныкталышат жана алар да $\boldsymbol{Q_2}$ сыяктуу квази көп мүчөлөр болушат.

$\boldsymbol{S_2}(\frac{x+\mathbf{1}}{\boldsymbol{\varepsilon}^2}$, t) функцияларда $\boldsymbol{Q}_к$ларга окшош аныкталат.

4.Бурчтук чек аралык функциялар.

$(\mathbf{1},\mathbf{0})$чекитинин кичине чекебелинде гана маанилүү болгон

$\boldsymbol{\vartheta}_к(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\tau})$ жана $Р_к(\boldsymbol{\xi},Ч)$, мында $\boldsymbol{\zeta}=\frac{\boldsymbol{t}}{\boldsymbol{\varepsilon}^3}$, төмөнкү маселелерден бир маанилүү аныкталышат [9] .Мында

$$a(1.0)\frac{\partial^2 \upsilon_k}{\partial \xi^2}+в(1,0)\frac{\partial^2 \upsilon_k}{\partial \xi}=V_к(\xi,\tau),\xi>0,\tau>0, \quad (28)$$

$$V_k(0,\tau)=\Pi_k(1,\tau), \quad (29)$$

$$V_k(\xi,\tau)\to 0, \quad \xi+\tau\to\infty, \quad (30)$$

$$\frac{\partial P_k}{\partial r}=Q(1,0)\frac{\partial^2 P}{\partial \xi^2}+в(1,0)\frac{\partial P_k}{\partial \xi}+P_k(\xi,\tau),\xi>0,\tau>0, \quad (31)$$

$$P_k(0,\mu)=0\ , \quad P_k(\xi,0)=-Q_k(\xi,0)-V_k(\xi,0)\equiv\varphi_k(\xi) \quad (32)$$

$$P_k(\xi,\mu)\to 0,\ \xi+\mu\to 0 \quad (33)$$

$\boldsymbol{V_0}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\tau})\equiv\mathbf{0}$, $\boldsymbol{R_0}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\tau})\equiv\mathbf{0}$, $\boldsymbol{R_1}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\zeta})\equiv\boldsymbol{R_1}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\zeta})\equiv 0$

$\boldsymbol{V}_к(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\zeta})$, k= $\mathbf{1},\mathbf{2}$,.., жана $\boldsymbol{R}_к(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\zeta})$, k= $\mathbf{2},\mathbf{3},\ldots$, тиешелүү түрдө $\boldsymbol{V_j}(\boldsymbol{\xi},\boldsymbol{\tau}),\mathbf{j}<\mathbf{k}$, жана $Р_{\mathbf{j}}(\boldsymbol{\xi},Ч)$, $\mathbf{j}<\mathbf{k}$, аркылуу туюнтулат.

$(\mathbf{28})-$ туракгуу коэффициенттүү сызыктуу кадимки, ал эми (31)-туракгуу коэффициенттүү сызыктуу параболикалык түрдөгү дифференциалдык теңдемелер. Ошондуктан (28)-(30) жана (31)-(33) маселелеринин чечилиш методдору [1,2,8,9] белгилүү. Бул чечимдердин айкын көрүнүшүнөн экспонентциалдык баалоону алсак болот.

M: $|P_к(\xi,\tau)| \le c\exp(-\gamma(\xi+\tau))$, $\xi > 0$, $\xi \ge 0$, мында C> 0, $\gamma > 0$-турактуулар.
Калган $W_к, R_к$ функциялары да ушундай эле жол менен табылат.

5. Калдык мүчөнү баалоо.
(6)катардын төмөнкү жекече суммасын карайлы:
$\widetilde{U_N}(x,t,\varepsilon) = V_{N+2} - U_{N+2} - \overline{U_{N+2}}$ (34)
Мында N ≥ 0 ,-каалаган бүтүн сан. (1)-(3) маселенин чечими менен (34) функциясынын айырмасын
$z_N(x,t,\varepsilon) = u(x,t,\varepsilon)$ -$\widetilde{U_N}(x,t,\varepsilon)$ (35)
келип чыгат. (35) барабардыкты оң жагын (1) теңдемедеги жана (2), (3) шарттардагы $\mathcal{U}$ функциясынын ордуна (35) коюп жана , U_N суммасынын коэффициенттери канааттандырган теңдемелерди жана кошумча шарттарды эске алып, $z_{N+2}(x,t,\varepsilon)$ функциясы үчүн

$$\varepsilon\frac{\partial Z_N}{\partial t} = \varepsilon^2 a(x,t)\frac{\partial^2 Z_N}{\partial x^2} - в(x,t)\frac{\partial Z_N}{\partial x} - c(x,t)z_N + O(\varepsilon^{N+1}),$$
$$z_N(x,t,\varepsilon) = O(\varepsilon^{N+1}), \quad z_N(-1,t,\varepsilon) = O(\varepsilon^{N+1}),$$
$$z_{N+2} = O(\varepsilon^{N+1}), \quad (x,t)\in Д,$$
$$z_N(-1,t,\varepsilon) = O(\varepsilon^{N+1}),$$

барабардыктарын алабыз.
Мындан максимум принцибинин негизинде төмөнкү барабарсыздыкты алабыз.
$z_N(x,t,\varepsilon) = O(\varepsilon^{N+1})$, (x, t)∈ Д, (36)
(34)барабарсыздыктан.
$\widetilde{U_N}(x,t,\varepsilon)$- $U_N(x,t,\varepsilon)\, O(\varepsilon^{N+1})$, (37)
экендиги көрүнүп турат. (35)тен $(36)-(37)$ катыштарын эске алып, төмөнкүгө ээ болобуз.
$Z_N(x,t,\varepsilon) = \mathcal{U}(x,t,\varepsilon) - V_N(x,t,\varepsilon) = \mathcal{U}(x,t,\varepsilon)$)- $V_{N+2}(x,t,\varepsilon)$+ $[V_{N+2}(x,t,\varepsilon)V_N(x,t,\varepsilon)] = Z_{N+2}(x,t,\varepsilon)$+ $O(\varepsilon^{N+1}) = O(\varepsilon^{N+1})$,
$$\mathcal{U}(x,t,\varepsilon) = U_N(x,t,\varepsilon) + O(\varepsilon^{N+1}),\ (x,t)\in \overline{D},$$
келип чыгат.
Демек I-IV шарттары орун алганда (1)-(3) маселенин чечими үчүн (6) катар асимптотикалык ажыралма болот.

Адабияттар:

1. Тихонов А. Н., Самарский А. А. Уравнения математической физики – М. Наука.1972 .
2. Фридман А. Уравнения с частыми производными пароболического типа. – М.Мир.1968.
3. Найфе А. К. Методы возмуөений. – М.Мир. 1976.
4. Вишик М. И., Люстерник Л. А. Ругулярное вырождение и пограничный слой для линейных дифференцияльных уравнений с малым параметром.-УМН.1957. - №5. -С. 3-122.
5. Васильева А. Б., Бутузов В. Ф. Асмптотическое разложения решений сингулярно возмуөенных уровнений.-М.Наука. 1973.
6. Глушко В. П. Линейные вырождагошиеся дифференцияльные уравнение. – Воронеж: Из-во ВГУ.1972 .
7. Абдувалиев А. О. Об одной задаче О. А. Олейник. – Веста. Моск. Ун-та. Сер.I. математика. Механика. 1993. -№2.- С. 42-45.
8. 8.Понтрагина Л. С. Обыкновенные дифференциальные уравнение. – М.: Наука.1974.
9. Васильева А. Б., Бутузов В. Ф. Асимптотические методы в теории сингулярных возмушений. – М.Высш. Шк. 1990.-С. 208.

УДК 80/81

Суркеева В., Муратова К.
Ош мамлекеттик университети

АЗЫРКЫ УЧУРДА КЕПТИ, АНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫН ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫН ИЗИЛДӨӨЛӨР

PRESENT RESEARCH PERCEPTION OF SPEECH AND ITS REFLECTION

Аннотация: *Бул макалада психолингвистикалык көз караштарына карама-каршы келген жана азыркы учурда кепти, анын чагылдырылышын жана кабыл алынышын изилдөөчүлөр арасында кызыгууну жаратып жаткан психолингвистикалык концепцияларына кайрылабыз.*

Аннотация: *В статье рассматривается психолингвистические концепции, вызывающие интерес среди исследователей, противоположностью психологических взглядов в отражении и восприятии речи.*

Abstract: *The article deals with psycholinguistic concepts that are of interest among researchers, psycholinguistic views that are opposite to perception of speech and its reflection.*

Ключевые слова: *восприятие, мышление, заключение, сопоставление, абстракция, запоминание*

Ачкыч сөздөр: *кабыл алуу, ой жүгүртүү, жыйынтык чыгаруу, салыштыруу, абстракциялоо, эсте бекем сактоо*

Key words: *Perception, thinking, summing up, juxtaposition, abstraction, remembering*

Осгуддун психолингвистикалык көз караштарына карама-каршы келген жана азыркы учурда кепти, анын чагылдырылышын жана кабыл алынышын изилдөөчүлөр арасында кызыгууну жаратып жаткан Хомский-Миллердин психолингвистикалык концепцияларына кайрылабыз.

Алардын пикири боюнча “Тил үйрөнүп жаткан адам маанилик маселелерден башка да сүйлөмдүн курулушун, ар бир сөздүн сүйлөмдөгү ордун, лексикалык өзгөчөлүктөрүн да кошо өздөштүрүүгө аракет жасайт. Грамматикалык эрежелердин бул системасы сандык жактан өтө ири санда жана логикалык жактан абдан терең болгондуктан адам баласы салыштырмалуу түрдөгү кыска убакытта тил үйрөнүү үчүн татаал жана күчтүү ички аппаратка ээ болууга тийиш. Бардык башка иш-аракеттер сыяктуу эле тил үйрөнүүдө да адамдын органдарынын, алардын кызматтарынын өзгөчөлүктөрү (кабыл алуу, ой жүгүртүү, жыйынтык чыгаруу, салыштыруу, абстракциялоо, эсте бекем сактоо ж.б.) чоң мааниге ээ. Тилдик баарлашууда баяндоочу менен угуучунун бирин бир түшүн билиши зарыл. Керек учурда маалымат берүүчү өз кебине өзү кошумча түшүндүрмө берет.”

Жогоруда айтылгандардан улам маалымат берүүдө кептин грамматикалык жактан туура уюштурулушу чоң мааниге ээ экендиги даана көрүнүп турат. Сөздүн “грамматикалык мааниси” менен анын кепте туура колдонулуш эрежелеринин, лексикалык маанисинин ортосундагы так айырмалай билүү зарыл. Бардык эле адамдар таза тилдик теориялык талаптар менен жакындан тааныш эмес. Бирок да китепти көп окуган, эл менен көп баарлашкан адамдардын кеби мыкты деңгээлде жатыккан болот. Маалымат берүүчү менен аны кабыл алуучунун бири бирин түшүнө билишинин зарылдыгы тууралуу айтып өттүк. Кеп угуучунун тилди түшүнө билүү деңгээлин эске алуу менен уюштурулууга тийиш. Кооздоп сүйлөйм деп жасалмалуулукка жол берүү мененугуучуларды кепке кызыктырбай эле, тескерисинче, алардын кыжырын келтирген учурларга күбө болуп эле жүрөбүз. Бул жагдайлар Хомский жана Миллер тарабынан да атайын көңүл буруу менен баса белгиленген. Экөө тең маалымат берүүчүнүн кебине өзгөчө көңүл буруу менен угуучунун, жалпы эле аудиториянын деңгээлин эске алуугаөзгөчө көңүл бурушкан. Бирок да, лингвист-психологдор биз белгилеп өткөн грамматикалык маани менен лексикалык маанинин ортосундагы айырмачылыктарга

жетишерлик маани бербей жатышат. Деги эле бизде лингвистиканы өзүнчө, психологияны өзүнчө илим катары кароо бизде калыптанып калган жана илимдин бул эки багытынын байланышын изилдөөгө алууга так батына албай жатабыз.

Өзүбүздүн жекече тажырыйбабыздан көрүнгөндөй, орус филологиясы факультетине кыргыз тилинде тест тапшыруу менен өткөн айылдык студенттердин орус тили боюнча билими жалпысынан алганда начар. Бирок алардын орус тили боюнча билим деңгээлин эске албай лекция өткөнүбүздө чоң жаңылыштык кетирген болор элек. Орусча билбейсиңер деп аларды жемелей берүү менен психологияларына доо кетирип аларыбыз анык. Алардын орус тилин өздөштүрүүсү үчүн орус тилинде лекция окуганыбыз менен айрым татаал сөздөрдүн, сөз айкаштарынын кыргызча котормосун кошумча түшүндүрө кетүүгө туура келген учурларыбыз көп эле болот. Орус тилин начар билген студенттерди түйшүккө салган маселе да дал ушул биз сөз кылып жаткан тилдик бирдиктер, башкача айтканда, орус тилиндеги приставкалар, предлогдор жана мүчөлөр. Студенттер өздөрү билбеген сөздөрдүн котормосун чөнтөгүндө же сумкасында эле жүргөн мобилдик телефон аркылуу билип алышат. Ал эми биз атаган тилдик бирдиктерди кепте туура колдонууну алар кантип үйрөнө алышат деген суроо алардын да тил үйрөтүүчүлөрдүн да көңүл борборунда болууга тийиш. Мектептерде көпчүлүк учурларда тилге, кепке үйрөтүү экинчи планды калып, эрежелерди кургак жаттатууга басым жаттаганыбыз ачуу чындык.

Кыргыз тилин үйрөнүүчүлөрдү кыйноого алган тилдик бирдиктер булар – мүчөлөр жана алардын көп варианттулугу. Аглютинативдик тилдер болгон түрк тилдеринин ичинен да кыргыз тилиндеги мүчөлөр көп варианттуулукка ээ. Мисал келтирели, Мараттардыкындагылардыкынанбы? деген суроо маанисиндеги сөздү уңгу мүчөлөргө ажырата турган болсок Марат-тар-дыкы-н-да-гы-лар-дыкы-нан-бы? болор эле. Мында бир эле сөзгө тогуз мүчө уланды жана көптүк санды билдирүүчү –лар мүчөсү эки вариантта келди. Негизи, бул мүчө кыргыз тилинде он эки вариантта колдонулат.Салыштыра турган болсок, жакынкы тектеш тил болгон өзбек тилинде ал бир гана вариантта айтылат жана жазылат, тил үйрөнүүчүлөр үчүн албетте бул чоң жеңилдик. Бул сөздү сүйлөмгө айландырып, маанисин чечмелей турган болсок Мараттардын үйүнө келген коноктордун үйүнөнбү? деген суроолуу сүйлөм болор эле.

Биздин оюбузча, грамматиканы, тилдик бирдикти “психологиялык” же “психолингвистикалык” деп так кесе ажыратып кароонун зарылдыгы деле жок жана бул абдан татаал маселе. Анын үстүнө, Савин жана Перчоноктор ар түрдүү тилдик трансформациялык бирдиктер жана алардын эрежелери эске тутуунун ар түрдүү уячаларында (ячейкаларында) жайгашат деп белгилешет. Хомский жана Миллердин көз караштары боюнча, психолингвистикалык моделдин курамдык-түзүлүштүк проблемасы “TOTE” бирдиги катары каралат. Алардын пикири боюнча, тилдик бирдиктер ырааттуу түрдө бир тартип менен кетүүчү көрүнүш эмес, алар улам кайталанат, өзгөрөт, бирин бири алмаштырат. Бул биздин кыргыз тилинде келтиген мисалдан (Мараттардыкындагылардыкынанбы?) да так көрүндү. “TOTE” – бул проба (текшерүү, дал келбөөчүлүк) – операция – проба – дал келүүчүлүк (test – operate – test - exit).

TOTE схемасы кептин түзүлүшүнүн негизги иерархиялык принцибин чагылдырат. Анын ар бир компонентин бүтүн бир бирдик катары кароого толук мүмкүн. Ошол эле учурда жогорку түзүлүштөгү TOTE төмөнүрөөк түзүлүштөгү TOTEлерден туруп да калат, бул кыймылга, анын курамын чектөөгө болбойт. Курамы боюнча азайып да, көбөйүп да кетиши күтүлөт.

Бир нерсе дээрден мурда азга да болсо ойлонобуз, ал маани-мазмундун планы түзүлөт, бул план даяр болгондон кийин аны билдирүүнүн жолу, тилдик каражаттары даярдалат. Албетте, план кепти айтардан мурда даяр болот. Хомский жана Миллер, алардын пикирлештери план өз ичине Мотордук планды камтыйт деп белгилешет. Себеби кептин планы даяр болгондон кийин оозеки кеп башталат, башкача айтканда, мотордук план иш жүзүнө аша баштайт, кептик кыймыл ишке киришет. Тилди жакшы билген адам

муну байкабайт да, ал рефлекстүү түрдө ишке аша берет. Муну бөтөн тилдиначарыраак билген адамдын мисалынан даана байкоого болот. Мындай адам башка тилде сүйлөөрдө аны өз эне тилинде даярдап алып, андан кийин айта турган тилине которуп туруп айтат. Мында кептин планын түзүү эки эсеге, балким, андан да көпкө кыйындайт. Тилди начар билген адамдын токтоло калып сүйлөгөнү да ушул себептүү. Кептин планын түзүү дегенде кыргыз элинин “Ойноп сүйлөсүң да ойлоп сүйлө”, “Ойлонбой сүйлөгөн онтобой өлөт”, “Ооздон чыккан сөз атылган ок менен барабар” (аны токтотуп же кайтарып ала албайсың), “Сөз ооздон чыккыча ал сенин кулуң, ооздон чыккандан кийин сен анын кулусуң”, “Түү деген түкүрүк кайра алынбайт” деген накыл сөздөрү аргасыздан эске келет. Бул макалдарга кошумча түшүндүрмө берүүнүн да зарылчылыгы жок, алар өз мааанилерин өздөрү чечмелеп турат. Ата-бабаларыбыз психология, лингвистика, психолингвистика илимдери менен эч кандай тааныштыгы болбосо да бул багыттагы профессорлор эми айтып жаткандарды эчак эле образдуу түрдө тарбия берүү максаты менен айтып коюшкан экен. Кептин ишке аша башташы Мотордук план деп аталганы менен аны токтотуп калса, моторлуу ар кандай машинаны артка кайра кайтарса болот. Ал эми жогорку накыл сөздөрдө белгиленгендей, оозеки кепти артка кайтарууга эч качан болбойт! Ал тургай, азыркы жазма кептерди, аудио, видео каражаттарынын жардамы менен жазылган тексттерди өчүрүп салууга, кайрадан оңдоп-түзөөгө, кошумчалап-алымчалоого болот (ал публикага тараганга чейин). Фонограмма менен ырдоо деген балакетти азыр жаш-карынын баары түшүнүп калды.

Таза элдик психологиядан артка чегинип азыркы илимий негиздерге кайра кайрылалы. Жогоруда биз белгилеген пробалардын критерийлери кандай, алар эмнеге таянат, кептик иш-аракеттин натыйжалуулугу же натыйжасыздыгынын себептери эмнеде? Балким, анын себептери түпкү натыйжанын Образы же бериле турган маалыматтын Образындадыр. Миллер кийинки макалаларында оозеки кепке социалдык көрүнүш катары да баа берет. Чындыгында, аскердик кеп, мугалимдик кеп, ата-эненин кеби, көчө кеби, түрмө кеби ж.б. деген аталыштар бар. Командирдин буйругу өкүм интонация менен кыска, так түрдө айтылат, себеби анын буйругу эч кандай талкууга алуусуз аткарылууга тийиш, мына ошондуктан да “приказ не обсуждается-буйрук талкууга алынбайт” деген жазылбаган мыйзам бар. Бекеринен аскер кызматында ар кандай деңгээлдеги командирлерде командирдик үн болуш керек деген талап коюлбайт. Ата-эне баласына басымдуу көпчүлүк учурда эркелетүү интонациясы менен кайрылат, жаш баланы жалынып-жалбаруу менен ишке жумшайт. Аксакал, жашы улуу киши же кызматы боюнча жогору турган адам менен жашы кичүү же кызматы төмөн адамдын сүйлөшүүсүндө эки тараптын үнүнүн тону каалайбызбы, каалабайбызбы эки башкача болору да баарыбызга белгилүү. Мугалимдин кеби бекем, ишенимдүү, кырааттуу интонация менен айтылууга тийиш, мына ошондуктан да чебер мугалимдер уккулуктуу кеби менен окуучуларын өзүнө тартып алат, өз пременине кызыктыра алат. Адабият сабагында көркөм окууга мына ошондуктан да чоң маани берилет. Негизи, кыргыз тилинде “выразительное чтение” “көркөм окуу” деп туура эмес которулуп жүрөт, ал художественное чтение эмес, тексттин маанисин ачып окуу. Алыс барбай эле бул терминдин өзбек тилине которулушун алалы, бул тилде ал биздегидей бадыйй окиш эмес “ифодали окиш” деп эң туура которулган. Мына ошондуктан да “көркөм окуу” деген терминди “кырааты менен окуу”, “уккулуктуу окуу”, “чеберлеп окуу”, “маанисин чечмелеп окуу” деген терминдердин бири менен атасак туура болор эле деп ойлойбуз.

Жогоруда айтылып өткөндөрдөн улам тилдик бирдиктер жана деңгээлдер төмөнкүдөй аспектилерден турат деп жыйынтык чыгарууга болот:

а) тилдик пландын жана жана анын курамдык бөлүктөрүнүн иерархиялык түзүлүшү;

б) образдын иерархиялык түзүлүшүнүн пландын жалпы бүтүндүгү же анын курамдык бөлүгү катары келиши;

в) баарлашуучунун деңгээлине, жаш өзгөчөлүгүнө, кызматтык абалына ж.б. карата ыңгайлашуу.

Жалпысынан алганда, оозеки кептин негизги белгилери, өзгөчөлүктөрү жана талаптары булар – маалымат же жооп берүүчүнүн жөндөмү, ТОТЕнин фазалары, алардын өз ара байланышы, бирин бири улап кетүүсү жана натыйжалуу толуктоосу, ТОТЕнин бул фазаларынын даярдалышы жана түзүлүшү ж.б. Аталып өткөн талаптар бир максатка багытталганы менен алардын ар биринин өз кызматы бар жана бири-биринен айырмаланып турат. Алар кептик иш-аракеттин максатына, мүнөзүнө жана өзгөчөлүктөрүнө карап аныкталат.

Советтик физиология менен тааныштыгы барлар Миллер - Прибрам – Галантердин идеяларынын П.К.Анохиндин тилдик бирдиктер, алардын кызматтары, өз ара байланыштары боюнча концепциялары менен өз ара айкалышып турганын байкаар эле. Бирок, биз Анохиндин көз караштарын, психолингвистикалык пикирлерин талдоого алып отурбайбыз. Анын тилдик-психологиялык көз караштары менен таанышкысы келгендердин анын эмгектери менен түздөн-түз таанышууга мүмкүнчүлүгү бар. Бул окумуштуунун эмгектери аты аталган авторлордун эмгектерине салыштырмалуу жөнөкөй, жатык жана жалпы окурмандарга жеткиликтүү жеңил тилде жазылган.

Адабияттар:

1. Н.Хомский, Д. Миллер. Три модели описания языка.-С. 245.
2. А.А.Леонтьев. Некоторые проблемы обучения русскому языку как иностранному – М.1968.
3. Ч.Осгуд. Понимание и создание предложений. –С.749.

УДК 80/81

Суркеева В., Муратова К.
Ош мамлекеттик университети

БИРДИК ТҮШҮНҮГҮ ЛИНГВИСТИКАДА ЖАНА ПСИХОЛИНГВИСТИКАДА

CONCEPT OF UNIT IN LINGISTY AND PSYCHOLINGUISTICS

Аннотация: *Макалада лингвистикалык жана психолингвистикалык бирдиктердин катышы тууралуу аныктамалар каралат.*

Аннотация: *в статье рассматривается определение соотношения психолнигвистических и лингвистических единиц.*

Abstract: *The article considers the definition of the ratio of psycholinguistic and linguistic units.*

Ачкыч сөздөр: *лингвистика, психолингвистика, бирдик.*

Ключевые слова: *лингвистика, психолингвистика, единица.*

Key words: *linguistics, psycholinguistics, unit.*

Лингвистикалык жана психолингвистикалык бирдиктердин катышы тууралуу сөз кылуудан мурда бул бирдиктердин өздөрү жөнүндө тактык киргизип алууга туура келет. Сөздү лингвистикалык бирдиктерден баштайлы.

Көпчүлүк лингвисттер лингвистикалык бирдиктердин теориялык маселелери тууралуу сөз кылууда да аларга толук жана ар тараптуу аныктама берүүнү зарыл деп эсептешкен эмес. Мисалы, С.К.Шаумян өзүнүн “Структуралык лингвистика” эмгегинде “лингвистикалык бирдиктер” түшүнүгү жөнүндө сөз кылганы менен ага кеңири аныктама берген эмес. Ю.С.Степановдун лингвистикалык бирдиктер жөнүндөгү изилдөөлөрү тууралуу да ушундай эле ойду айтууга болот.

Башка көпчүлүк тилчи-окумуштуулар да өз изилдөөлөрүндө лингвистикалык бирдиктерге аныктама берүүгө аракет кылышканы менен бул маселе толук изилдөөгө алына элек деп батынуу менен айта алар элек. Мисалы, П.В.Чесноков тилдик бирдикке (биз азырынча аны лингвистикалык бирдиктен так кесе бөлүп карабай туралы) төмөнкүчө аныктама берет: “Тилдик каражаттар өз алдынча сезимдик-материалдык факт (түзүм) катары чыгышы мүмкүн, алар тилдик иш-аракеттердин туруктуу же убактылуу (биротоло бекемделген же эркин) натыйжасы болуу менен айрым тыбыштар (фонемалар), муундар, морфемалар, сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр сыяктуу түзүмдөргө карама-каршы да келип калат. Мындай каражаттарды тилдик бирдиктер деп атоого болот.”Демек, Чесноковдун пикири боюнча, тилдик бирдиктер “сезимдик-материалдык фактылар”, ошол эле учурда алардын негизги өзгөчөлүктөрү жана белгилери бул түшүнүктөргө тиешелүү өз алдынчалык болуп эсептелет. Буга да мейли дейли. Анда өз алдынча сапаттык белгилерге ээ болгон көрүнүштөр кайда жашайт. Албетте, тилде. Эгер андай болсо, тил сезимдик-материалдык фактылардын жыйындысына айланабы. Бул пикир менен толук макул болуу туурабы?

П.В.Чесноковдун бардык эле пикирлештери ал сыяктуу мынчалык алыс кеткен эмес, бирок да алардын баарын реалдуулук, тилдик бирдиктердин өз алдынчалыгын кабыл алуу сезими бириктирип турат. Мисалы, Г.Пильх өз “метафонемасын” өз алдынча касиеттерге ээ болгон айрым бир айтым (выражение, высказывание) катары түшүндүрүүгө аракет кылат. В.М.Солнцевдин көз карашы да ушундай болуу менен тилдик бирдиктин негизги белгисин анын өз алдынча кандайдыр түшүнүккө ээ экендигинен көрөт.

Жогоруда аталган маселелер боюнча өз позициябызды тактап алуу үчүн тил деген түшүнүктүн өзүнө аныктама берүүгө аракет жасап көрөлү. Биздин оюбузча, тилге эч качан “сезимдик-материалдык факт” деп аныктама берүүгө болбойт. Ар бир сүйлөп жаткан адам өз кебинде тилдик бирдиктерди автоматтык түрдө колдонуп кете берет. Кепте *материалдык угулуштун, оозеки кептин*функционалдык мүнөздөлүшүн өз алдынча бөлүп кароого болобу? Албетте, жок. Лингвисттин калеминде да, сүйлөп жаткан адамдын мээсинде да реалдуу угулуш болбойт (сөз угуп жаткан адамда аны кабыл алуу пайда болуп, угуу рецепторлору ишке киришет жана кепти кабыл алуу башталат). Демек, муну кепти жалпылоо, аны түшүнүү, ага реакция жасоо деп түшүнүүгө тийишпиз. Бул процесс, айрыкча, лингвисттерге өзгөчө тиешелүү. Тилчилер кепти түшүнүп гана тим болбойт, аны талдоого алат, ага тил таануу илиминин тарыхый өнүгүшүнөн мамиле жасайт. Сөзгө материалдык факт деп аныктама берүү салыштырмалуу гана түшүнүк, ага материалдык мазмун гана берилиши мүмкүн. Кеп, сөздүк бирдик, ошол эле учурда *идеалдык* да кубулуш, ал кептик иш аракетте да, андан тышкары да жашай берет.

Тилдин реалдуулугу – бул материалдык реалдуулук эмес, ал идеалдык кубулуш. Тил – бул тил илиминен тышкары жана андан көз карандысыз жашап турган объективдүү чындык, бирок биз бул түшүнүккө таянуу менен тилди конкреттүү касиеттеринен жанакасиеттеринен тышкары карай албайбыз, тилге илимий талдоо зарыл.

Тилге илимий анализ-талдоо жүргүзүү менен биз өзүбүздүн тилдик иш-аракетибиздеэмнеге жетишебиз? Ушунун өзү тилдик модель. Демек, бирдик түшүнүгү модель түшүнүгү менен тыгыз байланышта. Бирок, бул түшүнүктөрдүн байланышы дайыма эле байкала бербестиги башка маселе.

Г.А.Климов туура белгилегендей, *лингвисттик* бирдик менен *тилдик* бирдиктердин айырмасын ажырата билүүгө тийишпиз. Лингвисттик бирдиктер – бул тилдин моделдеринин өз алдынча компоненттери, ал эми тилдик бирдиктер изилдөө предметиндеги лингвисттик бирдиктердин эквиваленти, демек, андан лингвисттик бирдиктерди ажыратып бөлүп кароого жана варианттуулуктарды байкоого болот.

Фонема Щербанын пикири боюнча Москва мектебинин фонемасы, Париж мектебинин фонемасы ж.б.у.с. булар ар түрдүү лингвисттик бирдиктер, түрдүү моделдердин элементтери, бирок, түрдүү лингвисттерде, лингвисттик мектептерде

алардын ажыратылып өз алдынча каралышы тилдердин ички өзгөчөлүктөрүнөн улам келип чыккан. Бул өзгөчөлүктөр биз изилдөөгө алган тилдерди анык таанып-билип моделдөөгө чейин алар жөнөкөй гана окшош тилдик өзгөчөлүктөр катары баамдалышы турган иш.

Биздин оюбузча, Г.А.Климовдун лингвисттик бирдиктерге берген аныктамасы бир топ чындыкка жакын. Ал мынтип жазат: “Лингвисттик бирдиктер лингвисттик моделдин компоненти , башкача айтканда, лингвист тигил же бул тилдик бирдикке аныктама берүүдө таянган айрым бир методикалык түзүмкатары аныкталат.”

Көпчүлүк азыркы изилдөөчүлөр тилдик бирдиктин мани-маңызы боюнча окшош пикирлерди айтышат. Мисалы, П.С.Кузнецов: “Ар бир тилдеги фонемалар системасы, аны түзүп турган фонемалар изилдөөчүлөр тарабынан ал тилдеги кептик талаптарга жооп берүүчү түшүнүк жана бирдик катары таанылышы керек деп ойлоймун”,-деп жазат. Ал фонема тууралуу ойлорун улантуу менен мындай деген суроону тилчи-лингвисттердин алдына коет: “Кепте, тилде, сүйлөөчүнүн сөзүндө фонемаларга туура келген тилдик бирдиктер барбы, а эгер бар болсо, бул бирдиктер адамдын аң-сезими аркылуу кандайча таанып-билинет?” Бул суроо жана толгонуу менен макул болбой коюуга мүмкүн да эмес. Кузнецов андан ары өз суроосуна өзү мындайча жооп берет: “Кантсе да, изилдөөчүлөр сөз кылып жаткан фонема менен сүйлөп жаткан адамдын аң-сезиминде пайда болгон түшүнүктүн өз ара катышы бар.” Ушундай эле байланыш-катыш, өз ара окшоштуктууралуу А.Мартинэ, Б.Трикулар да сөз кылышат. Бул изилдөөчүлөрдүн пикирлери төмөнкүдөй жүйөөлөргө негизделет:

а) тилдин системалуулугу тилдик жөндөмдүнсистемалуулугуна (структуралуулугуна) окшош. Мисалы, англис тилинин грамматикасында бар нерселер бул тилде сүйлөөчүлөрдүн башында да бар. Ф.де Соссюр өз мезгилинде белгилегендей, “тил жамаатта сөздүк, нуска, эскертме сыяктуу көпчүлүк колдонулуп жана мээсинде дайым аракетте болгон жыйынтыктуу форма түрүндө жашап турат.” Демек, тилдик бирдиктер маани-мазмуну боюнча мээде пайда болгон ой, айтылуучу сөздөн алыс эмес;

б) тилде өз алдынча бөлүнүп каралган функционалдык бирдиктер сүйлөөчү жана угуучу үчүн түшүнүктүү болгон бирдиктерге окшош, тил аркылуу айтылган жыйынтыктуу сөздөн, сөзсүз түрдө, кандайдыр маанини түшүнүүгө болот.

Жогоруда айтылган пикирге карап аны так туура дешке болбойт.Бул өңүттөгү маселелер тилчи-окумуштуулардын арасында эзелтен эле изилденип келе жатканы менен бул тууралуу алар арасында бирдиктүү пикир жок. Психологиялык жактан алып карагандаң сезим менен психика өз ара байланышта жана бири-бирине окшоштой болуп көрүнгөнү менен чындыгында, мындай эмес, буга далилдин да кереги жок.

Экинчи пикирди ачык түрдө туура эмес деп айта алганыбыз менен биринчи пикирде муну кесе айтууга болбойт жана анын туура, туура эместиги бүдөмүк. Бул аныктама тилдик бирдиктердин мээде элементтер түрүндө чагылыш идеясына негизделет, мисалы, *а* фонемасына кандайдыр бир өзгөчө нервдик-физиологиялык, ассоциативдык жактан байланышкан маалымат же “жаңы, заманбап” түшүнүк менен айтканда *у* фонемасына туура келген нейрондук-психикалык маалымат дал келет. Бул бир тараптан алып караганда. Ал эми экинчи жактан алып караганда, зарыл учурларда бул маалымат *б* фонемасына туура келген маалымат (клетка, клеткалардын тобу) менен да байланышып калышы мүмкүн. *Ба* деп айтуу менен биз физиологиялык мейкиндиктегинервдик-физиологиялык субстрат болгон *б* фонемасын *а* нервдик-физиологиялык субстраты менен байланыштырган кандайдыр бир аракетти аткарабыз, мында *у* фонемасынын эч кандай катышы жок.

Айрым психологдордун жана лингвисттердин божомолу боюнча мээде нервдик код менен коддолгонсөз пайда болот. Алардын пикирине макул боло турган болсок, ар бир сөздүн баш мээнин нервдик-физиологиялык структурасында өз “эгиздери” болот, синонимдер өзүнчө бир топту түзсө, зат атоочтор өзүнчө, этиштер өзүнчө, сын атоочтор

да өз-өзүнчө жайланышкан. Эгер адам миң сөздү билсе, анын башында сөздөрдүн миң белгиси болот. Өзүбүз маани бербегенибиз менен сүйлөм түзүүдө биз сөздөрдү айрым-айрым же тобу менен тандоо аркылуу мээ кыртышына “саякат” жасайбыз. Жалпысынан алганда, бул аракет кол менен тандоо ишин эске салат. Татаал тексттерди түзүүдө, котормо менен иштөөдө мээбиздин чарчап калгандыгы да ушул себептүү.

Биз атаган көз караш, иш-аракет кепке же тилге гана тиешелүү эмес. Н.А.Бенштейн белгилегендей, бул азыркы психофизиологиянын көп багыттарына тиешелүү. Ал мынтип жазат: “Сезүү, кабыл алуу органдарыбыз менен биз эмнени көрүп, таанып-билип жана кабыл алып жатабыз? Буюмдарды, предметтерди, жаратылышты. Бизди курчап турган айлана-чөйрөнүн элементтери эмнелер? Предметтер. Мээ проекциясы ... мээ кыртышы, анын клеткалары үчүн кызмат кылуучу элементтер эмнелер? Албетте, предметтер. Ар бир предметке мээ сигнал берип, клеткалар (мындайча айтканда, клеткадан клеткага) боюнча конкреттүү буюмдун кабыл алынган образы агып жөнөйт.”

Бир көрүнүштүн артынан экинчисин кабыл алуу менен аларды өз ара салыштырабыз жана байланыштырабыз. Автор эгер 1000 адам 1000 беттен турган китепти окуса, биринчи адам биринчи бетти, экинчи адам экинчи бетти, жүзүнчү адам жүзүнчү бетти окуган деп түшүнүүгө болобу деген кызыктуу суроону коет. Чагылуунун элементтүү принцибинен (фонема-фонеманын образы, сөз-сөздүн образы ж.б.) тышкары анын башка принциптери болот деп эсептөөгө эмне үчүн болбосун? Алар кандай принциптер? Моделдөөнүн (башкача айтканда, чагылуунун) формалары жана принциптери өтө ар түрдүү болору өзүнөн өзү түшүнүктүү. Айрым учурларда бир принцип же функция экинчисине дал келсе, башка учурларда алар бири экинчисине дал туура келбегени менен бири экинчисинин пайда болушуна өбөлгө, шарт түзөт, ал эми башка учурларда бир принцип менен экинчисинин байланыш-катышы болбой да калат. Тилдик бирдиктерди жана функцияларды бири-бири менен маанилик жактан ырааттуу жана сабаттуу байланыштыра билүү сүйлөөчүнүн өзүнө байланыштуу. Кээде кептин көркөмдүк жана маани-маңыздык жактан мыкты түзүлүшү үчүн бири-бирине карама-каршы (антоним) келген тилдик бирдиктерди да колдонууга туура келет.

Мээ сырткы айлана-чөйрөдөгү көрүнүштөрдү өз-өзүнчө ажыратып, примитивдүү түрдө (фразаны сөздөргө ажыратып, сүрөттөлүштү, картинаны штрихтерге бөлүп ж.б.) кабыл албайт, ал кабыл алган нерсени моделге салат, аны башка көрүнүштөр менен байланышта карайт, алардын ар түрдүү касиеттерин, белгилерин тактайт жана тереңдетет.

Азыркы психофизиологдордун пикири боюнча мээ көзгө көрүнгөн предметтерди туурабайт, аларды жөн гана моделге салат. Биздин максатыбыз бул моделдөө кандайча жана мээнин кайсыл “моделдөө операторлору” менен ишке ашкандыгын аныктоо болууда. Буга кошумча, изилдөө ишибиздин жүрүшүндө алгачкы кабыл алуучу кандай функциялар аткарылат, алардын ичинен көрүнүштү моделдөө үчүн бул функциялардын кайсылары колдонулат деген сыяктуу кошумча милдеттер пайда болууда.

Эгер “моделдөө операторлорун” аныктоого кирише турган болсок, “функциялардын функциялары”, ал функцияларды чагылдырган кызматтар жөнүндө маселе коюуга тийишпиз. Башкача айтканда, сөз мээнин кодундагы нервдик кызматтар жана алардын тилдик бирдиктер аркылуу байланышы жөнүндө болуп жатат.

Адамдын мээсинин көрүнүштөрдү моделдөөсүн аныктоодо төмөнкү үч проблема пайда болот:

а) оператордун маани-маңызы;

б) функцияларды тандоо принциптери;

в) чагылуунун элементтеринин номенклатурасы жана мүнөзү.

Бул маселелер психолингвистика илими пайда болгонго чейин тил илиминде атайын каралган эмес жана өз алдынча багытка ээ эмес эле.

Мээнин көрүнүштөрдү моделдөөсүнө мүнөздөмө берүүдө анын бардык багыттарынын маанилүү экендигин баса белгилөөгө тийишпиз. Бул багыттардын бардыгы

бири-бири менен өз ара байланышта, алардын бирөө тууралуу сөз кылууда башкаларына кайрылбай коюуга мүмкүн эмес. Ар бир багытттагы биз изилдөөгө алган обьектилерди шарттуу түрдө “бирдиктер” деп атоону туура таптык.

а) “*Бирдик” алгачкы кабыл алынган көрүнүш, сүрөттөлүш катары.* Мындай түшүнүк, алгачкы гештальтпсихологияга тиешелүү. Гештальтисттер үчүн мээнин кабыл алышы жана чагылдырышы көп көрүнүштөрдүн элементтер боюнча кайра эле көп нерселерге өтүшү жана чагылдырылышы катары кабыл алынган. Жеке бирдиктин мындай түшүнүлүшү кабыл алууну изилдөө менен тыгыз байланышкан, себеби мындай учурларда бир окуяны, көрүнүштү ал байланышкан нерселерден ажыратып кароого жана түшүнүүгө мүмкүн эмес. Окуяны, кандайдыр предметти жеке бөлүктөрү менен гана кароо аркылуу аны толук түшүнүүгө такыр мүмкүн эмес. Бул пландан алып караганда, В.П.Зинченконун “кабыл алуунун оперативдүү бирдиги” түшүнүгү бир топ кызыгууну жаратат. Анын пикири боюнча мазмун деп субьектинин тигил же бул натыйжалуу иш-аракетти аткарышы түшүнүлөт. Мындай мазмундун элементтери: ачык жана кооз түстөр, келишимдүү келбет, жагымдуу көрүнүштөр, нерсе, көрүнүш, айлана чөйрөнүн белгилеринин, көрүнүштөрүнүн биримдиги, бирин-бири толуктоосу, натыйжалуу айкалышуусу ж.б.Мындай белгилер (бирдиктер) туруктуу эмес, мезгил өтүшү менен эскирет, адамга жагымдуу, ага эстетикалык ырахат тартуучу касиетин жоготот же тескерисинче, ал оңдоп-түзөлүп, жаңыланып касиет, белгилерин жакшыртат. Кандай тармак же багыт болбосун ага адис, аны түшүнгөн адам гана деталдуу түрдө кылдат баа бере алат, аны түшүнбөгөн адам ар кандай нерсеге үстүртөдөн баа берүү менен гана чектелет же туура эмес баалайт.

Алыскы чет элдик психологияда жана психолингвистикада кабыл алуу, аны чагылдыруу бир аз башкачараак каралат. Мисалы, Осгуд өзүнүн жалпы псхологиялык жана психолингвистикалык эмгектеринде “кабыл алуунун үч деңгээлдик моделин” сунуштайт. Анын пикири боюнча угуу кабыл алуусу төмөнкүчө ишке ашат. Баштапкы кабыл алуу угуу анализаторунда болот да, андан кийин мээ кыртышында угулган үн кылдат талдоого алынып, сенсордук маалыматтар интеграцияланат. Осгуд сенсордук талдоого алуунун да үч деңгээлин белгилейт. Биринчи деңгээл - угулган үн талдоого алынган “проекция деңгээли.” Экинчи деңгээлде кабыл алынган жана талданган үн интеграцияланат, башкача айтканда, анын мурунку угулган жана күтүлгөн үн менен байланыш-катышы аныкталат. Гештальтизмдин принциптерине ылайык бул өз ара байланыштар жана биригүүлөр кабылданган жана талдоого алынган үндөрдүн мейкиндик жана мезгилдик жактан жакындыгынын негизинде ишке ашат. Бирөөгө айтылган кеп ага жеткиликтүү, түшүнүктүү жана ырааттуу болушу зарыл. Угуп жаткан адам канчалык деңгээлде көңүл бурбасын, кунт коюп укпасын баш-аламан кептин маанисин түшүнө албайт. Иретсиз жана түшүнүксүз кеп адамдын мээсин гана чарчатат, ал эми жөнөкөй, уккулуктуу айтылган кептен угуучу көп маалымат алат, кунт коюп жана эс алуу менен угат, ал эсинде бекем сакталат. Үчүнчү символикалык деңгээлде угулган кеп кабыл алынуу, түшүнүлүү менен гана чектелбейт. Аты айтып тургандай, ал ар кандай символдор менен абстракцияланат, угуучу маалыматты түшүнүү менен гана чектелбейт, анын кемчилик, артыкылыктарын аныктайт, өзү билгендер менен ал маалыматтарды толуктайт, катачылыктарын түзөтүү менен кабыл алат.

Тилдик бирдиктер, алардын кабыл алынышы жана өздөштүрүлүшү боюнча алыскы чет өлкөлүк лингвисттердин изилдөөлөрү мурдагы советтик тилчилердин пикирлеринен эмнеси менен айырмаланат? Биринчиден, бул “элементтүү чагылыштын” типтүү эле элементтери. Экинчиден, кабыл алуу процесси дайыма өзгөрүлгүс деп белгиленгени менен ал догмат түрүндө. Үчүнчүдөн, алардын пикири боюнча, алынган маалыматты иштеп чыгуу акыркы этапта гана жүрөт жана бул жерде да ал чектелген мүнөздө болуп, психологиялык жактан алып караганда ал өзгөрбөй кала берет.

Кыргыз тилинде жогоруда аталган проблемаларды изилдөө дээрлик колго алына элек. Бул багытта психология илими менен тил илиминин байланышын, бири экинчисине көз каранды экендигин илимий негизде изилдөөгө алуу абдан маанилүү. Бул маселени чечүү жана алдыдагы милдеттерди ишке ашыруу үчүн биз атап өткөн жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк психолингвисттердин теорияларына таянуу, аларга ар тараптуу талдоо жүргүзүү, кыргыз тилинин тилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тилдик бирдиктерди психолингвисттик талаптан изилдөөгө алуу зарыл.

Адабияттар:

1. Леонтьев А.А. Объект и предмет психолингвистики и ее отношение к другим наукам о речевой деятельности. “Теория речевой деятельности (Проблемы психолингвистики)”. – М. 1968.
2. Ильясов И.И. Эксперимент Дж.Миллера по проверке психологической реальности трансформационной модели (анализ методики). “Психология грамматики”. – М. 1968.
3. Миллер Дж., Психолингвисты. Перев. с англ. “Теория речевой деятельности (Проблемы психолингвистики)”. – М.1968.

УДК: 371.3 (811.111)

Тойчуева Г., преподаватель,ОшГУ
t_gulmairam @mail.ru

ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ТЕСТОВ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

PECULIARITIES OF USING TESTS ON ENGLISH LANGUAGE LESSONS

Аннотация*: Бул макалада чет тилин үйрөтүүдө тест жүргүзүүнүн проблемалары каралат. Ошондой эле тесттин негизги функциялары болгон : үйрөтүүчү, диагностикалык жана тарбиялык жактары көрсөтүлөт.*

Аннотация:*В данной статье рассмотрена проблема проведения контроля в процессе обучения иностранному языку. В работе выделены важнейшие функции тестирования, такие как обучающая, диагностическая, воспитательная*

Abstract: *This article deals with the problems of testing in teaching foreign language. In the article, the most important testing functions are identified as: diagnostic, developing and educational.*

Ключевые слова *тестирование. объективность, валидность, научность, метод контроля, надежность .*

Key words: *testing, neutrality, validity, scientific content, testing method, reliability.*

Тестирование (от слова *test* — испытание, проверка). Тестирование применяется для определения соответствия предмета испытания заданным спецификациям. В задачи тестирования не входит определение причин несоответствия заданным требованиям. Тестирование - один из разделов диагностики. Тестирование применяется в технике, медицине, психиатрии, образовании для определения пригодности объекта тестирования для выполнения тех или иных функций. Качество тестирования и достоверность его результатов в значительной степени зависит от тестера. В настоящее время в связи с растущей популярностью теста как формы контроля, существует множество определений этого понятия. Приведем некоторые из них:

А. Ребер в своем Большом психологическом толковом словаре дает иное определение: « тест - это совокупность вопросов и заданий, предъявляемых испытуемому с целью выявления социальных, психологических или психофизических характеристик.»[6. с.152]

При помощи традиционных тестов, по мнению Торндайка, никогда точно не известен предмет исследования. Также неизвестно даже то, какими единицами при этом оперировать и что означают количественные выводы. [1.с.171]

В современном учебном процессе, по мнению Рабиновича, тесты отчетливо выполняют две различные функции: **контролирующую** и **обучающую.**

К контрольным тестам относятся те, основной целью которых является установить факт знания (незнания) или владения (невладения) учащимся тем или иным материалом, умением, деятельностью и соответственно оценить его; цель обучающих тестов – обеспечить усвоение, овладение учащимся тем или иным материалом, умением, деятельностью, и контроль их выполнения выступает для учителя как средство управления этим процессом. В настоящее время тесты занимают очень важное место в процессе изучения иностранного языка. Для этого существует несколько причин. Во-первых, в связи с подготовкой учащихся к сдаче международных экзаменов возникает необходимость постоянной тренировки в выполнении различных тестов, что поможет учащимся «набить руку» в данном виде деятельности и успешно справиться с экзаменационными тестами.

Во-вторых, тесты, являясь сравнительно новым видом учебной деятельности, нередко заменяют многие упражнения ("drills") и становятся эффективным средством для повышения мотивации учащихся. Использование тестов на занятиях и дома способствует появлению у них новых целей и интересов. Положительные эмоции, которые учащиеся получают от осознания правильно выполненного теста, очень благоприятно сказывается на всем учебном процессе.

Во-третьих, работа с тестами предполагает включение учащегося в активную мыслительную деятельность, так как, сопоставляя, анализируя различные языковые структуры в тестах, учащиеся тем самым проделывают сложные речемыслительные операции. Это, прежде всего, относится к развитию языковой догадки, без которой невозможна реальная коммуникация.

И, наконец, тесты очень экономичный вид учебной деятельности, так как их выполнение не занимает много времени. Их можно выполнять индивидуально, в парах или всей группой.

Популярность тестового контроля в настоящее время растет в связи с тем, что тест является формой контроля, которая не затрачивает массу времени, экономит время при проверке, а также абсолютно проста в проверке. Тестов различают огромное множество, поэтому можно с легкостью подобрать нужную форму теста. Из этого следует, что тест можно назвать универсальной формой контроля.

К тестам наука предъявляет высокие требования, рассматривая его как измерительный прибор. С этой точки зрения, разработка тестов - дело специалистов. Необходимо, чтобы тест отвечал следующим требованиям: надежность, валидность и объективность.

Надежность теста означает, что он показывает те же результаты неоднократно, в сходных условиях.

Валидность означает, что тест обнаруживает и измеряет уровень усвоения именно тех знаний, которые хочет измерить разработчик.

Объективность теста означает независимость проверки и оценки знаний от учителя.Таким образом, из вышесказанного следует, что чтобы тест дал преподавателю ожидаемый результат, тест должен быть подобран исходя из индивидуальных особенностей испытуемых, должен быть правильно и корректно составленным.

Достоинства и недостатки тестов

Тесты, как и другие методы педагогического контроля, имеют свои достоинства и недостатки. Приведем некоторые из них, которые выделяют А.В. Конышева и Е.А. Маслыко: "Преимущества тестов заключаются в их объективности, то есть независимости

проверки и оценки знаний. Также преимуществом групповых тестов является возможность охвата больших групп испытуемых одновременно, упрощение функций экспериментатора (чтение инструкций, точное соблюдение времени), более единообразные условия проведения, возможность обработки данных .Индивидуальные тесты позволяют педагогу или психологу получить в результате не только баллы, но и условное представление о многих личностных особенностях тестируемого". [3. с.98]

В наше время у тестов также существуют недостатки. Основным недостатком является снижение возможностей экспериментатора добиться взаимопонимания с испытуемыми, заинтересовать их, кроме того, при групповом тестировании затруднен контроль за состоянием испытуемых, таким как тревожность и др.Таким образом, учитывая достоинства и недостатки тестов как метода педагогического контроля, при проведении тестов следует уделять внимание специфике данного метода контроля, также нельзя упускать из виду особенности испытуемых, учитывать неполный объем результатов, полученных в ходе проведения тестов. Тесты действительно являются эффективной формой контроля, но чтобы провести тест, необходимо множество сложившихся условий: учитель должен соответствовать требованиям, предъявляемым к нему для эффективности результата, тест должен быть тщательно подготовлен и продуман, должны быть учтены недостатки данной формы контроля. При правильности использования тестов, учит В последнее время внимание преподавателей иностранного языка все больше привлекает проблема тестирования, но взгляд на проблему тестирования, в чем можно будет убедиться в дальнейшем, стал куда более многосторонним, тестирование стало восприниматься как достаточно сложный и неоднородный процесс, обладающий своей спецификой и требующий специальных навыков для проведения грамотной тестовой работы.

Основной целью обучения иностранному языку в вузе , выраженной в программе, является развитие личности студента, способной и желающей участвовать в межкультурной коммуникации на изучаемом языке и самостоятельно совершенствующейся в овладеваемой им иноязычной речевой деятельности. Данная цель раскрывается в единстве четырех ее компонентов:

- **воспитательного** (подразумевает формирование социально активной личности);
- **образовательного** (связан с приобщением к культуре народа страны изучаемого языка, с расширением лингвистической и филологической компетенции учащихся);
- **развивающего** (направлен на развитие языковых способностей учащихся, культуры общения, интереса к языку);
- практического (направлен на формирование речевых навыков и умений устной и письменной речи на иностранном языке, обеспечивающих основные познавательно-коммуникативные потребности учащихся на каждом этапе обучения).Успех в обучении иностранному языку во многом зависит от того, в какой степени качество занятий учащихся находится в поле зрения учителя и какое внимание уделяется профилактике ошибок. Используемые на занятиях учебные материалы играют очень важную роль, поскольку являются неотъемлемой частью учебного процесса.

В заключение можно отметить, что тесты не заменяют и не отменяют другие средства контроля. Опыт применения стандартизированных тестов в большинстве стран свидетельствует об их использовании в основном для итогового контроля или экзаменов. Они широко востребованы в системе оценки качества образования и мониторинга, в процессе которых необходимо проводить надежные сравнения образовательных достижений а также устанавливать взаимосвязи на основе количественных характеристик. В ходе тестирования оценивается ограниченное число характеристик, определяющих образовательные достижения, а не вся их совокупность. В связи с этим результаты тестирования дают лишь некоторую информацию о подготовке учащихся, а потому не

могут быть единственным инструментом, на основе которого происходит контроль обученности учащихся.

Литература:

1. Торндайка. «Законы на учения».- Москва.1998. -С.171-178.
2. Красильникова Дарья Дмитриевна. «Создание и применение тестов на уроках английского языка». МБОУ СОШ. -№ 2.2010.
3. Металова Инна Геннадьевна. «Особенности формирования навыков тестирования в процессе обучения английскому языку» **.** -Барнаул.2009.-С.198-200.
4. http://mytest.klyaksa.net/ My Text X – система программ для создания и проведения компьютерного тестирования, сбора и анализа их результатов.
5. Гамезо М.В. «Общая психология» .-Москва. 2007.- С. 204-216.
6. А. Ребер. « Большой толковый психологический словарь». -Москва. 2000.-С.152

УДК:9.903 (516) (575.2)

Токторбекова Н., старший преподаватель,ОшГУ

КЫРГЫЗТААНУУ МАСЕЛЕСИНИН ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ (XIX К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ XX К. БАШЫ)

Аннотация: *Макалада тарыхнаамалык аспекте XIXк. экинчи жарымы XX к. башы кыргызтаануу маселесинин жаралышы жана өнүгүү багыттарына анализ жасалат.*

Аннотация: *В статье историографическом аспекте анализируется вопрос возникновения и развития кыргызоведения во второй половине XIX в. и нач. XX в.*

Abstract*: The article analyzes the historiographical aspect of the social structure of the Kyrgyz people in the 19th century.*

Ачкыч сөздөр: *кыргызтаануу, орус тарыхнаамасы, социалдык түзүлүш, уруулар курамы.*

Ключевые слова: *кыргызоведение, русская историография, социальное устройство, родоплеменное обьединение.*

Key words: *Russian historiography, social devices, tribal unification.*

XVIII к. экинчи жарымынан XX к. башына чейинки мезгилде орус тарыхнаамасында кыргыз элинин тарыхын чагылдырган орус чыгыштаануучулары тарабынан булакнаамалык жана тарыхнаамалык-булактык маанидеги эмгектер жаралган. Ал эмгектер өзүнүн маани -мазмуну, көлөмү, маалыматтуулугу, жазуу ыкмалары боюнча бири-биринен айырмаланышат. Ошол эле мезгилде айрым эмгектердин ортосунда кайсыл бир окуяны сүрөттөдө окшоштуктар, бири-бирин кайталоо фактылары кездешет. XIX к. экинчи жарымынан тарта Россия империясынын геосаясий кызыкчылыгынан улам Орто Азияга анын ичинде Кыргызстанга карата болгон кызыгуу күчөгөн. Ошондон улам кыргыздардын тарыхын чыгыштануучулар тарабынан изилдөө активтештириле баштаган. Натыйжада 50 жылдан ашуун аралыктын ичинде Түркстан крайын ар тараптан изилдөө иштери жүргүзүлүп, орус чыгыштаануусунда “түркстан таануу” багыты анын ичинде “кыргыз таануу” тармагы жаралып өнүккөн.

Кыргызтаануу маселесин орус чыгыштаануусунда “түркстан таануу” тармагынын ичинде жаралган бир илимий багыт катары кароо керек. Кыргыз таанууну – кыргыз элинин турмушунун бардык чөйрөлөрүн изилдеп, маалымат топтогон, тарыхый булактык жана тарыхнаамалык-булактык мүнөздөгү орус чыгыштаануучулардын изилдөөлөрүн атоого болот. Албетте, кыргыз таануу маселесин кеңири илимий изилдөөнү талап кылган объект катары кароо зарыл. Каралып жаткан доордо кыргызтаануу маселесин изилдешкен орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерине, анын багытарына токтолуп өтөлү. XVIII-XX к. башындагы орус авторлорунун эмгектерине тарыхнаамалык анализ жасоого аракет жасаган Ж. Алымбаев авторлордун көз караштары, профессиналдык билими,

социалдык теги боюнча бир катар топко бөлүүнү сунуштаган [1. С. 47]. Алсак автор, орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүн: чыгыштаануучу-изилдөөчүлөр, аскер-чыгыштаануучулар, орус саякатчылары деп бөлүүнү сунуштайт [1. С. 47-53]. Белгилей кетчү нерсе, илимий маклабызда Ж. Алымбаев тарабынан сунушталган классификацияны колдонууга аракет жасадык.

Кыргызтаануу маселесинин жаралышы жана өнүгүшү туурасындагы маселени карап жатып, революцияга чейинки орус тилинде жарык көргөн эмгектерди 3 этапка бөлүп кароо тарыхый логикага туура келет. Бул туурасында Ж. Алымбаев тарабынан сунуш кылынган төмөнкү мезгилдештирүү маселесин колдоого болот: 1-этап:XVIIIк. экинчи жарымынан XIXк. башына чейин; 2- этап:XIXк. башынан- XIXк. 60 жылдарына чейин; 3-этап: XIXк. 60жылдарынан XXк. башына чейин [1. С. 54]. XVIII к. экинчи жарымы XIX к. башына чейинки мезгилдеги кыргызтаануунун маселесинин жаралуусунун башатында турушкан авторлодун катарына П. Рычков, В.Н. Татищев, И. Андреев, Е. Тимковский, И. Бичурин ж.б. сыяктуу падышачылыктын өкүлдөрүн кошууга болот. Аталган авторлордун эмгектеринде кыргыздардын жашаган аймагы, алардын коомдук-саясий турмушу, “кара кыргыз” этнонимине байланышкан көз караштар сүрөттөлгөн. Маселен, илимий чөйрөгө кыргыздар туурасындагы алгачкы маалыматты белгилүү кылган авторлордун бири В. Н. Татищев жана П. И. Рычков болгон. Эки автор кызматы боюнча чогуу эмгектенишип, В. Н. Татищевдин П. И. Рычковдун көз карашына тийгизген таасири чоң болгон. Кыргыздар туурасында берген эки автордун маалыматы бири-бирине үндөш. Алсак В. Н. Татищев: «Алатай (Ала-Тоо) кыргыздар көчмөн жана күчтүү эл, Ташкенттин ары жагында, чоң казан ордосунан 5-6 күндүк узакта турушат, Ходжант (Хаджент) Наимачин (Наманган) жана Маджаландын (Маргалан) сейрек жүрүүчү жана таштуу тоолорунда жашашат [13.С.283]-деп эскерген. Автордун андан ары берген маалыматында кыргыздардын жарымы Жунгар хандыгынын кол алдында, жарымы 30000 аскери менен аларга каршы турушат [13. С.283]. Кыргыздар туурасында илимий чөйрөгө биринчи болуп жарыялаган эмгек П. Н. Рычковдун эмгеги болуп саналат. Эмгек Оренбург губерниясынын «генералдык картасын» түзүүгө байланыштуу, губернияга чектеш Борбордук Азия аймагын изилдөөгө алган. Аталган эмгек эки бөлүктөн, 24 баптан туруп, Борбордук Азия элдери туурасында маалыматтарды жазып калтырган. Кыргыздардын жашаган аймагына токтолгон автор: «Ташкенттин ары жагы Ходжент, Наймаган (Наманган) жана Мадталан (Маргелан) шаарларында күчтүү жана көп сандуу кыргыздар бар, алар Алатау (Ала-тоо) аталган таштуу жана бийик тоолордо көчүп жүрүшөт. Ошол тоолордон улам, алар Алатай (Ала-Тоо) кыргыздары деп аталат» - деп жазат [9. С.133]. Кыргыздардын коомдук-саясий турмушун чагылдырган авторлордун бири И. Андреев болуп саналат. Анын эмгегинде XVIII к. акыркы чейрегиндеги Тянь-Шандык кыргыздардын ички абалы, коңшу мамлекеттер менен болгон мамилеси ж.б. чагылдырылат [2]. 50 жылдан ашуун Түштүк Сибир жана Казак талааларында кызмат өтөгөн И. Г. Андреев 1785-1790 жылдары казактар туурасында тарыхый этнографиялык эмгек жараткан. Советтик тарыхнаамада көпчүлүкө белгисиз болуп келген И. Г. Андреевдин эмгеги 50-ж. ортосунда гана Э. А. Масанов тарабынан кол жазмасы жана эмгеги Петербург шаарынан табылган [2. С.5]. И. Г. Андреев өзүнө чейин белгилүү болгон И. Миллер П. Рычков, П. Н. Рычков, В. Н. Татищевдин эмгектерине таянып, кыргыздар менен казактардын аталышы, алар жашаган аймактарга кеңири токтолуп өткөн автордун бири. И. Г. Андреевдин эмгегинде кыргыздар туурасында үч төмөнкү жагдайга токтолгон:а) кыргыз-кайсак аталыштары, алардын ортосундагы байланыш; б) кыргыздардын коомдук түзүлүшү;в) орус-кыргыз мамилелеринин башталышы.И.Г.Андреевдин берген маалыматына таянсак, кыргыздар деп аталган ат менен үч эл белгилүү:а) кытай сепилинде жашаган байыркы кыргыздар:б) калмактар тарабынан Кара Тоого куулган жана Сибир тарыхында «буруттар» болсо, «жапайы»,

«кара», «такшалган» аталышындагы кыргыздар; в) кайсактар же казактар талаада жашаган, көчүп жана адашып жүргөн кыргыздар [2. С.24].

И.Г.Андреевдин эмгегинен «о диких, черных или закаменных киргизах» - деген бөлүгүндө Сибирдин тарыхында «буруттар» деп аталаган «кара» же болбосо таштуу аймактын ары жагындагы кыргыздар кайсактар эмес, алар байыркы кыргыздар (киргисцы), алар казактар өз энеден, алар(кыргыздар) өгөй энеден төрөлүшүп, анан калса каардуу келгендиктен, казактар тамаша иретинде - «жапайы» деп аташкан [2.С.25]. И.Г.Андреевдин пикири боюнча казахтар кыргыздардын кардуулугу үчүн аларды кооптуу, шектүү карашкандыктан алар «жапайы» атыга баштаган.Демек, кыргыздардын «жапайы» деп аталышы байыркы, кардуу жана кайраттуу деген түшүнүктөрдөн улам жаралган.

Тарыхый этнографиялык мүнөздөгү И. Г. Андреевдин эмгегиндеги маанилүү маалыматтардын бири: кыргыздардын коомдук түзүлүшү, кыргыз-орус байланышы туурасындагы даректер болуп саналат. Автор кеңири болбосо да, 1785-жылы Атаке баатыр тарабынан Абдырахман Кучаков баштаган элчиликтин Петербургка жөнөтүлүшү кабарланган [2. С.51]. Белгилей кетчү нерсе, кыргыз тарыхнаамасында алгачкы кыргыз элчилиги боюнча, айрым фактыларды архивдик материалдардын негизинде тактаган Д. Сапаралиевдин пикирин эске алуу зарыл [10. С.125].

Кыргыздардын коомдук түзүлүшүнө токтолгон автор, кыргыздарда хан, султан болбойт, Атаке аттуу бийи бар, согушка 50 000 аскерди топтой алышат [2. С.52]-деп эскерет. Эмгекте кыргыздар (волостко) уруулларга бөлүнөрүн, алардын башчыларын атап өтүү менен ошол эле учурда, кыргыздардын айрым бөлүктөрү Кокон менен Кашкардын ортосунда 5000 түтүнгө жакыны «бурут» деген ат менен көчүп жүрөрүн белгилеп өткөн [2. С.52]. Казак тилин жакшы өздөштүргөнү менен Кыргызстандын аймагында болбогонИ.Г.Андреев кыргыздар жөнүндө кеңири тарыхый-маалыматтарды бере алган эмес. Ошого карабастан XVIII к. экинчи жарымындагы орус тарыхнаамасында кыргыз менен казактын ортосундагы тилдик, нравалык, жүрүм-турумдук, диний жактан окшоштуктар бар экендигин белгилеп кеткен.

Кыргызстаануу маселесинин экинчи этабында,саясий өңүттөн улам, кыргыздарга алардын тарыхына, коомдук-саясий турмушуна карата болгон кызыгуу күчөп изилдөө иштери үчүн падышачылык тарабынан иш-чаралар көрүлө баштаган. Бул аралыкта “илимий” максатты ишке ашыруу деген максаттын алдында Орус географиялык коому (РГО) тарабынан экспедициялар уюштурула баштаган. Натыйжада 1856-жылдын май айынан баштап Кыргызстандын аймагында Ч. Валиханов, П. П. Семенов, Н. А. Северцов, А.Голубев, И.А.Бардашев сыяктуу саякатчылар келишип, кыргыздар туурасындагы эмгектерин жазып, РГОнун басылма органдарына жарыялашкан. Аталган орус саякатчыларынын эмгектеринде кыргыздардын уруу-уруктук түзүлүшү, курамы, географиялык абалы, саясий абалы, чарбасы туурасындагы кызыктуу материалдар сүрөттөлгөн.

Кыргыздар туурасында тийиштүү материалдарды топтоп кыргызстаану маселесинин жаралышына салым кошкон авторлордун катарына И.Бардашевди кошууга болот. И.А.Бардашев Ала-Тоо (1848-1868 жж) округунун жана казахтардын Чоң ордосунун котормочусу.Сибирдеги кадет котормо мектебинде окуган. Кадет мектебин аяктаган соң Ала-Тоо округунун борбору Копалга котормочу катары жиберилген. 1856жылы Ч.Валиханов менен бирдикте Кульжага дипломатиялык миссияны аткаруу үчүн катышкан. 1860 жылы болсо полковник А.Э.Циммермандын жетечилиги астында Токмок, Пишпек чептерин алууга катышкан. И.А.Бардашевдин калемине кыргыздар обоюча жазалган “Заметки о дикокаменных киргизах”, “Сведения о дикокаменных киргизах” [3] аттуу эмгектер таандык, аталган эмгектер эмнегедир анын көзү өткөндөн кийин гана жарык көргөн.

1856 жылы Ысык-көлдүк кыргыздардын арасында болуп, алардын ички турмушу, маданияты менен түздөн түз таанышкан авторлордун бири белгилүү этнограф, тарыхчы Ч.Валиханов болуп саналат. Автордун калемине “ “Киргизское родословие”,“О состоянии Алтышара или шести восточных городов китиацкой провинции Нан-лу(Малой Бухарии) в 1858-1859году”, “Описание Алтышара или Кашгара”,“ Очерки Джунгании” [4] аталган эмгектери кыргыздардын уруулук түзүлүшү, чарбасы. саясий абалы, “кыргыз” этниминин келип чыгышы ж.б. маселелер сүрөтөлгөн.

Экинчи мезгилдеги авторлордун эмгектери, негизинен РГО басылма органдары болгон “Записки РГО”, “Известия РГО”, “Вестник РГО” сыяктуу басылмаларда жарыяланган. Аталган мезгилдеги эмгектер көлөмү боюнча кыска, жанры боюнча-күндөлүк, эскерүү,формасында, публицистикалык ыкмада жазылган. Арийне көпчүлүк авторлор “обзордук” маанидеги эмгектерди жаратышкан. Маселен, “Обозрение Кокандского ханства”, “Сведения о дикокаменных киргизах” [6] – аттуу макалалар кыска жазылып, бирок кыргыздардын турмушунун бардык тарабынан обзордук маалымат берүүгө аракет жасашкан.

Кыргызтаану маселесинин үчүнчү мезгилин Түркстан генерал-губернаторлугуну түзүлгөндөн кийинки доорго туура келет. Анткени, 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен илимий мамилелер, уюмдар ачылып – изилдөө иштери үчүн, кыргызтаануу маселесин тереңирээк изилдөө күчөй баштаган.Кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык тарыхын изилдөөгө карата бир катар ири эмгектер жарык көргөн. Кыргызтаануу маселесинин изилдөө багыттары кеңейип, өз алдынча изилденген көлөмдүү эмгектер жарык көрө баштаган. Кыргызтаану багыты кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык, маданий турмушун изилдөөгө арнала баштаган.

Алсак, кыргыздардын социалдык түзүлүшүн чагылдырган авторлордун катарына Алардын катарына Воронин жана Нифантьев, Ч.Ч.Валиханов, Н.И.Гродеков, Н.А.Северцов, М.Венюков,А.Талызин О.Шкапский, Л.Костенко Г.С.Загряжский ж.б. эмгектерин кошууга болот [6]. Көрүнүп тургандай манаптар боюнча эмгек жазгандар орус саякатчылары, чыгыш таануучулар, аскер адамдары болуп саналат.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздардын саясий абалын 50-60-жылдары Кыргызстандын аймагына келген орус саякатчыларынын, айрым аскер адамдарынын жол күндөлүктөрүндө эскерүүлөрүндө сүрөттөлөт. Кыргыздардын ички саясий абалын сүрөттөп жазган авторлордун катарында Ч. Валиханов, П. П. Семенов, Н. А. Северцов, А. Голубев.Чыгыштануучулар В. Радлов, М. Венюков ж б кошууга болот.

Аталган авторлордун эмгектери күндөлүк, публистикалык мүнөздө жазылып, саякат жасоо учурунда, авторлор тарабынан күбө болушкан окуялар, фактылар келтирилген. Жогорудагы орус саякатчыларынын эмгектери Кыргызстандын түндүк аймагында жашаган кыргыздардын ички абалына гана токтолуп кетишкен. Ал эми Кыргызстандын түштүк аймагындагы кыргыздар туурасында маалыматтар чагылдырылган эмес. Биринчиден, XIX кылымдын 50-60-жылдары орус саякатчылары түндүк аймака гана саякат жасаганы белгилүү. Экинчиден болсо, азыркы Кыргызстандын түштүк аймагындагы кыргыздар Кокон хандыгынын курамында болгондуктан, ал тарапка саякат жасоо убактылуу гана падышачылыктын милдеттерине кирген эмес. Демек, кыргыздардын ички абалын иликтөөдө ошол доордогу түндүк менен түштүктөгү өкүм сүрүп турган, саясий бирикме, мамлекеттүлүк жөнүндөгү маселеге токтолуп кеткен.

Орус саякатчылары тарабынан көтөрүлгөн маселердин бири түндүк жана түштүк кыргыздардын Кокон хандыгына карата болгон биш ийүүчүлүк маселеси. Аталган маселеге кайрылган авторлордун бири Ч. Валиханов, Н. А. Северцов болуп саналат. Ч. Валихановдун «Записки о Кокондском ханстве»-аттуу көлөмдүү эмгегинде Кокон хандыгындагы XIX кылымдын 40-50-жылдары болуп өткөн саясий процесстерге талдоо жүргүзүп кеткен. Түштүк аймактагы кыргыздарга токтолгон Ч.Ч. Валиханов «алар

(түштүк кыргыздар жөнүндө сөз болуп жатат) Маргелаң, Ош, Андижан, Наманган жана Ташкент округдарында жашайт. Кыргыздар жана кайсактардын (казактарды) ортосунда Коконго баш ийгендик жана анын бийлигин тааныгандык боюнча өзгөчө бөлүнүүчүлү бар»-деп белгилейт [5. С.315]. Анадан ары кыргыздардын ролуна токтолгон автор, түштүк кыргыздар хандыкта аскер бөлүгүндө кызмат кылышып жана хандыктагы белгилүү бир даражадагы кызматтарды ээлешип, башка уруулар сыяктуу эле бирдей укукта болушканын белгилейт [5. С.315]. Кокон хандыгындагы кыргыздардын ролун мүнөздөгөн Ч. Ч. Валиханов хандыктын саясий турмушуна адигине, ичкилик жана найман уруулары катышканын белгилеп кеткен [5. С.315]. Демек, түштүк аймакта жашаган кыргыздар Кокон хандыгынын курамында болушуп, анын саясий турмушуна активдүү катышкан. Кокон хандыгына карата түндүк жана түштүк кыргыздардын мамилесин белгилүү саякатчы Н. А. Северцов да бөлүшкөн. Н. А. Северцов өзүнүн «Этнографические заметки о Зачуйском крае»-аттуу очеркинде кыргыздардын территориялык жайгашуусун түндүк жана түштүк кыргыздардын мамилесин жана түштүк кыргыздардын Кокон хандыгындагы өзгөчөлгөн абалына сереп жүргүзгөн. Автор, кыргыздардын хандыка карата болгон мамилесин: «Түндүк жана түштүк кыргыздардын Коконго болгон мамилесинде айырмачылык бар. Биринчилердин байланышы жок жана мамлекеттик түзүлүшү бытыранды жана каршылаш. Ар бир урук ич ара бөлүнгөн аларда тез-тез каршылашып турушат» [11. С.147]-деп жазат. Кыргыздардын Кокон хандыгына карата мамилесин белгилеген автор; «кыргыздар кыпчактар, өзбектер сыяктуу эле «салык төлөөчүлөр эмес» (не данники), үстөмдүк кылуучу уруулардын бири жана «аскер күчүнүн өзөгү»-деп жазат [11. С.147]. Н. А. Северцовдун берген маалыматы боюнча түштүк кыргыздар хандыктын бөтөн уруусу эмес, тескерисинче анын саясий турмушуна активдүү катышкан уруулардын бири болуп эсептелген.

Саякатчы Н. А. Северцов Түндүк Кыргызстандын аймагына 1864-жылы келген. Демек, автор, Түндүк Кыргызстандагы Кокон чнптери менен тааныш болуп, солто, сарбагыш, солто урууларынын ортосундагы ич ара чабыштарга күбө болгон. XIX кылымдын 40-50-жылдарындагы бугу-сарбагыш чыр чатактары боюнча тийиштүү маалыматка ээ болгон деп айтууга болот.Демек, жогорудагы материалдарга таянуу менен XIX кылымдын 50-60-жылдарындагы кыргыздардын саясий абалы боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот.

Биринчиден, түндүк жана түштүк кыргыздардын Кокон хандыгына көз карандуулугу бирдей абалда болгон эмес. Территориялык жана тарыхый факторлордон улам, азыркы Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган кыргыздар Кокон мамлекетин курууга, өнүктүрүүгө түздөн-түз катышып, саясий турмушунда активдүү ролду ойношкон. Экинчиден ошол эле тарыхый-географиялык факторлордон улам, сырткы саясий таасирлерден натыйжасында Кокон хандыгы түндүк аймакты толук көзөмөл жүргүзүүгө жетише алган эмес. Буга Жунгар хандыгы, Цин империясынын өзгөчө Чыгыш Түркстандын түндүк кыргыздарга карата жүргүзгөн саясаты тоскоолдук жаратып келген. Бул тарыхый кырдаал Россия империясына каратылганга чейинки ички конфликтер өз алдынча мамлекеттүүлүк түзүүгө тоскоол болгон.

Түндүк аймакта жашаган кыргыздардын XIXк. экинчи жарымындагы абалы Ф. Зибберштейн, Ч. Ч. Валиханов, П. П. Семенов, А. Голубев, М. И. Венюков, Н. А. Северцов, А. Н. Краснов, Ф.Р. Остон Сакендин эмгектеринде сүрөтөлөт.

Белгилүү саякатчы П.П. Семенов тарабынан жазылган эскерүү жол күндөлүгүк, эмгектеринен саясий абал туурасында көптөгөн материалды алууга болот. Алсак, автор саякаттоо мезгилинде бугу менен сарыбагыштардын айлында болуп, алардын ич-ара кагылышууларына автор күбө болгондугун белгилейт. Эки уруунун бири-бирине кастык мамилесинен улам, сарыбагыштын манабы Ормондун бугулардын колунан каза болгондугун белгилейт [12.С.204]. П. П. Семенов жетектеген орус саякатчыларынын өкүлдөрүн Үмөтаалы кабыл алгандыгы белгилүү. П. П. Семеновдун макаласында

сүрөттөлгөн окуяларга логикалык анализ жүргүзсөк, П. П. Семенов кыргыздар туурасында көп маалыматты топтоого аракет кылган. Эки уруунун ортосундагы мамиленин тарыхын, себептерин билүүгө кызыккан. Ошондуктан автор; «сарыбагыш менен бугунун ортосундагы кандуу кагылышуу бир канча жылдан бери уланып келет....» [12. С.204] - деп жазат. Көчмөн кыргыздардын ортосундагы ич ара кагылышуулар жайыт, калын төлөө, соода-сатык талашынан улам жаралган көрүнүш катары баалаган П. П. Семенов. Мындай көз карашты башка орус саякатчылардын эмгектеринен да кездештирүүгө болот.

XIX к. экинчи жарымындагы кыргыздардын чарбасын изилдөөгө салым кошкон авторлордун бири Г. Загряжский болуп саналат. Автор, учурунда Пржевальск, Токмок уездеринде кызмат өтөгөн, падышачылыктын өкүлү кыргыздардын экономикалык турмушунун күбөсү катары анын далилдүү, чыныгы фактыларды келтирүүгө аракет жасаган. Г. Загряжскийдин кыргыздардын чарбалык турмушун чагылдырган бир катар макалалары белгилүү [7]. Г. Загряжскийдин аталган макалаларындагы кыргыздардын чарбачылыгына карата берилген мүнөздөмөлөрдүн бири-бул алардын малга карата жасаган мамилеси. Автор кыргыздар малды өтө баалган, сыйлаган эл катары сүрөттөлөт. Чүйлүк солто уруусунун мисалында кыргыздардын малга болгон мамилесин көрсөткүсү келген автор, жашына карабай баары малды асыроо менен алектенишет. Ар биринин өзүнө бөлүнгөн кызматы бар экендигин белгилейт. Маселен, улгайган адамдар малды айдашат, кыгын тазалашат. Жаштары болсо, жылкыны, койду, төөлөрдү, аялдары болсо, уйларды саашып, музоолорун карашып, сүттөн азыктарды жасоо менен алек болушкан»- деп жазат [7]. Автор аталган эмгегинде кыргыздардын бир күндө жасаган ишине токтолуп кеткен. Алсак, автор эртең мененки тамактан кийин үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүнө тийешелүү жумушту аткарууга киришерин белгилейт. «Аялдар малды саап, сүт азыктарынан айран, кымыз жасоого киришет. Эркектер болсо, устачылык жасоого киришет, колунан эч нерсе келбегендер мал карооло, аңчылыка жөнөшөт. Жаш кыздар болсо, өзүнүн себетин даярдоо үчүн саймачылык менен алек болушат. Эс алууда убакыт жок. Мал кечинде короого келген мезгилде гана айыл кайрадан кыймылга келет [7]»- деп эскерет. Г. Загряжскийдин макаласындагы көтөргөн орчундуу маселенин бири-бул кыргыздардын мал багуу, асыроо, сүт азыктарын жасоо маселеси. Кыргыздардын уйдун, жылкы сабоо, сүт алуу техникасына автор өзгөчө көңүл бөлүп, торпокту, кулунду эмизүү жолдоруна, ыкмасына токтолгон. «Кыргыздар эч убакта уй сүт бербей коет деп, торпокту сойгон эмес»-деп жазат автор [7]. Көчмөндөр үчүн кымбат жана баалуу болуп эсептелген материалдык байлык жана алмаштыруу кой болуп саналган. Көчмөндөр үчүн койдун ролун жогору баалаган автор,- анын санына да токтолуп өткөн.

Г. Загряжскийдин эмгегинде кыргыздардын чарбалык турмушуна байланышкан дагы бир орчундуу маселе сүрөттөлөт. Ал малдын жүнүн, терисин иштетүү маелеси. Малдын териси, жүнү-деп жазат автор кыргыздардын чарбасында кийим үчүн алмаштыруу предмети катары маанилүү ролду ойнойт [7]. Койдун жүнүн эчкинин жана жылкынын жүндөрү менен арылыштырып, аркан жасалат. Алар кадимки көчмөн турмушта жана жүк артуу учурунда колдонушарын белгилеп кеткен. Кыргыздар аркан жасоо өнөрчүлүгүнө кызыккан автор:«таза жылкынын жүнүнөн келиндин себин жүктөп узатууда ала-була аркан жасалып колдонулат»[7]-деп белгилейт. Чындыгында жылкынын жүнүнөн жасалган аркандар бышык келген өзгөчө ал аркандар баалынган. Биздин пикирибизче ак аркандарды бай адамдар үй- тиричилигинде көп колдонушкан. Г. Загряжскийдин аталган макаласын кыргыздардын социалдык абалына, чарбалык турмушун, жашоо образына, маданиятына анализ жүргүзгөн мазмундуу тарыхый-этнографиялык мүнөздөгү эмгек катары карооло болот.

XIX к. экинчи жарымында Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган кыргыздардын чарбалык турмушун чагылдырган авторлордун бири В. Наливкин болуп саналат. XIX к. 70-80-жылдары Наманган уездинин Наамай кыштагында жашап, кыргыз

өзбек тилин өздөштүрүп, жергиликтүү калктын салты, мал чарбасы, дыйканчылык кесиби менен жакындан тааныш болгон, автор бир катар тарыхый булактык маанидеги макалаларды жарыялоого жетишкен [8]. Наманган уездинде жашаган кыргыздардын чарбалык турмушу, тагыраак айтканда дыйканчылыгы туурасында «Очерки земледелия в Наманганском уезде»-аттуу көлөмдүү изилдөөсүн кошууга болот. Автордун аталган эмгеги үч бөлүктөн туруп, анда уездин географиялык шарты, дыйканчылыктын негизги түрлөрү, аны өстүрүп, жыйноодогу колдонулган ыкмалар, эгин сугаруу жолдору сыяктуу дыйканчылык турмушту терең анализдөөгө аракет жасаган. Наманган уездинин географиялык шартына токтолгон автор, дыйканчылык кылуунун негизги булагы бул-суу экендигин баса белгилейт. Автор белгилегендей уездин аймагында эгин өстүрүү үчүн эки чоң дарыянын Падыша-Ата, Кашка-Суу жана 65 жыл мурун Нарын дарыясынан бөлүнгөн Янги-Коргон агын суусу бар. Бул эки дарыянын суусу-бүтүндөй уезди суу менен камсыздандырат [8].

Автор белгилегендей эгин аянттар базардын жанында жайгашкан, тосмосу жок, айланасына бак-даректар отургузулган. Суулу жерлерде жергиликтүү калк негизинен-буудай, арпа, беде өстүрүшкөн. Очеркте азыркы Аксы районуна караштуу Падыша-Ата, Кара-Башат, Кашка-Суу, Караван аймагында жашаган кыргыздардын дыйканчылык кесибине токтолуп кеткен.

Жыйынтыктап айтканда XIXк. экинчи жарымы XXк башында кыргыз орус тарыхнаамасында кыргыздардын турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтыган чакан макаландан тарта көлөмдүү эмгектер жаралып, кыргызтаануу маселеси өз алдынча илимий обьект катары өнүгө баштаган. Каралып жаткан мезгилдеги орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерин тереңдетип изилдөө зарыл маселелердин бири экендиги талашсыз.

Адабияттар:

1. Алымбаев Ж. Общественно политическая жизнь кыргызов. - Бишкек. – 2009. –С.286.
2. Андреев И.Г Описание Средней орды киргиз-кайсаков с принадлежащими и касающимися до сего народа дополнениями и прилежащих к Российской границе Сибирской линии по части Колыванской и Тобольской губерниях крепостям, собранное 1785 г. капитаном Андреевым. // Новые ежемесячные сочинения .Ч.CXV − CXVIII. − СПб.1795−1796.
3. Бардашев И. Заметки о дикокаменных киргизах. // Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник, Вып.III. – СПб.,1874.ошол эле автордун: Сведения о дикокаменных киргизах // ТВ.1870. – №15.
4. Валиханов Ч.Ч. “Киргизское родословие”.// Записки. Русск. Георг.общ. по .отд. этнограф. –Т.29.-СПб,- **1861**.; он же: “ О состоянии Алтышара или шести восточных городов китиацкой провинции Нан-лу(Малой Бухарии) в 1858-1859году”// Зап. Русск. Географ. Общест., кн.3. 1861; “ Описание Алтышара или Кашгара”, “ Очерки Джунгании// Зап. Русск. Географ. Общест., кн.3. 1861.
5. Валиханов Ч. Записки о Кокондском ханстве. // Валиханов Ч.Ч. Соб.соч. в пяти томах. –Т.3. –Алматы. 1985.
6. *Воронин-Нифантьев*. Сведения о дикокаменных киргизах// Записки ИРГО. Общая книжка 5.-Спб. 1851. Шкапский О. Киргизы-крестьяне// Туркестанский сборник. - Том 472.-Ташкент.1908. Костенко Л. Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности. - Спб.1871.Талызин А. Пишпекский уезд. Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета. – Верный.1898. Венюков М. Очерки Заилийского края и Причуйской страны // Записки ИРГО. книжка 4.- Спб.1861. Гродеков Н. И. Киргизы и каракиргизы Сырдарьинской области.- Ташкент.1889. Валиханов Ч. Собрание сочинений в пяти томах, 2 том.- Алмата.1985. Русские путешественники и исследователи о киргизах.- Фрунзе .1973.

7. Загряжский Г. Очерки Токмокского уезда. // Туркестанская ведемости. 1873. -№ 9-10. Ошол эле автор; Быт кочевого насаления долин Чу и Сир-Дарьи. // Туркестанская ведемости. 1871. -№ 27-31. Ошол эле автор; Кара-киргизи. // Туркестанская ведемости. -1874.-№ 41,43, 44.
8. Наливкин В. Киргизы Наманганского уезда. // Туркестанские ведемости. 1881. № 20-21. Ошол эле автор; Очерки земледелия в Наманском уезде. // Туркестанские ведемости. -1880. -№ 11, 13, 15.
9. Рычков П. Топография Оренбургская, то есть описание Оренбургской губернии, сочиненное коллежским советником и императорской Академии наук корреспондентом Петром Рычковым. – СПб.1762. –Ч. 1− 2.
10. Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в ХУ111 в. – Бишкек.1995.
11. Северцов Н. А.Этнографические заметки о зачуйском крае. // Извест. Импер. РГО Т.1. –СПб.1865.
12. Семенов П. П. Поездка из управления Верного через горный перевал .–С. 204.
13. Татищев В.Н. История Российская с самых древнейших времен. Кн.1, Ч.1− 2. − М. 1768. − С. 283.

УДК: 81.373

Тупчибоева М., Усманова А., магистранты ОшГУ
Забаева Б.У., старший преподаватель, ОшГУ

ЦВЕТООБОЗНАЧЕНИЯ В РАЗЛИЧНЫХ ЯЗЫКОВЫХ КАРТИНАХ МИРА (НА ПРИМЕРЕ ФРАНЦУЗСКОГО И РУССКОГО ЯЗЫКОВ)

COLOR-VALUATION IN VARIOUS LANGUAGE WORKS OF THE WORLD (ON THE EXAMPLE OF FRENCH AND RUSSIAN LANGUAGES)

Аннотация: *В данной статье рассматриваются вопросы цветообозначения в разносистемных языках и их переводы с учетом грамматических, лексических и семантических оссобенностей.*

Abstract: *In this article questions of color identification in heterogeneous system languages and their translations are considered taking into account grammatical, lexical and semantic singularities.*

Ключевые слова: *язык, цвет, культура, языковая картина мира, символ, эквивалентность.*

Key words*: language, color, culture, language picture of the world, symbol, equivalence.*

Данная статья ориентирована на широкий круг читателей и, мы убеждены в том, что она будет полезна всем тем, кто интересуется зарубежной культурой и изучает французский язык. Читатель познакомится с «цветными» идиомами, их классификацией, узнает, насколько важны фразеологические единицы в нашей речи и откроет для себя некоторые черты французов. В работе приведены классификации фразеологизмов известных ученых. Для собственной же классификации цветных идиом было проанализировано более пятидесяти фразеологических единиц, отобранных из отечественных и зарубежных справочных пособий и словарей.

Актуальность данной темы заключается в том, что фразеологизмы с компонентом цвета занимают большое место во фразеологическом фонде французского языка, где они остаются областью, требующей дополнительного изучения, а также помогает сделать речь более живой и эмоциональной, помогает понять национальную культуру страны изучаемого языка.

Как известно, фразеологизмы играют важную роль в отображении национально-культурных особенностей языка. В них наиболее ярко проявляются особенности восприятия мира, характерные черты материальной и духовной жизни носителей языка. Все больше приковывают к себе внимание как зарубежный, так отечественных лингвистов фразеологизм с компонентом цветообозначения. Это происходит потому, что многочисленные цвета и их символический смысл являются для любого народа своеобразным отражением культурологической картины мира. Крупные перемены жизни общества и важные для человечества элементы часто ассоциируются с определенными цветами.

Изучение фразеологии имеет давние традиции. Родоначальником теории фразеологии является швейцарский лингвист Шарль Балли. С того времени исследование фразеологии шагнуло далеко вперед.

Ш. Балли рассматривал фразеологические обороты как устойчивые сочетания с различной степенью спаянности компонентов и различал внешние и внутренние признаки этих оборотов. Под внешними он понимал их структурные особенности, а под внутренними – семантические. Шарль Балли выделял две группы фразеологизмов - *фразеологические серии* и *фразеологические единства*. Фразеологической серией он называл словосочетание, компоненты которого сохраняют независимость и распадаются сразу же после своего возникновения в речи. Согласно Ш. Балли, «в качестве фразеологического единства выступает оборот, состоящий из слов, которые имеют смысл лишь в данном сочетании, в силу чего они утратили свои независимость» [1:134 с.].

Учение Ш. Балли было развито В. В. Виноградовым, который поднял изучение фразеологии на более высокую ступень. В отличие от Шарля Балли он выделил три группы фразеологических единиц: *фразеологические сочетания*, *фразеологические единства* и *фразеологические сращения*.

В качестве теоретической базы для данного исследования послужили работы различных представителей отечественного и зарубежного языкознания. В. В. Виноградова, Ш. Балли, А. Г. Назаряна, В. Г. Гака, А. В. Кунина и других.

Согласно таким исследователя как А. Г. Назарян, В. Г. Гак фразеология (от греч. phrasis «выражение, оборот речи» logos «учение, понятие») – это языкознания, изучающий фразеологический состав языка в его современном состоянии и историческом развитии [2:13 с.] Н. М. Шанский рассматривает термин «фразеология» как совокупность устойчивых оборотов речи и выражении, свойственных данному языку [3: 87 с.].

Существует огромное количество определений термина «фразеологическая единица» поэтому очень трудно выбрать наиболее подходящее. В.В. Кунин дал достаточна четкое определение, объединяющее основные признаки фразеологизма. Согласно В. В. Кунину, «фразеологизма является лексически неделимые и целостные по значению языковые единицы, имеющие устойчивый характер» [4:153 с.].

Мы используем фразеологизмы в речи постоянно, даже не замечая этого. Чтобы не попасть в смешную ситуацию непонимания - не сесть в калошу, нужно пользоваться словарями или заучивать выражения наизусть. Если значение фразеологической единицы сложно понять и запомнить сразу, следует поинтересоваться этимологией данного выражения.

Несмотря на то, что цвет является базовой характеристикой окружающего нас мира, представитель каждой национальности видит этот мир по-своему, в рамках своего менталитета, национальной культуры.

Материалом для настоящей работы послужили 50 ФЕ с выраженным компонентом цветообозначения. В данную группу вошли слова, которые содержат следующие компоненты, называющие цвет: blanc (blanche), noir (e), bleu(e), rouge, vert (e), jaune.

Белый цвет символизирует чистоту, незапятнанность, невинность, добродетель, радость. У белого цвета мы можем наблюдать и отрицательные значения:

Blanc (blanche) – белый (-ая)

1.	Boule blanche	Хорошая отметка на экзамене
2.	Sourire blanc	Натянутая улыбка
3.	Respecter les cheveux blancs	Уважать старших
4.	Fils de la poule blanche	счастливчик
5.	Colere blanche	ужас
6.	Chou blanc	Полная неудача
7.	Messe blanche	Пустой разговор
8.	Coup blanc	Безрезультатное действие

Остановимся на значении черного цвета во французских идиоматических выражениях. У большинства народов отношение к черному цвету сходно. Черный, как правило, символизирует несчастье, горе, траур, гибель. Отсюда и связь черного цвета со злом. Среди ФЕ с элементом цвета noir(e) преобладает группа, обозначающая негативные эмоциональные состояния человека (regard noir, porter de noir)или негативные действия(render (bien) noir).

Noir(e) - черный (-ая)

1.	Regard noir	Злой взгляд
2.	Porter de noir	Носить траур
3.	Rendre (bien) noir	Очернить кого-либо
4.	Humour noir	Черный юмор
5.	Film noir	Фильм ужасов
6.	Papillons noirs	Черные мысли
7.	Avoir le noir	Хандрить
8.	Magie noire	Черная магия

Синий цвет у многих народов символизирует небо и вечность. Этот цвет также символизирует и преданность, постоянство и благородство(reve bleu, oiseau bleu).Кроме того, синий цвет близок к черному и получает сходные с ним символические значения. Он считался траурным в Древнем Египте и у некоторых народов Южной Африки. Во французском синий цвет с одной стороны-ассоциация с чем-то позитивным, с другой-с чем-то негативным (barbe bleue, colere bleue,bas bleue).

Bleu(e) синий (-яя)

1.	Reve bleu	Голубая мечта
2.	Oiseau bleu	Синяя птица-символ счастья
3.	Barbe bleue	Синяя борода-злой,жестокий человек
4.	Colere bleue	Гнев,ярость
5.	Bas bleue	Скучный,необщительный человек
6.	Faire bleu (bleue)	Прогуливать занятия

Что касается красного цвета в русском языке его символические значения очень многообразны и порой, противоречивы. С одной стороны, этот цвет символизирует жизненную силу, любовь, радость (rouge comme un cherubin),но во французском он связан с отрицательными чувствами-агрессией ,стыдом ,опасностью (compte en rouge, etre en rouge) .

Rouge-красный(ая)

1.	Rouge comme un cherubin	Румяное лицо
2.	Passer au rouge	Проехать на красный цвет
3.	Etre en rouge	Быть в затруднительном положении
4.	Compte en rouge	Пассивный счет

5.	Travailler dans le rouge	Заботать в минусе (в долгу)
6.	Rouge comme une tomate	Красный как помидор

Зеленый цвет во фразеологизмах часто ассоциируется с природой (temps vert, etre vert de peur).Зеленый цвет также связан с неопытностью(etre vert de froid, en dire des vertes),и является символом зависти и ревности(vert galant).

Vert(e)-зеленый(ая)

1.	Temps vert	Дождливая, сырая погода
2.	Etre vert de peur	Позеленеть от страха
3.	Etre vert de froid	Посинеть от холода
4.	Vert gallant	Сердцеед
5.	En dire des vertes	Говорить гадости
6.	Espace vert	Сквер, парк

Желтый-это цвет осени,цвет зрелых колосьев и увядающих листьев ,но также и цвет болезни,смерти ,потустороннего мира (jaune comme un citron, etre jaune comme du safran)

Jaune-желтый(ая)

1.	Jaune comme un citron	Желтый, как лимон
2.	Etre jaune comme du safran	Болеть желтухой
3.	Colere jaune	Сильное раздражение
4.	Sourire jaune	Криво улыбаться
5.	Rire jaune	Притворно смеяться

Таким образом, каждый цвет имеет определенную символику. Как видно, идиомы - это не просто устойчивые выражение, а зеркало, в котором отражается все своеобразие народа.

Как отмечают большинство исследователей, французский – язык невероятно цветной, и таким его во многом делают многочисленные красочные фразеологизмы. Изучение ФЕ является необходимым звеном в процессе усвоения языка, так как помогает понять национальную культуру страны, изучаемого языка; даёт возможность избежать трудностей при прочтении аутентичных текстов, просмотре фильмов на французском языке; помогает сделать речь более образной, эмоциональной. Кто-то, возможно, скажет, что заговорить на французском языке можно и без знания фразеологизмов. Это верно, однако, без использования фразеологизмов французский язык становится попросту бесцветным.

Литература:

1. Балли Ш. Французская стилистика. -М.: Либроком .2009.-С.398.
2. Гак В. Г. Сравнительная типология французского и русского языка. Изд. 2-е. М.: 1983.-С.287.
3. Шанский Н. М. Фразеология современного русского языка. М.: Высшая школа.1985.-С.160.
4. Кунин А.В. Англо-русский фразеологический словарь/ /А. В. Кунин М.: Рус. яз. 1984.-С.942.
5. Французско-русский // русско- французский словарь и грамматика; 24000 слов.-М.: ФАИР-ПРЕСС.2004.-С.752 .

УДК: 28.(2-472).

Уламкадырова С., магистрант,ОшГУ

КУРАН - КАРИМ АЯТТАРЫНДА АХЛИ КИТЕПТИН ЧЕКТЕН ЧЫККАН АРАКЕТТЕРИ ЖАНА ЖАЛГАНДАРЫ

UNCONTROLLED BEHAVIOR AND DESEPTION OF THE PEOPLE OF SCRIPTURE IN THE VERSES OF THE HOLLY QURAN

Аннотация: *Бул изилдөөбүздө Аллах тарабынан ыйык китеп берилгендер, башкача айтканда ахли китептин (жөөттөр, христиандар, себилер)Ислам дининин негиздерине, Аллах элчилери болгон пайгамбарларга карата ойлоп табылган жалгандары жана чектен чыккан аракеттери жөнүндө маалымат берилди. Жөөттөр, христиандар жана Сабилердин бул иш-аракеттеринин туура эмес экени Курани Карим аяттары аркылуу далилденди жана бул тууралуу туура маалымат берилди.*

Аннотация: *В этом исследованииданы оложных познаниях тех,кто является (зороастрийцы, христиане, сабии)которые были противпосланников Аллаха и основ Ислама, а также их не этических норм и поведении. Такая деятельность подразумевается христиан, не старонниковисторичесского пророка Исуса.*

Abstract: *In this study knowledge is given about the deception of those to whom the sacred books of Allah are sent, in other words People of Scripture (Jews, Christians, and Sabies) contrived about the Ambassadors of Allah and foundation of Islam and their ancontrolled behaviors. Such activities of Christians, Jews, Sabies are proven through verses of the Quran and are brought out the right knowledge.*

Ачкыч сөздөр: *Ахли китеп, Пайгамбар, жөөттөр, христиан, сабилер*

Ключевые слова: *Книга ахли, пророк, зороастрийцы, христиане,сабии.*

Key words: *Ahlul – Kitab:People of the book, prophet, Jews, Christians, and Sabies.*

А. Ахли китептин чектен чыккан аракеттери: Улуу Аллах Таала тарабынан бизге Аз Мухаммед (с.а.в) аркылуу келген Куран – Карим жалпы инсандарга жана жиндерге жиберилген. Аз. Мухаммед (с.а.в)дын туура динге болгон үгүттөөсү жалпы адамзатына багытталгандыктан Ахли китепти, тагыраак айткандамурунку вахий(*Аллах тарабынан периште аркылуу жиберилген билдирүү*) жазылган Тоорат жана Инжил ээлерин*(жөөттөр, бүгүнкү күндөгү христиандар,сабиилер)* бөлүп кароого мүмкүн эмес. Ошондуктан Курани Каримде аларга байланыштуу да бир канча аяттар бар.

Жөөттөр Аз. Пайгамбардын Курандын жана мусулмандардын бир кемчилдигин табуу үчүн ар кандай мүмкүнчүлүк издешкен.Мисалы: Алар Аз. Пайгамбарга келип сен Курандын туура китеп экендигин айтып жатасың анан эмнеге биз Аны Тоорат сыяктуу көрө албайбыз? деп сурашкан. Аларга Аз. Пайгамбар (с.а.в) мындай жооп берди. «Аллахтын аты менен ант ичем Курандын Аллах тарабынан бизге жиберилгендигин силер да билесиңер, бул чындыкты Тооратта окугансыңар. Эгер Куранга окшош бир китеп жазалы деп бардык инсандар жана жиндер топтолсо да мага күчү жетпейт жана жаза албайт»[3, 99-б.]

Иудаилер Кураны Каримди кемсинтишти каалашкан. Ошондуктан жогорудагы жана буга окшош толтура суроолор менен Куранга жана исламга каршы көз караш ичине киришкен. Дагы алар тараптан Улуу Аллахтын наамына жарашпаган суроолор менен Аз. Пайгамбарды ыңгайсыз абалга түшүрүүнү каалашкан. «Эй Мухаммед сен Аллахтын баардык нерсени жараткандыгын айтып жатасың, андай болсо Аллахты ким жараткан?»[3,100-б.] Буга Аз. Пайгамбар аябай кыжырданган. Ушул себептен Ихлас сүрөөсү жиберилген. Алардын дагы бир чектен чыккан аракеттери Аз. Пайгамбарды ыңгайсыз абалга калтыруу үчүн Рух эмне? деген суроолорунан улам Исра сүрөөсүнүн 85-аяты жиберилген.[3, 101-б.]

Негизинен ахли китеп бул суроолорду үйрөнүү, маалымат алуу үчүн эмес Аз. Пайгамбарды мүмкүн болушунча ыңгайсыз абалга калтырууну каалашкандыгы үчүн сурашкан. Ахли китеп диндеринде аша чаап чектен чыккан аракеттери көп. Ошондуктан бул темалар менен байланыштуу төмөндөгү аятта берилген:

“Эй, китеп ээлери! Диниңерде чындыксыз чектен ашпагыла, мурдагы чыныгы жолдон адашкан жана көптөгөн адамдарды адаштырган, ошондой эле туура жолдон тайган коомдун кызыкчылыгын ээрчибегиле.». [4, 5:77.]

Кураны Карим ишеним менен байланыштуу темалардын туура түшүнүлүп, туура аткарылышын аябай каттуу милдеттендирген. Ушул себептен Куран ахли китептин туура эмес түшүнүктөрүн көргөзүү менен алардын чыныгы туура ишеним ээлери болууларын каалайт.

Бул жогорудагы аяттан мурунку аяттарда Аллах Таала Аз. Исаны Аллахка (өзүнө) шерик катары да көргөндөргө каапыр экендигин айткан. [2, II/125] Иса жөнүндө чындыкка жакындабаган нерсени сүйлөбөгүлө. Аллах балалуу болгон эмес.

Ахли китептин өздөрүнүн китептериндеги кээ бир жерлерин жашыруусу, Кураны Каримди тануулары алардын чектен чыккан аракеттеринин бир мисалы десек болот. Мындай болуунун себеби да өздөрүнүн китептеринин бурлалануусу жана өздөрүнүн китептериндеги өкүмдөрүн аткарбоолору. Кураны Карим бул темада мындай дейт:

«Эгер алар Тооратты жана Инжилди жана Алладан түшкөн нерсени аткарышканда, анда ар тарабынан ырыскыга бөлөнүшөөр эле. Алардын арасында адилеттүү-каниеттүүлөрү да бар . Анткен менен алардын көпчүлүгүнүн жасаган иши – жаман».[4, 5:56.]

Ахли китептин дагы бир чектен чыккан аракеттеринин негизгиси бул-өкүмдү Аллахтан эмес кээ бир адамдардан алууну каалагандыктары. Жогоруда караганыбыздай алардын дин кызматкерлери өздөрүнүн китептеринен канчалаган жалган жалааларды кошушсада дагы деле өкүмдөрдү чыгаруучу катарында кабыл кылышууда. Бул аяттагы «китептен бир насип берилгендер» маанисиндеги «насип» сөзү Тооратты бираз бөлүмү сакталып көп бөлүмү сакталган эмес дегенди түшүндүрөт.[3, 103-б.]

Тооратта Аз. Мухаммедди сүйүнчүлөөсү жана дагы Аз. Пайгамбардын сапаттарынан кабар берүүсү анын эң акыркы пайгамбар экендигин билдирген. Бирок бул Тооратты өзгөртүлүп же алынып салынган. Ошондуктан азыркы учурдагы Тооратты бул сапаттарды көрүүгө болбойт. Буга карабай ахли китеп өздөрүнүн дин кызматкерлери тарабынан бузулуп, бурмаланган китептерине ыйман келтиришүүдө. Бул дин кызматкерлерине болсо ыйык Куранда мындай эскертүүлөр бар: *«Арзыбаган акчага сатуу үчүн өз колдору менен китеп жазып алышып, анан аны: “Бул Алладан келген” – дегендерге азап болсун! Аларга колдору менен жазгандары үчүн азап болсун! Алар кылган кесиптери үчүн азап болсун!»*.[4, 2:79.]

Дагы алар өздөрүнө берилген китептерин туура эмес анализдеп ушундайча аяттарды бурмалашкан. Өздөрүнүн ыңгайына жараша өзгөртүшкөн. Ахли китеп Улуу Аллах Тааланы ата ал эми өздөрүн болсо анын балдары катарында кабыл алышкан[1, 8/14, 1137-б]. Бул бүтүндөй исламий түшүнүккө туура келбейт.

Ахли китептин бир гана өздөрүнүн бейишке кирүүлөрүн айтышкан.[1, 2/25. 5/11,1126-б]. Мындай чектен чыккан аракеттерин четке каккан Курандагы мындайча аяттан карасак болот: *Алар: “Бейишке иудей же христиан болгондон башка эч ким кире албайт”, - дешет. Бул – алардын үмүт-тилеги гана! Аларга: “Эгер айтканыңар чын болсо, далилиңерди келтиргиле!” – деп айт.[4, 2:111.]*

Аз пайгамбар аларды исламга дават кылганда алар эч качан кабыл кылышпагандыгы үчүн аларды Аз. Пайгамбарыбыз тозок азабы менен эскертет. Бирок алар «Эй Мухаммед сен бизди коркута албайсың биз Аллахтын эң сүйүктүү уулдарыбыз» дешет. Алардын бул сөздөрүнүн жалгандыгын Курандагы төмөнкү аят менен далилдесек болот.

Иудейлер менен христиандар: “Биз – Алланын уулдары жана сүйүктүүлөрүбүз”,– дешет. Аларга: “Анда, Алла күнөөңөрдөн улам силерди эмне үчүн азаптап жатат?! Жок! Силер Ал жараткан башка элдердей эле адамсыңар. Ал кимди кааласа жазалап, кимди кааласа кечирет. Асмандардагылар менен жердегилердин жана экөөсүнүн ортосундагылардын үстүнөн бийлик жүргүзүү – Аллага гана таандык. Кайтуу – Ага гана!” (таандык) – дегин[4, 5:18.]

Демек мындан ахли китептин Аллахтын алдында башка адамдардай эле бирдей даражада экендигин түшүнсөк болот.

Ал эми Улуу Аллах жана пайгамбарлары туурасында жарашпаган, такыр жакындабаган жалгандарды, жалааларды сүйлөөлөрү алардын таштай албаган адаттары десек болот.

Б. Ахли китептин айткан жалган сөздөрү.

Иудаизм дин кызматкерлери ыйык китептериндеги чындыктарды жашырып чындыктын ордуна жалгандарын айтуу менен биринчиден өздөрүн анан ушул диндегилердин диний ишенимдерин туура эмес нукка салып коюшкан. Алардын негизги катачылыгы Улуу Аллах Таала жөнүндө[4, 5:73.] Анын жиберген пайгамбарлары жөнүндөгү[4, 5:17-72] туура эмес жалган түшүндүрүүлөрүнөн улам аларды ээрчигендерге Аллахка шерик кошууларына түрткү болуулары болуп эсептелет. Бул жалгандарынын натыйжасы эсеп берчүү күндө өздөрү үчүн жана өздөрүн ээрчигендер үчүн өтө жаман болоорун эске алышкан эмес. Кураны Каримдин аяттарынан[4, 6:91] бизге белгилүү болгондой ахли китеп Аз пайгамбарды Ага жиберилген Ыйык Куранды эле четке кагып калбастан өздөрүнүн ыйык китебинин да кээ бир бөлүмдөрүн четке кагышат.

Ахли китеп өздөрүнүн жалгандарын жашыруу үчүн китептерин башка –башка баракларга жазышкан. Алар мындай кылуу менен Аз. Мухаммед (с.а.в)ды сүйүнчүлөгөн бөлүмдөрүн көрсөтпөөгө аракет кылышкан. Негизинен ахли китеп акыркы пайгамбардын жиберилүүсүнө ишенишкен. Бирок акыркы пайгамбар Аз. Мухаммед(с.а.в) өздөрүнүн уруусунан болбогондугу үчүн кабыл алган эмес. Кураны Карим бул темага мындайча кайрылат:

Өздөрүнө ачык далилдер келгенден кийин бөлүнүп-жарылып, каршылашкандардан болбогула. Мына ошолорго – улуу азап (бар)![4, 3:105.]

Бир күнү жөөттөр Аз. Мухаммедке келип аябай чоң жалган айтат. «Сен билесиңби? Аз. Жакып акыркы сапарга узап жатып уулдарына ар дайым иудаизм динин тутунууларын керез кылган».Алардын мындай жалгандарынан улам Улуу Аллах Таала төмөндөгү аятты жиберген:

Эгеңердин кечиримине, такыбалар үчүн дайардалган кенендиги асман менен жердей болгон бейишке умтулгула![4, 3:133.]

Бизге ушундайча ар бир окуянын чын төгүнүн тастыктап далилдеген Ыйык Куран аяттарынан белгилүү. Демек Аз. Жакып жана анын уулдары иудаизм динин тутунган эмес. Алардын бул жалгандары үйрөнгөн адаттары да десек болот. Ошондуктан Улуу Аллах Таала Кураны Карим аяттары аркылуу аларга көптөгөн эскертүүлөрдү жиберген.

Жогоруда айтылгандай ахли китеп чоң- чоң жалгандарды эч каамарабай айтып адатка айландырышкан. Ошондуктан алар Аз. Пайгамбарды жана Ага жиберилген Куранды чындык жана туура экендигине карабай жалган дешип ар кандай шылтоолорду айтышкан. Дагы өздөрү айткан жалгандарын пайгамбарларыбыз айтты деп жалаа жабышкан.

Ахли китеп Тооратты биринчи эле аяндын келүүсүндө толугу менен Аз. Мусага берилген деп ал эми Кураны Каримдин бир нече аяндар аркылуу түшкөнүнөн улам өздөрүнүн араларында шек күмөн жаратышкан. Чындыгында алардын бул жалган күмөндөрү орунсуз. Себеби Аз. Мусага Тооратын 10 эле буйругу (милдеттендирилмеси) жазылуу берилип, калган көп бөлүгү Ага бирнече вахий, аян болуп келген. Муну Ыйык Курандын төмөндөгү аяттары менен далилдесек болот:

Биз Исраил урпактарын он эки топ-урууга бөлдүк. Мусадан анын коому суу сураган кезде ага: "Таягың менен ташты ур!" – деген аян бердик. Ошондо таштан он эки булак чыгып, ар ким өз булагын таанып алышты. Аларга булутту көлөкө кылып, өздөрүнө "манна , салваа " түшүрдүк: "Силерге Биз берген ырыскылардын тазасынан жегиле", – (дедик). Алар Бизге зулумдук кылышкан жок. Өздөрүнө гана зулумдук кылышты.[4,7:160.]

Биз Мусага жана анын тууганына: "Өз элиңер үчүн Мисирде үй кургула, аны сыйына турган үй кылып алгыла жана намаз окугула. Жана ыймандууларга сүйүнчү кабарды жеткизгиле", – деп айан бердик[4, 10:87.]

Демек бул аяттардан ар кандай окуя болгон учурда вахий, аян келип жаткандыгын, Тооратын бир бүтүн бойдон берилип калбагандыгын түшүнсөк болот.

Биз Ахли китеп -бүгүнкү күндө жана мурун ким экендигин жана кандай инсандар болушкандыгын, ишеним-ибадаттарын, ар кандай чектен чыккан аракеттерин жана жогоруда караганыбыздай жалган жалааларын Курандан, тарых китептеринен, хадистерден, ахли китептин өздөрүнүн ыйык китептеринен окуп,үйрөнүп , эч качан өзгөртүлбөгөн Улуу Аллах Тааладан Аз. Мухаммед (с.а.в) га жиберилген Ыйык Курандын аяттарында туура эмес иш аракеттеринин баарына берилген эскертүүлөрү аркылуу далилдей алабыз.

Адабияттар:

1. Библия (биринчи басылышы).-Бишкек.2001.
2. Muhammed Ali Es-Sabuni. , Safvetü't-Tefasir. Istanbul -1992.
3. M. Fatih Kesler. Kuranda Yahudiler ve Hristiyanlar (Kuranda Ehli Kitap). –Ankara.1993.
4. Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу.Которгондор: Абдышүкүр Исмаилов,
5. Дүйшөн Абдылдаев, Садибакас Доолов, Садык Гавай.-Бишкек. 2009.

УДК: (048.83)(575.2)

Умаралиев А.,магистрант, шГУ

СОВЕТТИК КӨРКӨМ МАДАНИЯТ: ФЕНОМЕНГЕ БОЛГОН РЕТРОСПЕКТИВАЛЫК КӨЗ КАРАШ…

SOVIET ART CULTURE: RETROSPECTIVE VISION TO THE PHENOMENON…

Аннотация: *Макалада совет көркөм маданиятынын мүнөздүү белгилеринин бирине анализ жасалат. Макаланын негизги максаты – совет көркөм маданиятынын өзгөчөлүктөрүн жана совет доорунун маданиятын иликтөөдөгү башкы сабактарды алууну аныктоо.*

Аннотация: *статье дается анализ одному из характерных черт советской художественной культуры. сновная цель статьи – определение особенностей советской художественной культуры и извлечения основных уроков из анализа культуры советского периода.*

A b s t r a c t :

c h a r a c t e r i s t i c s .

a n d

Ачкыч сөздөр: *Советтик доор, маданият, көркөм өнөр, салттуу баалуулуктар, чыгармачыл интеллигенция, көркөм феномен, мамлекеттик саясат, достукту чыңдоо, маданий мурас.*

Ключевые слова: *Советский период, культура, изобразительное искусство, традиционные ценности, творческая интеллигенция, художественный феномен, государственная политика, укрепление дружбы, художественное наследие.*

K e y o r dS: *v i e t p h e n o m e n o n , h e r i t a g e .*

Совет доорундагы маданиятты иликтөө, окуп-уйрөнүү иши эгемендүүлүккө ээ болгонубузга жыйырма беш жылдан ашып баратканына карабастан азыркыга чейин сыртта калууда, ошол мезгилдеги маданият илим тарабынан ар түрдүү чечмеленип келүүдө. Изилдөөчүлөр бул тема өтө көп аспектилүү, идеологиялык жана саясий кошулмалары бар болгондугунан улам, аны талдоого алууда азырынча өтө этият болушууда [3]. Совет мезгилиндеги маданият көпчүлүк учурларда өз жашоосун улантып, жана азыркы таптагы кыргыз коомунда турмуштун бир топ бөлүгүн түзүп турганынан улам да бул тема татаал болуп жатат. Музыка, кино, жалпы эле искусство жана адабият, илимий мектептер жана билим берүүнүн айрым бөлүгү, күндөлүк турмуш жана майрамдык маданияттарыбыз азыркыга чейин өздөрүндө совет маданиятынын өзөктүү принциптерин жана бизге туура деп табылган баалуулук багыттарын сактап келүүдө. Балким, тарыхтын көз карашынан алганда, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн дал ушул мезгилине обьективдүү караганга жана ошол өткөн «доордун» бардык он жана терс жактарын, кетирген катачылыктарын жана жетишкендиктерин так белгилеш үчүн өтө эле аз убакыт өткөн чыгар. Жогоруда саналып өткөн нерселерди эске алуу менен бул макалада совет көркөм маданиятынын мүнөздүү белгилеринин бири – маданиятты мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруунун каражаты катары пайдалануу маселеси каралат.

Совет бийлиги орногондон кийинки алгачкы он жылдыктарда өлкөнүн социомаданий өнүгүүсүнүн жаны багыттары жарыялангандыгы бизге белгилүү. Алар: дүйнөлүк революция, коммунисттик коом, жалпы тендик жана бир туугандык. шол эле учурда, мурунку мезгилдин салттуу баалуулуктары (дин, искусство, укук, турмуш-тиричилик ж.б.у.с.) кескин түрдө танылган жана талкаланган. шентип маданияттын жаны тибинин – совет маданиятынын фундаменти түптөлгөн [1; 77-8

Маданият жаатындагы бүткүл мамлекеттик саясаттын негизин социалисттик маданиятты калыптандыруу түзгөн. Чыгармачыл интеллигенциянын алдына кесиптик ишмердүүлүктөгү так милдеттер коюлган, мисал катары атап айтканда**:** «…жумушчу таптын улуу ревоюциячыл-кайра куруу миссиясын, реалдуу социализмдин тарыхый артыкчылыктарын, идеялык жана адеп-ахлак баалуулуктарын айкын-ачык пропагандалоо, өзүнүн чыгармачылыгы аркылуу советтик көп улуттуу коомчулуктун өз ара жакындоосуна жана руханий байуусуна, идеялык жана саясий маанидеги биригүүсүнө, элдердин достугун чындоого жардам кылуу…» *(«…убедительно раскрывать великую революционно-преобразующую миссию рабочего класса; ярко пропагандировать исторические преимущества реального социализма, идейные, нравственные ценности; содействовать своим творчеством сближению и взаимообогащению, идейному и политическому сплочению советского многонационального общества, укреплению дружбы народов»*…)

Бул милдеттерди ишке ашырууда өз учурунда көркөм өнөр маданиятына өзгөчө роль берилген. Эмесе, искусствонун жардамы менен реалдуу социализмдин артыкчылыктарын даана пропагандалоо, элдердин достугун чындоо милдеттери кандайча жүзөгө ашкандыгын обзордук түрдө Кыргызстандын мисалынан карап көрөлү.

Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү аркылуу эл аралык маданий байланышынын пайда болушунда жана өнүгүүсүндө Венгриянын сүрөтчү коммунисттери, саясий эмигранттар Б. Уитц менен Л. Месароштун чыгармачылыгы маанилүү орунду ээлейт. Живописчи-монументалист Б. Уитц Фрунзеге (азыркы Бишкек шаары) 1935-жылы келген. Анын демилгеси менен чакан студия түзүлгөн. Б. Уитцтин шакирти Л. Мессарош 1937-жылы рто Азиядагы тунгуч бедизчилик (скульптура) өнөрканасын уюштурган. Ал чыгармачыл жаштарды тарбиялоого олуттуу көңүл буруп, Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун карамагында ачылган сомдоо жана бедизчиликтин негиздери боюнча көркөм сүрөт студиясынын тунгуч окутуучуларынан болгон. Венгр сүрөтчүлөрүнүн чеберчилиги Х Хк. 30-жылдары Москва, Ленинграддан келишкен орус совет живописчилеринин жана графикачыларынын чыгармачылыгы менен бир катар Кыргызстандын кесиптик көркөм сүрөт өнөрүнүн калыптанып өнүгүшүнө, Батыш Европа өлкөлөрүнүн көркөм мектептеринин классикалык мурасын жайылтууга жардам берген.

ХХ к. 50-жылдары кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн чет өлкөлөр менен маданий байланышын чындоого сүрөтчү С.А. Чуйков ото зор салым кошкон. Анын «Советтик Кыргызстандын кызы» жана «Чабандын кызы» аттуу чыгармалары Брюсселде болуп өткөн Буткул дүйнөлүк көргөзмөдө (1958) азыркы кыргыз кыздарынын образын жогорку көркөмдүктө чагылдырганы үчүн Алтын медалга татыктуу болгон. 1952-жылы жана 1957-жылы С.А. Чуйков СССР сүрөтчүлөр союзунун делегациясы менен Индияга барган. Индия элинин улуттук турмушунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырган көптөгөн этюддар анын эн мыкты пейзаждык, жанрдык жана портреттик композицияларынын негизин түзгөн. Алар: «Индиянын жөнөкөй адамдары тууралуу» (1960) жана «Алар жашагысы келет» (1967) триптихтери, «Биздин бир туугандар» сүрөттөр сериясы (1968). Индия элинин советтик сүрөтчүнүн чыгармачылыгына терен ыраазылыгы анын сүрөттөрүнүн көргөзмөсүн Дели менен Мадраста өткөрүүдөн (1968) жана ага Ж. Неру атындагы мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруудан айкын көрүнөт.

Х Хк. 60-жылдары жана 70-жылдардын башында Кыргызстандын сүрөтчүлөрүнүн чет өлкөлөрдүн прогрессчил искусствосу менен байланышы кенейген. СССР сүрөтчүлөр союзунун чыгармачылык топторунун, СССРдин чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыштар коомунун курамында живописчилер, скульпторлор жана графикачылар С.А. Чуйков, Г.А. Айтиев, А.И. Игнатьев, А.Н. Михалев, Л.А. Ильина, Т. Садыков, Ж. Үмөтов, А.С. сташев, А.И. Мисюрев ж.б. Польша, Венгрия, Румыния, Болгария, Чехословакия, Финляндия, Италия, Греция, Кампучия, Бирма (азыркы Мьянма), Индия, Япония, Канада, Франция, Австрия, Сирия, Ирак жана Иорданияда болуп кайтышкан. Бул жерлерде кыргыз совет живописинин, графикасынын, колдонмо өнөрүнүн чыгармаларынын репродукцияларынан көргөзмө уюштурулуп, алар адатта совет искусствосунун жетишкендиктерине өтө кызыккан көрүүчүлөр менен жолугушуулар,

ангемелешүүлөр менен аяктаган. Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн, бедизчилеринин жана графиктеринин чыгармалары Монреалдагы (Канада) «Экспо-6 Буткул дуйнолук коргозмосуно катышкан. Кыргыз ССР эл суротчусу Л.А. Ильинанын графикалык иштери эстамптын (Любляна, 1963; Лейпциг, 1965), графиканын (Берлин, 1965), китеп жана иллюстрациялардын (Краков жана Брно, 1966), графиканын (Берлин, 1967) эл аралык көргөзмөлөрүндө кеңири көрсөтүлгөн. 1967-6 -жылдары анын чыгармаларынын көчмө көргөзмөсү Югославияда, Польшада, Чехословакияда экспонатталган.

Кыргыз ССРинин чет өлкөлөр менен көркөм сүрөт өнөрү боюнча байланыштары XX к. 70-жылдарынын экинчи жарымында айрыкча чындалды. 1 -жылы социалисттик өлкөлөрдөгү советтик искусствонун көчмө көргөзмөсүндө Г.А. Айтиев, Л.А. Ильина, А. Усубалиев, А.И. Игнатьев, Ж. Үмотов жана Е. Кузовкиндин чыгармалары көрсөтүлгөн. 1 -жылы Польшада СССР эл сүрөтчүсү Г.А. Айтиев менен С. Айтиевдин сурот көргөзмөсү экспонатталган. 1977-жылы Лейпцигде (Германия) откон совет искусствосунун көргөзмөсүндө чет элдик көрүүчүлөр кыргыз скульпторлору Т. Садыковдун «Д. Күйүкованын портрети», В. Шестопал менен А. Мухутдиновдун «20-жылдар», .М. Мануйлованын «Майданга жардам» аттуу чыгармалары менен таанышышкан. 1978-жылы Эрфуртта (Германия) өткөн Эл аралык көргөзмөдө Ж. Үмөтовдун чыгармалары («Уламыш» ала кийизи жана чийден жасалган «Сырдуу тун» панносу) Биринчи сыйлыкка татыктуу болгон.

Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү боюнча маданий байланыштарын республиканын Маданият министрлиги, Кыргыз ССР сүрөтчүлөр союзу, азыркы күндө Г.А. Айтиевдин атын алып жүргөн Кыргыз мамлекеттик көркөм-сүрөт өнөрүнүн музейи, Көркөм фонд, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси тейлеген. Бул байланыштар СССРдин учурунда улам өсүп чындалган, жакшы жолго коюлган. СССРдин чет өлкөлөрдө өткөрүлүүчү маданият күндөрүнүн прогаммасынын ичинде «Кыргыз көркөм сүрөт жана колдонмо өнөрү» көргөзмөсү Швецияда (1978) жана Бельгияда (1979), кыргыз графикасы менен колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү Францияда (1980), кыргыз живописи менен жасалга колдонмо өнөрүнүн көргөзмөсү Польшада (1979), Монголияда (1980) болгон. Колдонмо өнөр сүрөтчүсү, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү Ж. Үмөтовдун чыгармаларынын Чехословакиядагы көргөзмөсү (1980) ийгилик менен өткөн.

Чет өлкөлөрдүн Кыргызстандагы көргөзмөлөрүн даярдоодо Кыргыз мамлекеттик көркөм-сүрөт өнөрү музейи олуттуу иштерди жүргүзүп келген. Ал салт бүгүнкү күнү деле улануда деп ишенимдүү айтса болот. Музейде Югословакиянын фото көргөзмөсү, Варшава сүрөтчүлөрүнүн көргөзмөсү (1977) ж.б. уюшулган. Ал СССРдин чет өлкөлөрдөгү көчмө көргөзмөлөрүнө айрым экспонаттарды даярдоого да катышат. Музей 1978-жылы АКШга жонотулгон «СССРдеги спорт» көргөзмөсүнө сүрөтчү Г. Тальбергдин «Гимнаст кыздар» сүрөтүн даярдаган. Кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн чыгармалары чет өлкөлөрдүн сүрөт галереяларында коюлууда. Мисалы, Дрезден (Германия) сүрөт галереясында, Софиядагы (Болгария) улуттук музейде, Делидеги (Индия) Көркөм музейде С.А. Чуйковдун; Будапештеги (Венгрия) Улуттук галереяда Л.А. Ильинанын; Варшавадагы (Польша) искусство музейинде Г.А. Айтиевдин; Бангладеш Республикасынын Улуттук музейинин экспозицияларында Т. Садыковдун эмгектери коюлган [4].

Республикабыздын искусствосунун ошол мезгилдеги социалисттик өлкөлөрдүн жана дүйнөнүн башка көптөгөн өлкөлөрүнүн сүрөтчүлөрү менен чыгармачылык байланыштары жыл санап чындалып, жемиштүү өнүгүп келген.

Албетте, искусство, маданияттын башка формалары сыяктуу эле, коомдун жашоосунун социалдык-саясий, экономикалык, аскердик шарттарына ынгайлашып келген. Бирок, көркөм феномендердин көп өлчөмдүүлүгү жана көп маанилүүлүгү саясий каражаттарды пайдаланып элдердин ортосундагы достукту бузуп-жаруу аракетинен ишеничтүү коргоп, чындоого салым кошкон. Совет мезгилиндеги маданиятты изилдеп жатып биз ала турган эн башкы сабак дал мына ушунда. Биздин көз карашыбыз боюнча, советтик көркөм маданияттын феноменине ар тараптуу жана обьективдүү анализ жүргүзүү, анын он жана терс учурларын кылдат аныктоо гана жыйналган тажрыйбаны мындан ары чыгармачылык менен андап карап чыгууга жана натыйжалуу пайдалануубузга мүмкүндүк берет.

Бүгүнкү күндөгү илимпоздордун милдети – ошондой анализдерди жасоо жана жыйынтыктарын жалпы коомчулукка тартуулоо, ал эми мамлекеттин милдети – билим берүү жана тарбия системасы, массалык маалымат каражаттары аркылуу жаны муунду маданий мураска, анын ичинде совет мезгилиндеги көркөм маданияттын негизги бир бөлүгү болуп саналган мураска – жашообуздагы туруктуу биримдикке, достукка жана айкөлдүккө жакындатуу.

Ад биятт р:

1 Архангельский Ю.Е. Истоки и основные направления формирования культурной политики советского государства. Аналитика культурологии. 2 -№18. -С.77-8
2 Архангельский Ю.Е. Художественная жизнь в архитектонике социокультурного пространства советского общества: автореферат дис. … д-ра культурологии.- Краснодар. 2 -С. 4 .
3 Булавка Л.А. Советская художественная культура (противоречия становления и развития): дис.д-ра филос. наук. –Москва.2 –С.3 .
4 Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы: Энциклопедия. – Ф.: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1983. –Б.4 .

УДК: 34.06

Умаралиев А., магистрант, шГУ

КОМПЬЮТЕРДИК ГРАФИКАНЫ КӨРКӨМ ӨНӨР САБАКТАРЫНДА КОЛДОНУУ

COMPUTER GRAPHIC ARTS USAGE AT ART CLASSES

Аннотация:*Макалада көркөм-өнөр сабагында компьютердик графиканы окутуудагы кошумча каражат катары колдонуу маселеси каралган. ИЗ сабагын окутуудагы информациялык технологиянын ролуна кыскача баалоо берилген. Заманбап таризде иштелип чыккан «Көркөм-өнөр сабактарындагы компьютердик графиканын негиздери» методикалык колдонмого анализ жасалган, компьютердик графиканы колдонуу менен отулуучу сабактар жонундо конкреттүү программалык*

жыйынтыктар, технологиялар айтылган. шондой эле, көркөм-өнөр сабактарын окутууда компьютердик графиканы колдонуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери, анын балдардын жеке сапаттарынын өсүүсүнө болгон таасири жазылган.

Аннотация: *статье рассматриваются вопросы использования компьютерной графики как дополнительное средство на уроках изобразительного искусства. Дана краткая оценка роли информационных технологий в обучении изобразительного искусства. Дается анализ разработанному в современной форме методическому пособию « сновы компьютерной графики на уроках изобразительного искусства», и об итогах конкретных программ и технологии об уроках с использованием компьютерной графики. Также, приведены преимущества и недостатки использования компьютерной графики на уроках изобразительного искусства и их влиянии на развитие личностных качеств детей.*

Abstract: *In this style we consider the usage of computer graphics as an additional mean of teaching aid at the Art classes. I gave a short assessment of the IT in teaching Arts. Moreover, I gave the benefits and drawbacks of computer graphics usage at Art classes and their influence on children's personal qualities.*

Ачкыч сөздөр: *Компьютердик графика, жаны жана маалыматтык технологиялар, педагогикалык инновация, жеке сапаттар, чыгармачыл потенциал, көркөм табит, эстетикалык маданият.*

Ключевые слова: *Компьютерная графика, инновационные и информационные технологии, педагогическая инновация, личностные качества, творческий потенциал, художественный вкус, эстетическая культура.*

Keywords: *computer innovation,*

Билим берүүнүн жаны стандарттарына жана замандын талабына ылайык, бүгүнкү күндө мектептеги билим берүү маселесине жаныча көз караш менен мамиле кылуу зарылчылыгы келип чыкты. Жалпы жана атайын билим берүүчү мектептериндеги предметтерди окутуучу мугалимдердин алдында чон жоопкерчилик турат – заманбап сабактарга алар убакыттын талабына ылайыкташтырып, өзгөчө даярдык, чон чыгармачылык менен киришүүсү керек.

Бүгүнкү меткептин милдети – кескин онүгүүнүн жолунда бара жаткан коомчулукка ылайыкташтырылган чыгармачыл жөндөмү такшалган, оз алдынча ой жүгүртүп, көркөм-эстетикалык баалуулуктары калыптанган жана дүркүрөп өнүгүп бараткан коомдун жаны технологиялары менен тыгыз байланышка жөндөмдүү инсандарды тарбиялоо болуп эсептелет. шондуктан, бүгүнкү күндө мектеп жамаатынын алдында билим берүүнү кантип заманбап, кызыктуу, пайдалуу жана жыйынтыктуу денгээлге алып чыгуу милдети турат.

Педагогикалык инновация – окутуунун сапатын же формасын жаны изденүүлөр жана талыкпас эмгек аркылуу жогорулатуу деп түшүнсөк болот, жана бул маселени эскирип калган ыкмалар менен чечүүгө мүмкүн эмес. Жыйынтыктын заман талабына шайкеш келүүсүнө, биз куткөн денгээлге жетүүсүнө сабактарда жаны мүмкүнчүлүктөрдү жана инновациялык технологияларды колдонуу гана шарт түзө алат.

Айрыкча саат аз болунгон пердметтерди окутуу, көпчүлүк учурда атайын даярдыгы жок адистерге берилип, коптогон суроолуу маселелерди туудуруп жатат. Анын катарында көркөм-өнөр сабактарына да стандарттык окуу планы боюнча жумасына 1 (бир) эле саат болунгон. Көркөм-өнөр

сабагын окутуу, айрыкча бугунку жаныдан иштетилип чыгып жаткан инновациялык технологияларды терен пайдалануу менен балдарга сапаттуу билим берүүгө коптогон өбөлгөлөр бар.

Табиятыбыздан, ар бир балада чыгармачылык менен алектенүүгө муктаждык болот. Алар бала чактан эле өздөрүнүн айлана-чйөрөгө болгон көз карашын жана мамилесин чыгармачылыгы менен берүүгө аракет кылат, жана ушул жол менен озүнүн инсан катары калыптануусундагы кенен мүмкүнчүлүктү пайдаланат. Жаш бала үчүн чыгармачылык – бул жаны нерсени ойлоп табуу эмес, көбүн эсе, бул – озун калыптандыруу, айтуу же өз үнүн уктуруу. шондуктан баланын чыгармачылыгын жыйынтык катары эмес, процесс катары түшүнсөк туура болот. Мындай процессте мугалимдер баланын өнүгүүсүнө ар түрдүү багытта туура, пайдалуу, жөнөкөй, ошол эле учурда жаныча ыкмаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу аркылуу шарт түзүп берүүбүз зарыл.

Мисалга, сабакта азыркы учурда биздин жашообузда кенири жайылылып пайдаланылып жаткан компьютердик графиканы колдонуу тажрыйбасын айтсак болот. Сабактын мындай формасы окуучуларга берип жаткан билимдин көп кырдуу болуусу менен маанилүүү болуп, балдардын көнүлүн бир жерге жамдап, чыгармачылык кыялдануусун, образдуу элестетуусун өнүктүрөт.

Жалпы билим берүүчү меткептердеги сүрөт мугалимдеринин тажрыйбасына назар салып көрсөк, басымдуу копчулугунда көркөм-өнөр сабагын атайын билими бар, же даярдыктан өткөн адистер окутушпайт. Компьютердик класстары бар туруп (кээ бир мектептерде экиден кааналары камтылган), аларды окуучулардын компьютердик сабаттулугун жоюуга, жана мектептин кагаз иштерин чыгарууга гана пайдаланышат. Ал эми башка жалпы билим берүүчү сабактарда, анын ичинде сүрөт сабактарында, колдонууларын айтпасак да болот.

шондуктан, бүгүнкү күндө сүрөт сабактарында жаңы технологияларды колдонуу жаатында кандай иштер жүргүзүлүп жатканын академик Т.Садыков атындагы Улуттук Көркөм-сүрөт Академиясынын алдындагы Ноокат районук көркөм-сүрөт мектеп-интернатынын тажрыйбасына токтолдум.

«Ноокат» корком-сурот мектебинин сурот мугалимдери, материалдык-техникалык базасы замандын талабына толук кандуу жооп бере албаса да, бар болгон 2 гана компьютерди сабактарында оз ордунда жана максималдуу турдо пайдаланышат.

Аталган мектептеги жүргүзүлгөн байкоолор учурунда компьютерлерде аталган программалардын орнотулгандыгы, теориялык, парктикалык жана эксперименталдык тажрыйбалар, окуу программаларын аткаруудагы жетишкен жыйынтыктары эске алынып, алынган жыйынтыктарга анализ жасалды.

К мпьют рдик гр фик – элести, сүрөттү же визуалдык маалыматты тартууда, даяр сүрөттөрдү боек менен жасалгалап иштөөдө же алардын форматын өзгөртүүдө колоднулуучу графикалык инструмент.

Мындай форматта балдар компьютердин экранында турган ар кандай формаларды жеңил эле өзгөртүп, көчүрүп, боек менен түс берүүнө жана аларды каалаган коломдо же өлчөмдө кагаз бетине тушуруп алуусуна шарт түзүп берет.

Компьютердик графика алда качан учурдун адамына тиешелүү болгон бардык тармактардын күнүмдүк түшүнүгү катары кабыл алынып калды.

Мисалга алсак, төмөнкү кесип ээлерин замандын талабына ылайык даярдоодо компьютердик графиканы кошуп окутуусуз элестетүү кыйын – текстиль адистери, архитектор, сүрөтчү, фотограф, кино жана театр ишмерлери, китеп чыгаруу, ж. б.у.с.

Компьютердик графиканы кенже класстардын сабактарында колдонууну балдарды эң жөнокөй программалар менен тааныштыруу менен киришүүгө болот, булар - "Paint" (Пейнт), MyPaint («МайПэйнт»), Sculptris («Скульптрис»)… Көпчүлүк компьютерлерде аталган программалар стандарттык форматта жайгаштырылган болот, жок болсо, аларды мектеп компьютерлерине жайгаштыруу таптакыр женил жана бекер.

Биринчи сабактарды эң жөнөкөйдөн орто татаал, жана андан татаал операцияларга өтүү менен баштоо абзел. Мисал келтирилген программалар – эн жөнөкөй жана балдар үчүн өтө ынгайлуу программалар. Башынан эле балдарга программалардын көркөм чыгармачылык учурунда пайдаланыла турган негизги жана кошумча инструменттери менен мугалимдин көрсөтмөсүнөн соң, өз алдынча таанышып чыгуу тапшырмасы берилет (*карандаш, перо, кыл калем, боектор, түстөр, даяр формалар жана фигуралар, сызыктар, шрифттин түрлөрү, өчүргүч* ж.б.у.с.). Ал үчүн жөнөкөй сүрөттөрдү тартуу тапшырмаларын берген ыңгайлуу – гүлдүн сүрөтү, пейзаж, адамдын, курт-кумурскалардын же жаныбарлардын сүрөттөрү.

Мисалы (балдардын таркан сүрөттөрү)



Кийинки сабактарда балдар программанын башка инструменттерин да өздөштүрө баштайт (*кыл калемдин түрлөрү, сөз жазып сүрөткө жайгаштыруу, көчүрүү операциялары, чоңойтуу же кичирейтүү, түстөрдүн тондорун өзгортүү…).* Мугалим иштетип жаткан компьютерге ар бир окуучу үчүн атайын папка ачылып, ар бир сабакта тартылган алардын сүрөттөрү ирети менен сактап коюлат.

Кошумчалап кетсек, аталган программаларды сүрөт сабагында колдонуу балдарга стандарттуу сабак учурунда адатта керектелүүчү бир канча каражаттарды алмаштыра алат: альбомдун кагаз баракгары, боектор, кыл калем, карандаш, очүргүч, сызгыч, суу куйуучу идиш, ылай-пластилин ж.б.у.с. көптөгөн шаймандар.

Бул программаларды окуучулар бир кыйла өздөштүргөн соң, иштөөгө кызыктууракак, мүмкүнчүлүктөрү кененирээк, бирок татаалдууракак келген програмалар менен иштөөгө болот.

Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-7 класстарында, же көркөм-сүрөт мектептеринде жогорку класстарда «Artweaver‖(Артвиевер) программасын колдонсо болот, ал фотосүрөттөр менен иштөөгө ылайыкташылган.

Мисалы (балдардын жумуштарынан):

Компьютер графикасын сүрөт каражаты катары карасак болот, бирок ал салттуу сүрөт тартууну алмаштыра албайт. шондой болсо да анын артыкчылык жана кемчилик жактары бар.

Артыкчылык жактарына төмөнкүлөрдү кошсок болот:

● заманбаптуулугу: окутуудагы компьютер графикасы - бул жаңы инновациялык ыкма;

● көркөм билим берүүдө колдонууга өтө ыңгайлуу. Атайын программалар көптөгөн инструментерди алмаштыра алат: боек, ылай, суу ж.б.у.с. материалдар;

● жогорку денгээлдеги кызыгуу: балдар бардык жаны нерселерге өтө кызыгат жана талпынат;

● салттуу сабакбарга керектүү болгон, бирок табуу кыйынга турган ар турдуу техникада көптөгөн материалдарды колдонууну имитациялоо мүмкүнчүлүгү;

● балдардын жаны технологияларды кошо үйрөнүү мүмкүнчүлүгү: жаны заманда ар түрдүү кесипте керек болуучу компьютерди өздөштүрүүсү;

● балдардын сабактан тышкаркы (үйдөгү компьютерде) формада дистанциондук форматта иштөө мүмкүнчүлүгү…

Кемчилик жактары төмөнкүлөр:

● компьютер графикасы аркылуу окутуу салттуу сабактарды өтүүгө караганда кымбат;

● баштапкы этпатарында компьютер графикасын дароо өздөштүрүп кетүү балдарга кыйынчылыктарды туудурушу мүмкүн (бирок, убакыт өткөн сайын, бул кыйынчылыктар тез эле жокко чыгат).

шентип, компьютер графикасы көркөм-сүрөт сабагын окутууда эң жакшы кошумча каражат жана ыкма. Ал төмөнкүдөй комплекстүү жыйынтыктарды камсыз кыла алат:

- көркөм-сүрөт сабактарындагы балдардын алган билимдерин бышыктайт;
- чыгармачылык ой-жүгүртүүнү жана көңүл буруу жөндөмдөрүн өнүктүрөт;
- көркөм табитин өстүрөт;
- эмгектенүү жана жаратуу жөндөмдөрүн калыптандырат;
- образдуу элестетүүнү жана фантазияны өнүктүрөт;
- мейкиндиктеги ой-жүгүртүүсү өнүктүрөт;
- чыгармачыл ой-жүгүртүүсү, эмоционалдык кабыл алуусун өнүктүрөт;
- көңүл койуусун өстүрөт;
- эстетикалык маданиятка ыкташуусун жогорулатат.

Белгилеп кетүүчү нерсе, мугалимдин кандай окуу жайын бүткөнүнө карабай, алардын баары маалымат жана техникалык жаңы технологияларын окуу процессине алып кирүү оң гана жыйынтык берээрин тастыкташат. Себеби мындай каражаттар өтө эффективдүү каражат болуп, окуучулардын чыгрмачылык потенциалын жогорку денгээлде өнүктүрүүнү камсыз кылат.

шондуктан, заманбап педагогикалык технологиялар заманбап маалымат технологиялары менен жанаша билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтөт, эркин чыгармачыл жана ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо маселесин чечүүгө зор салымын кошот.

Ад биятт р:

1. Выготский Л.С. // Воображение и творчество у детей. – СПб.- Питер.2009. -С. 21.
2. Иванова Н.П. Развитие учебно-творческой деятельности студентов ВУЗа средствами информационных технологий. Н. П. Иванов // Мир науки, культуры, образования. 2012. -№6. -С.158 - 161.
3. Игнатьев Г.В. Информационные технологии и компьютерная графика в формировании творческой активности у детей с ограниченными возможностями // Вестник Чувашского государственного педагогического университета им. И.Я. Яковлева. 2014. - №3. -С. 136 - 142.
4. Парфенова А.С. Информационные технологии в обучении студентов ВУЗа // Научные исследования в образовании. 2011. - № 2. -С. 41.
5. Полат Е. С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования: учеб.пособие для студ. пед. вузов и системы повыш. квалиф. пед. кадров // Е. С. Полат, М. Ю. Бухаркина, М. В. Моисеева, А. Е. Петров; под ред. Е. С. Полат. - М.: Издательский центр «Академия». -2002. –С.348.

УДК: 398.9 (001.53)

Усманова А., упчибоева М., шМУнун магистранттары
a s e l .
m u b a 8

ФРАНЦУЗ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Аннотация: *Бул макалада француз жана кыргыз тилиндеги макал-лакаптардын окшоштуктары жана айырмачылыктары каралды. Изилдөө обьектисинин максаты болуп француз жана кыргыз макал-лакаптарын салыштыруу жана талдоо, тилдик айырмачылыктары жана улуттук өзгөчөлүктөрү саналды.*

Аннотация: *В этой статье обсуждаются сходства и различия французских и кыргызских*

пословиц. Целью объекта исследования являются французские пословицы и поговорки, их сравнение и анализ, языковые различия и национальные особенности которых подсчитаны.

Abstract: *The essence of this article is the French and Kyrgyz proverbs, their similarities and differences. The aim of the research object is the comparison and analysis of French and Kyrgyz proverbs. The linguistic differences and national peculiarities of them are counted.*

Ачкыч сөздөр: *макал, лакап, тил, фолыклордук жанр, түз жана өтмө маани.*

Ключевые слова: *пословицы, поговорки, фольклорный жанр, язык, прямое и переносное значение.*

Key words: *proverb, saying, folklore genre, language, direct and connotational meaning.*

Макал-лакаптар элдин салт-санаасын, үрп-адаттарын, психологиялык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүдө да чон роль ойнойт.

Кыргыз элинин макал лакаптары 1922-жылдан баштап изилдене баштаган. Макал-лакаптарды жыйноодо фольклорист Кайым Мифтаковдун эмгеги зор. Ал Кыргызстандын бардык бурчтарында болуп, кыргыз элинин макал-лакаптарын жазып алууга аракет кылган. Кыргыз макал-лакаптарын К. К. Юдахин, К. Мифтаков, Б. Керимжановадан башка жыйноочулардан болуп И. Абдрахманов, Чекменов, Ж. Ашубаев, А. Убукеев, Ю. Н. Цылевтор саналат. шондой эле кыргыз элинин башынан өткөн турмушун макал- лакаптагы көрүнүшүн изилдеген алгачкы илимий монографиялык эмгек П. К. Коноваловго тийиштүү. Ал макал, лакаптардын чыгышы, маанiси, айырмасы жана классификациялоо принцибин, лексикалык составы жөнүндө баалуу пикирлерин айткан [1

Кыргыз элинин макал-лакаптары талыкпастан жыйнаган көрүнүктүү энциклопедисти, элдик оозеки чыгармачылыктын бул үлгүсүнүн өзгөчөлүгүн белгилүү адабиятчы жана фольклор С. Закиров мындай деп айткан: “Кыргыз эли мээлегендей так, сүрүттөгөндөй образдуу айтылган макал-лакаптарга бай. Эл макал лакаптарды жалаң гана көңүлдүү ойду элестетүү айтууга же сөздү кооздо үчүн “калыс акылман ” катары баалашат. рчундуу айтылган макалды талкуулоого эч кимдин акысы жок. Ал мурун элдинтурмушунда далилденген эми далилденүү талап кылбаган аксиома” [2

Макал-лакаптар элдин башынан өткөн турмуштарынын бардык издерин көрөбүз. Эл болсо миң жылдар бою өзүнүн сөзүн чыгармаларынын үлбүрөгөн назиктигин, анкыган жытын, таң калтырган кооздугун сактап, укумдан-тукумга өлбөс-өчпөс мурас катары калтыра берет. шол элдин сүйгөн чыгармаларынын бири катары сакталып, ооздон-оозго көчүп, абсалюттук чындык катары каралып, (таанылып) элдин өткөндөгү турмушунун фактылуу кабар берүүчүлөрдөн болуп макал-лакаптар саналат.

Француз тилин үйрөнүүдө биз жөн гана анын оозеки жана жазуу речин үйрөнүү менен эле тим болбостон, француз элинин психологиялык өзгөчөлүгүн, басып өткөн турмушун билүүгө, жараткан чыгармаларына кызыгабыз. Ага кошумча, биз айтайын деген оюбузду так, дана, далилдүү берүүгө умтулабыз.

Мындай учурларда дал ушул макал-лакаптар оюбуздагы максатыбызга жетүүгө жардам берет.

Макал-лакаптардын мүнөзүн, мазмунун изилдөөдө адам коомунун, алардын басып өткөн тарыхынан бөлүп кароого болбойт. Таптык коомдогу кагылыштар, идеологиялык күрөштөр элдин оозеки чыгармасында чагылтылып кала берген. шондуктан макал-лакаптардын чыккан булактарын

көрсөтүүдөн мурда алардын мазмун тараптан бөлүнүшүн айтуу зарылчылыгы келип чыгат.

Макал-лакаптардын берген мазмунуна карата С. Закиров болжол менен төмөндөгүчө бөлүүгө болоорун жазган [3:

1 Мифологиялык, макал-лакаптар.

Буларга адамдардын байыркы анимистик, тотемдик, магиялык түшүнүктөрү өкүм сүрүп тургандан баштап, шаманизмди дини үстөмдүк кылганга чейинки кийрүүгө болот;

2 Саясий -социалдык мүнөздөгү макал-лакаптар.

Буларга эки этаптын: дыйкандар менен кулдардын жана эзүүчүлөрдүн бири-бирине каршы күрөшүн көрсөткөн, ошону менен бирге кыргыз элинде күч болуп турган урууга каршы чыгарылгандаррын кийрүү негиздүү;

3 Ар түрдүү социалдык-турмуштук макал-лакаптар.

Буларга чарбага, моралга, жоопкерчиликке, билимге, ой-кыял, турмуш ж.б. жөнүндөгүлөрдү кийрүүгө болот;

4 Тарыхый макал-лакаптар.

Буларга адамдардын башынан өткөн турмушунда кезиккен көрүнүктүү окуялар, укук жана материалдык турмушуна кысым болгондо чыккандарын көрсөтүүгө болот [3

Ар-бир эл макал-лакаптарга өзүнчө бай келишет. Француз эли да көркөм жанрдык чыгармаларга бай келет. Алардын өзүнүн жашап өткөн этаптарына, турмуштук тажрыйбаларына, каада-салт, мүнөзүнө карата өзүлөрүнүн макал-лакаптарына ээ. Эгерде кыргыз элинде «адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы» деп атоого татыктуу болгон макал жана лакаптар бири-биринен ажыратылып колдонулса, француз элинде алар бир бүтүн, сүйлөө речинде колдонулуучу биримдиктер катарында алынат, б.а. алар «макал» же «лакап» деп ажыратылбай эле жалпысынан алынып «Proverbes» деп аталат.

Француз макал лакаптарын биринчилерден болуп В. Г. Гак изилдеген.

Белгилеп кетчү нерсе – жогоруда айтылгандай, кыргыз элинде макалдарда айтылуучу ой, жеткире, курч айтылуучу сүйлөмдөрдөн гана турбастан, алар рифмаланып, ритмдешип түшсө, мисалы:

«Комуз сынды – ыр жок, көңүл сынды – сыр жок».
«Илим албай мактанба, өнөрлүү болбой барктамба».
«Жакшы киши мал бакса, торугун семиртет».
«Жалкоо киши мал бакса, сөөгүн итке кемиртет».

Француз элинде рифма жана ритмге көп көңүл бурулбайт.

Мисалы:

1 U n Кырсык жалгыз келбейт.

2 Autant en emporte le vent. Ит үрө берет, кербен жүрө берет.

Бирок, таптакыр рифмага көңүл бурулбайт, баары жөнөкөй сүйлөм катары деп айтууга болбойт. Кээде рифмалаштырылган макалдар учурайт, бирок алар өтө аз санда.

Мисалы:

1 Q u i – Жакшылыкка жакшылык.

2 N u l – Эшикте аккан арыктын кадыры жок,
Колдо бар алтындын баркы жок.

3 S e l o n –
4 Жылкына карап ышкыр, Мурдуна карап бышкыр.

Француз жана кыргыз тилиндеги макалдардын айырмачылыктары жана окшоштуктары.

1 L e
Карышкыр баласы ит болбойт.
2 L e s .
Карга карганын көзүн чокубайт.
3 U n
Кумалак бир карын майды чиритет.
4 Il faut batter le fer pendent qu'il est chaud.
Темирди ыссыгында бас.
5 Chat йchoudй craint l'eau froide.
озу сүткө күйгөн айранды үйлөп ичет.
6 Q u i
йноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.
7 U n e
Жалгыз дарак бак болбойт.
8 L a
Коркконго кош көрүнөт.
9 A l'oevre on connais l'artisan.
Көз коркок кол баатыр.
1 N'entreprends rien sans avoir mesure toutes chouses.
Жети өлчөп бир кес.

Лит р т р :

1 Закиров С. "Кыргыз элинин макал-лакаптары".-Фрунзе. 1
2 Жуков В. П. Словарь русских пословиц и поговорок, изд. 4-е. –М.1
3 Гак В. Г., Рецкер Я. И., Кунина И. А. и др. Французско-русский фразеологический словарь. – М.1
4 Гнездилова В. А. Французско-русский словарь пословиц и поговорок. – М.2

УДК: 347.167.1

Халматова Г.А., магистрант, ОшМУ

КУРАНДА "ЖИХАД" ТЕРМИНИ ЖАНА АНЫ КУРАНДА КОЛДОНУУНУН ТҮРЛӨРҮ

THE TERM JIHAD IN THE QORAN ITS KINDS OF ITS USE IN THE QORAN

Аннотация: *Азыркы күндө Исламда "Жихад" термини дүйнөдө өзгөчө Батыш өлкөлөрүндө жаңылыш түшүнүүнүн натыйжасында, күнөөсүз адамдардын курман болушуна себеп болууда. Бир канча өлкөдө мусулмандардын бул терминди камтыган түшүнүктөрдү туура эмес, толук түшүнүшпөгөндүгү чындык. Изилдөөлөрдө Курандагы жихадга тиешелүү аяттардан баштап, илахий билдирүүлөрдүн түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Колдогу бар маалыматтарга караганда азыркы күндө кээ бир мусулмандардын жихад түшүнүгү менен Курандын тилиндеги*

жихад түшүнүгү далкелбегендиктен, ата-энелердин перзенттеринен, жакын туугандарынан, эң кымбат өлкөлөрүнөн ажыроосуна себеп болууда.

Аннотация: *В настоящее время в результате ошубочного понимание термина джихад в Исламе (в других западных странах) гибнут невинные люди. Действительно, в нескольких странах мусульмане не вполной мере понимают объяснение включающее этот термин. В изучение Корана начиная аятов, священных сведений велис объяснительние работы, касающиеся джихада. По существующим данным в настоящее время в последствий не совпадения пониманий некоторых мусульман о джихаде приводит к разлуке родителей от детей, близких и самой дорогой страны.*

Abstract: *Is now due to the erroneous understanding of other western countries the the term jihad in Islam perish innocent people. Indeed several countries. Muslims do not fully understand the explanation of this term. In the study of the Quran, the beginning the verses in the sacred information, explanatory works were concerning jihad.*

Ачкыч сөздөр: *Жихад, Ислам, тынчтык, жихадка чыккандар, фитна(ушак-айын), согуш.*

Ключевие слова: *Джихад, Ислам, мир, вышедшие в джихад, война.*

Key words: *Jihad, Islam, peace, out for jihad, war.*

Жихаддын сөздүк мааниси, куч-кубат сарптоо, түйшүк, ал-абал деген түшүнүккө келет.[2;б133-135] Ал эми терминологиялык мааниде, Аллах жолунда жан, мал-мүлк, дил, калем сыяктуу нерселер менен күч-кубат сарптоо дегендик[4;б863-865], диний буйруктарды үйрөнүп, ага карата жашоо кечирүү жана башкаларга үйрөтүү[3;б55538], жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтарууга аракет кылууу[10;б4], бир мусулмандын болгон күч-кубаты,аракети менен күрөшүүсү жана акыйкатты жарыкка чыгаруусу.[1;б547] Жихад, инсан жашоосунда чындыкка жетишүүдө, күч-кубат сарптоо десек жаңылышпайбыз. Мисалы:бир окуучунун жихады бул, анын окууларын мыкты окуусу дегендик, бир мугалимдин сабагын адилеттүү жетектөөсү, ошондой эле акимдин адилеттүү болуусу сыяктуу, өз ишинин устасы,кожоюну катары аны ишке ашырууда күч-кубат сарптоосу деген маанилерге келет. Жихаддын Куранда колдонулуу түрлөрү ар кандай.

Али Имран сүрөсүнүн 142-аятында төмөндөгүчө буйрулат:"Эй момундар же Аллах силердин ичиңерден ким (Туура жолдо) күрөшкөн, ким сабыр таакат кылганын таптакыр билбей туруп бейишке киребиз деп ойлодуңарбы?" Бул аятта жихад коргонуу маанисинде колдонулат. Эң күчтүү жихад бул, инсандын напси менен күрөшүүсү жана напсинин арзуу-каалоолоруна каршы күрөшүүсү. Мусулман, чыныгы жихадды напсине каршы жумшайт. Аллах Таала Курандын Хаж сүрөсүнүн 78-аятында:"Аллах жолунда чыныгы жихад менен жихад кылгыла?деп буюруган. Бул аяттагы жихад кылуу темасына байланыштуу рываятка караганда Азирети Хасан, жихад бул, бир гана кылыч менен эмес, адилет, ыклас менен аракеттенүү, жаман ниеттерден алыс болуу жана жалкоолуктан арылуу сыктуу маанилерди түшүндүрөт.[4;б504]Бул аятта да, жихад сөзү напси менен күрөшүү деген маанини билдирет. Себеби момундардын согушуу аркылуу күрөшүүсү жетишсиздик кылат. Жихад менен жасалган согуш аяктайт бирок, зордук зомбулуктар, кыйынчылыктар эч качан бүткүс сыяктуу ар түрдүү жана улантып турат. Ар күнү каршыбызга чыккан бир топ кыйынчылыктар бар. Мусулмандардын күнүмдүк турмушта, бирге жашаган коомдогу инсандардын напсилеринен жана ар түрдүү өзгөчөлүктөрүнөн улам пайда болгон инсандарга тиешелүү мүнөздөрүнө сабыр-таакат кылуусу жихад болуп саналат. Ошондой эле Аллах Таала Анкабут сүрөсүнүн 69-чи аятында төмөнкүчө буюрат: "Биздин жолубузда жихад кылган-күрөшкөн заттарды албетте Өз жолубузга баштайбыз. Ырасында, Аллах көркөм иштер кылуучу заттар менен бирге!

Абу Сулайман Ад-Дарани мындай деген:Жогорудагы аяттан маалым болгондой, жихад бул, бир гана каапырлар менен согушуу эмес, ошол эле учурда анын динине жардамдашуу. Башкача айтканда анын(туура эмес) жаңылыш пикирлерин четке кагуу жана заалымдардын башатын туп-тамырынан жоюу дегенди түшүнөбүз.

Аллага моюн сунууда, напсибиз менен күрөшүүбүз башкача айтканда напсинин айтканына баш ийбөө бул чоң жихад болуп саналат.[5;б364-365]Жихаддын дагы бир башка мааниде колдонулганы Куран жана илим менен жихад кылуу болуп саналат. Дүйнөдөгү бүткүл жамандыктардын себеби билимсиздик. Адилеттүүлүккө жетүүнү каалаган ар бир инсан, билимсиздиктен кутулушу керек. Илим-билимдин далилдерине таяна турган болсок, курал-жарак аркылуу жихадка чыгуу мүмкүн эмес. Ошондой эле Фуркан сүрөсүнүн 52-аятында: “Аларга каршы чоң күрөш жаса” деп буюрат. Адамзатты жараткан Аллах Таала,аларды бул дүйнөда да, акыретте да бактылуу болуусу үчүн, бизге Кураны Каримди Пайгамбарыбыз Мухаммад(с.а.в) аркылуу жиберип, бизге жол көрсөткүч кылды. Кураны Каримди окуп, ага карата амал кылган инсандар эки дүйнөдө тең бактылуу болушат. Бүткүл ааламга акыркы Пайгамбар катары жиберилген Азирети Мухаммед(с.а.в) толгон-токой ахлаксыздыкка, зулумдукка каршы күрөшкөн жападан жалгыз Пайгамбар болгон. Ошондой эле Ал(с.а.в) Аллах жолунда күрөшүүнүн мыкты жолун көрсөтүү менен бирге, Аллах тарабынан жиберилген бирок адамдар тарабынан өзгөртүлүп, өз касиетин жоготкон диндерге каршы жихад кылып, Аллахтын эң акыркы Пайгамбары катары Аллахтын бар жана жалгыздыгына чакыруунун мыкты жолун көрсөткөн. Жихад мал-мүлк менен дагы жасалат. Аллах Тааланын берген мол ырыскыларынан, мал-мулкүнөн, байлыгынан Аллах жолуна сарптоо бул жихад болуп саналат. Аллах Таала Тооба сүрөсүнүн 41-аятында төмөндөгүчө буйурат:”Эй момундар!мейли жеңил, мейли оор абалыңарда(тактап айтканда кааласанар да, каалабасанарда) согушка чыккыла жана мал-жанынар менен Аллах жолунда күрөшкүлө! Эгер билсеңер, мына ушул өзүңөр үчүн жакшыраак.”

Дүйнөдө бардык нерсе акча менен жасалат.

Ошондуктан байлык менен жасалган жихаддын ролу зор. Мусулмандардын, Ислам дининин улуулугу үчүн ар түрдүү мал-мүлк, байлыгынан Аллах жолуна каржоосу жихад болуп саналат. Жогоруда Тооба сүрөсүнүн 41-аятында согушуу да жихад деген маанини түшүндүрөт. Душман тарап баш-өтү менен согушууну кааласа, мусулмандар да карап отурушпай коргонуусу кажет. Анткени бул, Аллахтын буйругу.

Басып кирген душмандар күч-кудуреттүү абалда болбосо, анда курал колдоно алган аял-эркек, жаш-кары дебей бардык мусулмандарга согуш парз болуп саналат. Ал эми душмандардын күчсүз абалда болгондугу байкалса, анда согушуу кифая парзы болуп эсептелет. Мындай учурда болгон армиянын согушуусу жетиштүү болот жана калган адамдар согушпаса да, күнөөкөр болушпайт.[6;б2502]

Илимий жана рационалдык далилдер, сөздү түшүнө билген, ынсабы барлар үчүн айтылган. Мындай нерселерди билбеген, ар кимдин акысын тебелеген, мүмкүнчүлүктөн пайдаланып бирөөнүн акысына кирген адамдарды кылыч, курал-жарак колдонуу менен гана токтотууга болот. Андыктан, мындай акыл-насаат укпаган жана кумарданuу каалоолорун ишке ашырууларынын жанында жамандыктын эң кичинесин жасаганга барабар болот. Жихадды бир гана Аллах жолунда, анын ыраазылыгы үчүн жасалуусу зарыл. Анткени жихад башка максатта жасалса, мындан да чоң дүрбөлөңдөрдүн чыгуусуна себеп болот. Акыйкатта, жакшылыкка тоскоол болгон нерселер түп тамырынан бери жоюлганда гана, Ислам динибиз, бүткүл адамзаттын жан-жабыла келишип, кабылдай турган жалгыз гана акыйкат дини болуп саналат.[4;б166-167]

Аллах Таала Мухаммед сүрөсүнүн 31-аятында мынтып айтат: “Албетте Биз, тээ силердин араңардагы(Биздин жолубузда мал-жандары менен) жихад кылуучу жана жакшы-жаман күндөрдө сабыр кылуучу заттарды билгенибизче, дагы силердин ал-кабарыңарды текшерип жүзөгө ашырганыбызча, силерди сынайбыз” бул аятта “Мужахид” деген сөз “жихадка чыккандар” деген мааниде колдонулат.[7;б119]

Жихад “мажбурлоо” деген мааниде дагы колдонулат. Аллах Таала Лукман сүрөсүнүн 15-аятында мынтып буйрумакта:”Эгер (ата-энен) сени өзүң билбеген нерселерди Мага шерик кылууга мажбурласа анда аларга баш ийбе! Аларга (мейли

мусулман болушса да, каапыр болушса да), дүйнөдө жакшы мамиледе болгун жана өзүң Мага тообо-зар кылган кишилердин жолунан ээрчигин! Кийин (Кыямат Күнүндө) Өзүмө Кайтасыңар, анан мен силерге кылып өткөн ишиңердин кабарын беремин". Бул тууралында Пайгамбарыбыз (с.а.в) бир хадисинде: "Аллахга каршы чыгууда эч кимге баш ийбегиле. Баш ийүү бир гана жакшылык менен гана болот"[11;б1]

Жогорудагы аятта жихад, мажбурлоо, кыйноо маанилеринде колдонулат. Алгач Аллага баш ийүү андан соң, ата-энебизге баш ийип, алардын кызматын кылууда сабыр кылуу керек. Бирок Ислам дининен чыгуусуна, Аллахга шерик кошууга мажбурласа, аларга баш ийбейбиз. Бул тууралында төмөнкү Бакара сүрөсүнүн 256-аятында Аллах Таала эч бир адамды динге кирүүгө зордоого болбостугун, өз каалосу менен кирсе болоорун буйруган :"Бул динде зордоо(тактап айтканда, Ислам динине зордоп киргизүү) жок. Анткени туура жол адашуудан ажырап болду. Демек ар кандай шайтанга каапыр болуп, жалгыз Аллага ыйман келтирген адам гана, эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот. Аллах угуучу, билуучу!"

Айтууларга караганда Салим бин Авфтын балдарынан болгон Абу Хусейндын эки уулу бар эле. Алар Исламга чейин, християн динин кабыл алышкан эле. Качан алар Мадинага кайтып келгенде, атасы аларды мусулман болмоюнча эч бир жака жибербестигин айтат. Ошентип алар, Азирети Мухаммед(с.а.в)га келип бири-биринен арыздана башташат. Ошондо атасы:"Мен балдарымын көз көрүнө тозокко түшүүсүн каалабаймын"-деди. Ушул окуяга байланыштуу жогорудагы аят жиберилген. Андан соң атасы балдарын бош коё берген экен. Анткени, Ислам динине "Динде мажбурлоо жок" деп айтылат: Аллах Таала Юнус сүрөсүнүн 99-аятында:"Эгер Роббин каалаганда, бүткүл жер жүзүндөгү бардык адамдар ыйман келтирген болушар эле. Акыры сен адамдарды момун болууга мажбур кыласыңбы? Аяттан маалым болгондой, ыйман иши жүрөккө байланыштуу болгондуктан, аны эч ким ьажбурлоого акысы жок. Төмөнкү Кахф сүрөсүнүн 29-аятында болсо Аллах Таала мынтып айтат: "Айткын:"Бул Куран Роббиңер тарабынан келген чындык. Демек, каалаган киши ыйман келтирсин, каалаган киши каапыр болсун". Ырасында, Биз заалым-каапырлар үчүн жалындары тозокуларды ороп-чулгап ала турган тозокту даярдап койгонбуз. Эгер алар (чанкоонун күчтүүлүгүнө чыдабай суу сурашса, кызытылган май сыяктуу жүздөрүн күйдүрүүчү суу берилет. Кандай гана жаман ичимдик, кандай гана жаман жай!

"Ислам кылыч менен жайылган" сөзүнө жооп катары ушул далил боло алат. Анткени Хижраттан мурун мусулмандар намаздарын жашыруун окушкан. Бул аят Хижраттан үч жыл кийин жиберилген жана динде мажбурлоо жоктугун баянбаган. Согуштар болсо да, ал согуштар мушриктердин(Кудайга шерик кошкондор) ушак-айындырын таркатуудан узак болуусу үчүн. Ошондой эле алардын мусулмандарды коё берүүлөрү үчүн болгон.

Жогорудагы аяттарга көз салатурган болсок, жихад сөзү бир гана согуш маанiге келбейт. Ислам дининде Аллах Таала Куран аркылуу бенделерине жол көрсөтүүдө.

Азыркы күндө болсо бул аяттагы буйрукту жакшы түшүнүп изилдебей туруп жашоолорунда ишке ашырууда. Албетте мунун акыбети көрүп тургаңыздардай аяктап жатат.

Адабияттар:

1. Arslan Ali, Büyük Kur'an Tefsiri,İstanbul tarihsiz, XI
2. İbn Manzur, Lisanu'l-Arab, Beyrut.1994.
3. İbn Kesir, Hadislerle Kur'anı Kerim Tefsiri- İstanbul. 1991.
4. Elmalılı Hamdi Yazır, Hak Dini Kur'an Dili- İstanbul tarihsiz.- II.
5. El-Kurtubi Abu Abdullah, El-Camiu Liahkamil-Kur'an, Beyrut.1965-1993.
6. Yıldırım Celal, İlmin Işığında Asrın Kur'an Tefsiri.- İstanbul tarihsiz.
7. Fahruddin Er-Razi, Tefsiri Kebir(Mefatihu'l-Gayb).-Ankara.1988-1995.

8. Ebu'l-Ala Mevdudi, Tefhimu'l-Kur'an Tefsiri. -İstanbul tarihsiz.1997.-III.
9. İldeş, Mehmet Fatih, Kur'an'ı Kerim'in Cihad Ve Teröre Bakışı,Yayınlanmamış Yüksek Lisans Tezi.-Ankara.2008.

УДК: 347.167.1.

Халматова Г.А., магистрант, ОшМУ

КУРАНИ КАРИМ АЯТТАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖИХАДКА УРУКСАТ БЕРИЛГЕН АБАЛДАР

THE CASES OF PERMISSION FOR JIHAD ACCORDING

